Ноокат маданиятынын тарыхы жөнүндө

# *Кылым улгайткан чыйыр жол*

Ош — 2012

УДК 81/821.0
ББК 83.3 Ки
Н 63

Н 63 Ноокат маданиятынын тарыхы жөнүндө «Кылым улгайткан чыйыр жол» Ош., 2011. 108 б.

ISBN 978 - 9967 - 03 - 590 - 4

*Бул китепчеде Ноокат районунун маданият бөлүмүнүн 1934-жылдан биздин күндөргө чейинки коомдук-маданий, тарыхый –эстетикалык абалы чагылдырылган. Мында Ноокат элинин таланттары, маданият ишмерлери жөнүндө баяндалат. Кээ бир тарыхый фактылар, материалдар маданият бөлүмүнүн кызматкерлери тарабынан топтолду.*

Н 4602040000 – 11

УДК 82/821.0
ББК 83.3 Ки

ISBN 978 - 9967 - 03 - 590 – 4

© «Ноокат маданияты»


80

эле пайда болгон. Жергиликтүү жашоочулар өздөрүнүн маданиятынын туу чокусун ташка чегип жазуу менен далилдешкен. Ал кезде маданияттуу адамдар кат таанышкан жана алар ташты пайдаланышкан. Алардын маданияты, адабияты, искусствосу ташка байланыштуу болгон.

Ноокат жери орто кылымдарда (IX-X-кылымда) Исмаил тукумунан тараган (арабдардын түпкү атасы) белгилүү сүрөтчүлөр, соодагерлер мекендеп, бул жерлер аркылуу байыркы Самарканд, Хорезмге соода иштери боюнча ушул Ноокат аркылуу өтүп турушкан. Байыркы Ноокаттын жергиликтүү калкы түрктөр, кыргыздар болушкан.

Айрым тарыхый булактарда Ноокаттын байыркы жашоочулары арабдар деп айтылып жүрөт. Балбал таштарда, мүрзө бетине койгон эстеликтерде араб жазуулары табылган. Муну эне тилибизге которгондо маани-маңызы жаңы катты түшүндүргөн. Жаңы кат жазуулары XI кылымда пайда болгон, ал эми араб саякатчысы абу Исхак Ибрагим Ибн Мухаммад аль Истрархинин китаб масалик ал мамалик деген 930-933 жылдардагы бул жерлер тууралуу жазганда Нокад (нукад, некад деген варианттары кездешет). Демек бул аталыш араб жазуучуларына таандык. Башка варианты фарс тилинен которгондо «Жаңы кат», «Жаңы жазуу» деген маанини билдирет. «Ноо»-деген сөз «кууш жер», «түтүк сыяктуу» деген мааниде айтылат. Ушундан улам жергиликтүү калк бул аймакты ноокой деп атап коюшкан.

Ноокат маданияты коло доорунан бери келе жатат. Анын өнүп-өсүү тарыхы кийинки муундардын жасаган иштеринен көрүнөт. Атап айтсак улуу октябрь революциясы жеңгенге чейин эле ноокаттыктардын маданияттуу калк болгондугу орус тарыхчылары тарабынан айтылып жүрөт. Бул чөлкөмдө эски искусство чеберлери, адабиятчылары, маданиятты тануучулар аны изилдөөчүлөр кескин түрдө көбөйгөн. Булардын аты-жөнүн, жасаган эмгектерин кийинки темаларда чагылдырабыз.

Чындыгында маданиятсыз эл байыркыдан бери белгисиз журт болуп, акырындык менен жер бетинен алардын ысымы өчүп кеткен. Маданият – бул инсандын ички мүнөзү, элдин түпкү накыл-нускасы. Маданият менен дүйнөгө таанылып,

улуттун ар-намысын жана жигердүүлүгүн иш жүзүнө ашырып, анын тулку боюн, сырткы дүйнөсүн даңазалайт. Ар бир кишинин жан дүйнөсү маданиятка тыгыз байланыштуу. Маданиятты ыйык китептен баштап, макалчы-жамакчыдан аяктап көргөндө инсандын жашоосу жалаң эле түйшүктөн эмес, маданияттан да турат. Адамдын денеси үчүн нан керек болгондой, анын руху үчүн жан дүйнөнү байыткан маданият керек. Ал маданиятты кантип пайда кылабыз? Эгерде адамдын руху жакыр болсо, ага дүйнөдөгү эң жакшы нандан көрө, ага жакшы сөз, жакшы ой, асыл маданият артыгыраак болот. Адам ачкалыктан чыгуунун жолун билет, бул – нан. Адам нанга тоюп, рухий байлыкка тойбосо, ал байлыкты кайдан алат? Бүткүл аалам ушул теманын алкагында ой жүгүртөт. Адам бир гана денеден эмес, рухтан турарын да унутпашыбыз керек.

Ноокаттын маданиятын түптөгөн инсандардын алгылыктуу иштери, алардын маданиятка сиңирген эмгеги абдан чоң. Совет бийлигинин тушунда маданият тармагында эбегейсиз өзгөрүүлөр болгон. Анда эмесе сөз ирээти менен болсун.

Белгилүү тарыхчы Л.Жусупакматовдун «Ноодогу кат» деп аталган илимий эмгегинде Ноокат аталышынын келип чыгышы анын тарыхы жөнүндө кеңири айтылат. Биз ушул эмгекке бир аз токтолсок.

«Чили-Сай чиймелери тегин көрүнүш эмес. Алар ар кандай байыркы сүрөт жазмалар кандайдыр бир семионтикалык системага барабар болгондой эле өзгөчө бир түшүнүккө ээ жазма. Ушундай эле ал байыркы Орто азиялыктардын ой-түшүнүгүн күбөлөп турат, алардын дүйнө кабылдоолорун билдирет. Ошол эле учурда бул сүрөт-жазма байыркы орто азиялыктардын, жалпы эле азиялыктардын сүрөт-жазмасына теңдеш жазма, же болбосо аны территориалдык жактан болгон өзгөчөлүгү десе болот.

Чили-Сай чиймеси – байыркы сүрөт-жазма коло дооруна таандык жазма. Ал бери болгондо биздин эрага чейинки бир миңинчи жылдын агымында бүткөн жазма. Бирок бул түшүнүктү белгилүү бир чек менен кароо ыңгайсыз. Анткени бул жазма эки чоң бөлүктөн, б.а. сүрөт-жазма жана үн жазуу (фонография) бөлүгүнөн турат. Булардын биринчиси жогорку

бүтүм, коло доор бүтүмү. Ал эми алардын экинчисине келгенде, бул көрүнүш байыркылардын согды, түрк жана араб жазмаларына окшош келери байкалат. Чындыгында бул жазма байыркы учурдун үч доорунда согды, түрк жана Орто Азияга араб маданиятынын келип кирүү учурунда бүткөн болуу керек.

Ай алкагындагы байкоодо жер берилгендей өңдөнөт. Жер демекчи байыркылар муну илгертен эле дал ушундай белгилешкен, айлана түрүндө, бир чекиттүү айлана түрүндө, түндүк-түштүккө, батыш-чыгышка бөлүнгөн айлана түрүндө, көп кесиндилүү айлана түрүндө белгилешкен. Мындан тышкары муну байыркылар төрт бурч тартып таанышкан, кээде анын ортосунда чекит коюп беришкен. Негизгиси алар муну менен жер, аймак, борбор, чек, чек ара деген маани-маңызын туюнтушуптур. Мына ошол сүрөт–жазмадагы жогоруда белгиленген ай чектери да кошо айкындап турат, же болбосо булардын өзү эле белгилүү бир аймак абалдарына ээ.

Биздин оюбузча сүрөт-жазма Г.А.Помаскина белгилегендей чарба чагылышы эмес, байыркылардын деңизде сүзүү үчүн түзүшкөн жол чиймесине карата, карта чиймесине, карта схемасына жакын жана аны эске салып турат. Бул биринчиден. Экинчиден буга байыркылардын сүрөт-жазма четине ажыдаар баштуу кеме элесинин түшүрүлүшү.

Анан да муну андагы эчки, тоо эчки элестеринин түрдүү калыпта болгон түшүрүлүшү билдирет. Ушундай эле муну булардын ортосуна келген аргымак ат элеси, жылкы элеси ынатат жана анын жон ченине чегилген казык калып кабардагансыйт. Башкысы булар байыркылардын багыт белгиси сыяктанат. Алардын мухитте деңизде сүзүүгө керектелүүчү жылдыз белгилери, кыймылдуу жылдыз – Теке жылдыз жана Алтын-Казык, ошондой эле байыркылардын ой-түшүнүгү боюнча ага байланган Ат жылдыз, Аргымак жылдыз кебетеленет. Булардын ичинен теке жылдыз алдыңкы эки белгини аныктап тургансыйт, алардын, Алтын-Казык, ошондой эле байыркылардын ой-түшүнүгү боюнча ага байланган Алтын-Казык тегерегиндеги болгон айланышын

билдиргенсийт.

Мына ошондуктан ал ар түрдүү абалда чегилгендей өңдөнөт. Мындай жылдыз жылуулар Ноодогу кат сүрөт-жазмасында арбын. Андыктан булардын акыйкаттыгына сөз келтирүү анчейин. Бул эки туюнтма бир доорго барабар, байыркылардын коло доордогу аалам таянуу абалына, Ай, Күн, жылдыз, жер үйрөнүү, билүү, жазуу, сүрөт түрүндө жазуу дооруна барабар. Муну менен биз, байыркы орто азиялыктардын, анын чегинен Ферганалыктардын, Фергана өрөөнүндө жашаган эл журттун аалам таануучулук акыл-эсин, илим-билимин айтмакчыбыз, алардын методологиялык жактан болгон биримдигин, тарыхый доорго чейин келип чыккан жалпылыгын айтмакчыбыз. Баса, бул көрүнүш айкын көрүнүш. Байыркы Египет, Индия, Кытай эл маданиятына мындай маданият эрте кирген.

Ноокат өрөөнү деңиз деңгээлинен 1200-1500 метр бийиктиктеги аймак. Андыктан бул жерден Саманчынын жолу анан Аалам мейкининдеги экватордук абалы жана анын Жер экваторуна карама-каршы келүү элеси ачык көрүнөт. Бөтөнчө Чолпон, Чоң Жетиген, Кичине Жетиген, Үчкаркыра, Үркөр, Алтын, Аркар ж.б. у.с. жылдыздардын бул ойдуңундагы астрофизикалык кыймылы жана алардын жогорудагы биз белгилеген чокуларга карата болгон багыттары айкын жана элестүү.

Сахава менгирлери жана капчыгай алды Боз-Бөлтөктөгү жер алды таш үй, Сахава менгирлери биз белгилеген желелер жана корумдар, алардын комплекстик биримдиги. Сахава аймагындагы кыштак түзүлүшүнөн илгери пайда болгондой көрүнөт. Бери болгондо ал биздин эрага чейинки замандын 1 миңинчи жылдарында эле бүткөн болуу керек.

А мүмкүн анын 2 миңинчи жылдарына да илешер, кандай болсо да бул бөтөнчөлүктүн байыркылыгында талаш жок.

Сахава менгирлеринин тышкы алкагы азырынча изилдене элек. А түгүл булардын бар экенидиги жөнүндө атайын кабар да жок. Маселен анын бирөө биз сөз кылган багыттагы аймактын түндүк-түштүк ордун чектеген батышташ желе. Булар биринчиден аталган аймактын эки жагына эки чоң таш коюу менен чектелсе, экинчиден булардын ортосунда

азыр ушул күнү бүгүн да аздыр-көптүр сейрек майда таштардын бардыгы менен мүнөздөлгөнсүйт.

Ошондой эле бул менгирдик абсерваторияньн өнүгүүсүндөгү ири архитектуралык курулушка окшошот. Андыктан муну үйрөнүү жана анын өрчүп бара жаткан калыбын тез аранын ичинде сактап калуу археология илиминин калтырылгыс жумушу десек жаңылышпайбыз.

Бул белги Чили-Сай ноо чиймесине канатташ белги. Сахава мегирлеринин ички алкагы анын тышкы алкагынын болушун шарттагандай эле, борбордук алкагынын болушун да мүнөздөп тургандай. Бирок анын бул алкак чегинин идеалдуу жана анын келтирилген айлананын борборунда жаткан калыбы жөнүндө азырынча кабар жок. Буга карабастан андагы устун таштардын бардыгын жана алардын бул тегиздиктен алган орду ой козгойт.

Биз сөз кылмакчы болуп жаткан устун таштар аталган алкак бетинин орто чегинен орун алган. Атап айтканда устундар турган жер бийлик дөңсөө. Кыязы, аны атайын байыркылар которгон болуу керек. Айтмакчы бүгүнкү күнү анын мындай калыбы байкалбайт. Жергиликтүүлөрдүн билдирүүсүнө караганда булардын төртөө дөңсөө үстү менен бирге күбүр ичине көчүп түшөт. Ал эми үчөөнүн барлыгы ырас эмес.

Биздин оюбузча, таш үй жергиликтүү элдин назарын өзүнө бурган. Чили-Сай аска ноосуна туш чыгарылыптыр. Анан да жергиликтүүлөр бул эки үңкүрдүн оoздору өз учурунда ак жалпак таштар менен жабылып туруучу эле деп кабарлашат. Ушундай эле алар бул эки кабаты бириктирилген өткөөл да болгон болуу керек эле деп айтышат. «Ичине киргенде – дейт күбөлөр, күүлдөгөн доош чыгып турар эле» дешет. Биздин оюбузча бул добуш Чили-Сайды жара тээп агып жаткан дарыянын шары, шарылдаган жаңырыгы болууу керек –дейт Л.Жусупакматов.

Натыйжада Ноодогу катты ушул күнгө дейре окумуштуулар изилдеп келе жатышат. Мында байыркылардын илиминен кабар берип турса да бул чиймелер табышмактуу бойдон калууда. Тагыраак айтканда астрологиялык, астрономиялык илим изилдөө коло доорунан бери келе жатса,

ошол кездеги жергиликтүү жашоочулар кыргыздар болгонбу деген суроо туулат.

Жергиликтүү калк жалпысынан кыргыздар эмес деп тыянак чыгарууга болот. Мындай ташка чегип жазуу маданияты байыркы Мисирде пайда болгон деп кабарланууда, демек бул жердин байыркы жашоочулары араб өлкөлөрүнөн, жалпы Азиянын чыгыш –түштүк тарабында жашаган түрктөшкөн уруулар. Магок-бул жайылуу, бүлөнүн көбөйүшү дегенди билдирет. Демек алардын түпкү атасы Магок. Магок дээрлик чыгыш элдеринин атасы. Ал эми Магоктун аталары Жапет бул Нухтун неберелеринин бирөөсү.

Бул тарыхты терең ачып көрүүгө мутажбыз. Ноокаттын байыркы жашоочулары түштүк чыгыш араваиядан бери көздөй жашоо үчүн ыңгайлуу жерди издеп келген уруулар деп корутунду кылсак болот. Кийинчерээк бул чөлкөмдө сүннөткө отургузулгандар массалык түрдө көбөйүп, жергиликтүү эл болуп калат. Буларга аравиянын түрктөшкөн барлас уруусундагылар, түрктөр, азыркы монголдордун байыркы аталары деп аталган Шемек. Бул элдердин маданияты сүннөткө отургузулгандардын баары жергиликтүү калк болуп калды дегенди билдирбейт. Жалпысынан алганда сүннөткө отургузулгандар буркандарга, сөлөкөттөргө, тоо-ташка, өрткө табынуучулар болуп эсептелбейт. Ал эми Ноодогу катта кабарлагандай жогоруда аталгандарга сыйынып, аларга табынгандар болуп эсептелет. Андыктан бул жерди илимге ынтызар болуп жашаган маданияттуу калк мекендеп жашаганы айкын. Муну биз байыркы арабдардын арасында илимге чаңкаган адамдары көбүрөөк кезиккен деп билебиз, демек ошол кезде мекендеп кеткен калкты арабдар деп эсептейбиз. Арабдар Ислам дини орногонго чейин шаман дининин негиздери боюнча жашашкан. Алар жердин кантип, кандай жаралганына катуу кызыккан. Жерди тегерек деп изилдешкен, кийинчерээк батыш окумшутуулары тарабынан жер тоголок, жантайыңкы акыбалда экендиги аныкталган.

«Жогорудагы сөзгө кайрылсак Ноодогу кат сүрөт-жазмалардын ичинен жыйырманчы сүрөт-жазма экен. Он алтынчы сүрөт-жазмада жердин Казанбак калыбындагы берилиши, Жер, жердин чыгышка болгон жантайыңкы калыбы,

Жер огу, же болбосо аны көтөргөн Кудай кылып жана жерди курчаган асман, ошондой эле андагы жылдыздар жана андагы жаткан уй, же бука, күн араба тарткан уй, же бука болуп берилсе, айрым сүрөттө жердин кебете-кешпири, айлануусу кабардалгансыйт. Кыскасы Ноодогу кат археологиялык эмгек. Ноокат элинин маданияты, үрп-адаттарына ылайык келет. Коло доорунан калган илим туткасы болсо да, азыркы, өткөн убакта жашаган Ноокат элинин астрономияга жакын эл экенин баса белгилөө керек. Ноокаттыктардын улгайган адамдары, күн, ай, жылдыздарды карап жылдын кандай болорун аныктай алышат.

Ноокат району тарыхый эстеликтерге бай аймак. Анда бир гана палентологиялык же болбосо, архитектуралык жактан болгон маалыматтар эмес, пиктографиялык, монемографиялык, идеографиялык жана фонографиялык белгилер да учурайт. Булардын ичинен маселен, сүрөт-жазуулар, (пиктография) Кара-Кой, Алтын Казык, Кыргыз-Ата, Оюлма, Гис-Коргон, Ак-Төө, Жаңы-Ноокат аймактарында жолукса, фонографиялык белгилер Ноокат өрөөнүнүн жалпы эле элдүү аймактарында арбын. Бөтөнчө бул белги анын Жаңы-Ноокат багытында мол.

Анткени бул жердеги жазуулардын арбын болору IX-X кылымдан кеч эмес жазылган. Мындай жазуулардын бири Сахава бейитиндеги бир көрүстөндө коюлган таш кылыч, андагы маркумга карата чегилген астрологиялык (диндик түшүнүктөгү) аалам наамасынын бардыгы андагы буга шайкеш жаткан күбөнаама түрүндөгү фонограмманын берилиши, аны чагылткан тамгалар байыркы египеттиктердин, ошондой эле шумердиктердин ой жазуусуна окшоштугу бөтөнчө кызыктуу. Мунун өзү Ноокат аймагындагы байыркы маданияттын башаты терең жана көп тармактуу дегендикке алып барат, байыркы Вавилон, ошондой эле шумер менен байланыштыкта дегендикти билдирет. Маселен буга биздин эрага чейинки 1301 жылы жашап өткөн падыша Сети I жана 1400 жылы коюлган маркум ханыша Хатшепут сыяктуу байыркы вавилондук падышалар табыт капкагына чегилген жазуулар, биздин эрага чейинки 1400 жылдары колдонулган египеттиктердин суу саат идиштериндеги профилдер окшош,

аны жакынкы Чыгыштан алынып келинген байыркы маалымат деп түшүнүүгө болбойт.

Тарыхый байланыш доордун жемиши же болбосо коло доор жана ага болгон элибиздин байыркы астрологиялык ой-туйгусу демекчибиз.

Ушундай эле буга жогоруда биз сөз кылган Сахава аркысы, андагы менгирлер, батыш багытынан орун алган төө-таштар, алардын азыр ушуга чейинки сакталып келе жаткан каз катар калыптары жана бири-биринен 50-60 метр болгон аралык чектери ишендирет. Муну менен бирге аталган таш кылыч, андагы жазуунун чегилиши, жалпысынан алганда анын өзүнүн бүтүшү жана маркумга коюлушу жогоруда эскертилген вавилондук же болбосо шумердик эстеликтерден эрте же кеч эмес жаратат дегендикти билдирбейт.

Жыйынтыктап айтканда, биз сөз кылып жаткан таш кылыч жана андагы менгирлер, а түгүл төө таштар элибиздин маданиятынын байыркылыгын билдирет. Башкача айтканда, анын теги Сахава таш жылдыздарынын чегилишинен алда канча эрте бүткөн, же болбосо жогоруда биз белгилегендей, анын бул табияты Сахава таш жылдыздарынын жаралышына бирден бир тарыхый негиз болот демекчибиз.

Ноокат районунун көтөрмө дөңсөсүнөн табылган маалыматтар Кароол-Дөбөдөн табылган экспонаттарга окшош. Бирок азырынча археология илимине белгисиз экендиги жана ал дөңсөгө Ноокат районунун Тельман колхозу өзүнүн ишкана имаратын салып алышы, имарат жер пайдубалы коюлуп жаткан учурда андан чыккан ар түрдүү археологиялык табылгаларга көңүл бөлбөстүгү кейиштүү.

1972-жылы колхоздун бул имаратын куруп жаткан учурда Тельман орто мектебинин физкультура мугалими Ташалиев Базарбай өзүнүн жеке менчик курулушу үчүн Көтөрмөдөн салдырып барган бир машина толгондон эле бир челек эски тыйындарды терип алган. Бул тыйындар IX-X кылым нумизматикасында чегилген. Мындай учурлар Ноокат районунда кем эмес. Маселен, анын ички иштер бөлүмүндө ар түрдүү белгидеги, ар түрдүү доорду күбөлөнгөн диркемдер жыйындысы сакталып турат.

Эгерде бул маалыматтар музейге, же болбосо кыргыз

илимдер академиясына жөнөтүлгөн болсо, элибиздин байыркы маданиятынын дагы бир бутагы такталмак.

Чили-Сай Ноосундагы жогоруда биз сөз кылган жылдыздар системасы, Чили-Сай ноосундагы таш жылдыздардын жаралышына болгон далилдер болбогондо түзүлмөк эмес.

Сөзүбүздүн аягында Сахава чиймелери жана андагы астрономиялык туюнтмалары элибиздин байыркы баа жеткис мүлкү дегенибиз оң.

Археологиялык маалыматтарга караганда Ноокаттын Кароол-Дөбө мүрзө сарай казынасы 1970-жылдарда табылган. Аны биринчилерден болуп жергиликтүү карыя байкайт. Буга ал өзүнүн өзүмдүк курулушуна жерди даярдап жаткан учурда урунат. Археологиялык баалуу маалыматтарга туш болгон карыя бул жөнүндө тийиштүү жерге билдирет. Ленинграддан профессор Ю.А.Заднепровский чакырылат да, Кароол-Дөбө казынасын казуу иштери башталат. Бул жай падыша мекендеген жер болуп аныкталган. Казуу иштери кызуу уланат. Окумуштуу Кароол-Дөбө мүрзө кабыр-сарай курулушу учурунда дүйнөдө өтө сейрек кезигүүчү көздөрүнө жакут чегерилген (элдин айтуусу боюнча) алтын короз жана ошондой эле булбул сөйкөнү адамдарга билгизбей катып алган. Аны окумуштуу Ленинградка алып барып эрмитажга өткөрөт. Тагыраак айтканда, ал аны сатат. Көрсө аны байлыкка башта жолуккан карыя адам тапкан экен. Негизгиси булар казуу учурунда табылган маалыматтарды калыбына келтиребиз, изилдейбиз анан кайра берип жиберебиз деген шылтоолор менен алып кетишет да, ошол бойдон түк көрсөтпөй коюшат.

Башка эле эмес мындай баяма улуу окумуштуу кадимки тилчи Гейкелге да мүнөздүү. Маселен, ал өзүнүн көптөгөн чалгындоолорунун биринде атактуу Талас жергесине келип, кадимки түрк жазмасы бар балбал таштарды өз өлкөсүнө өгүз арабаларга салып кеткендиги тарыхта белгилүү, аны эч ким тана албайт.

Ноокат, Баткен, Лейлек районундагы тарыхый эстеликтерди Фергана өрөөнүндөгү ат менен аңтарышууда. Бул аз келгенсип өткөн жылдары ферганалык тарыхый археолог окумуштуулар белгисиз кагаздын негизинде

Сулайман тоосундагы тарыхый эстеликтерди изилдешти. Ноокаттын Чили-Сай, Аравандын Дулдул-Ата аскаларына чегилген сүрөттөргө биз жүргүзгөн калыбына келтирүүнү өздөрүнүн атынан биз жасадык дешип, Оштогу мурас коругунун капчыгын кагып кетишти»-деп эскерет тарыхчы-изилдөөчү Л.Жусупакматов.

Тарыхчы «Ноодогу кат» эмгегинде Ноокат өрөөнүндө табылган тарыхый эстеликтер гана эмес, башка өрөөндөрдөгү тарыхый мурастарды өзүбүздүн жергиликтүү илимпоздордун эмгегин эске албай, Орусиянын, ж.б. өлкөлөрдүн окумуштууларынын колуна тарыхый мурасты изилдөөгө, казууга мүмкүнчүлүк берген өкмөттүн же жеке адамдын мүмкүнчүлүк берип койгону өкүнүчтүү жагдай экенин тарыхчы жашырган эмес. Тактап айтканда мурдагы тарыхый мурастар түштүк элинин байлыгы катарында эсептелет. Буга чейин бул табылгалар башка журтка таандык болсо да, азыркы мезгилде Ноокат элине таандык. Бул элдик байлык, аны эч ким менчиктей албайт, ал илимпоз болобу, падыша болобу, карапайым адам болобу бул мурастын жеке ээси боло албайт. Бул инициатива жалпынын кызыкчылыгы үчүн көтөрүлүп жана аягына чыгарылат. Анткени кимдер жерин, журтун сүйсө, анда чын эле жалпынын кызыкчылыгы, пайдасы үчүн инициатива көтөрөт.

## ТАРЫХ АДАМЗАТЫНЫН ӨТҮМҮШҮ ГАНА ЭМЕС, КЕЛЕЧЕГИ

Районубуздун калкын маданий жактан тейлөөнү жакшыртуу, жашоо маданиятын жогорулатуу, улуттук каада-салттарыбызды сактоо жана өнүктүрүү, искусствонун жана маданияттын жашообуздагы деңгээлин көтөрүү, жаш муундардын чыныгы инсандык сапаттарын калыптандырууда руханий жактан азыктандыруу максатында райондук маданият бөлүмүндө бүгүнкү күндө 1 райондук, 15 айылдык маданият үйлөрү, 1 райондук борбордук китепкана, 31 айылдык китепкана филиалдары, 5 балдар музыкалык мектептери, 4

музей элге кызмат кылууда.

Маданият бөлүмүндө жалпысы болуп 168 кызматкер иштейт. Алардан 2 кызматкер «Даңк» медалдын ээси, 7 кызматкер «Эл агартуунун мыктысы», 14 кызматкер «Маданияттын мыкты кызматкери» төш белгилеринин ээлери. 9 кызматкер «Кыргыз Республикасынын маданият жана маалымат министрлигинин «Ардак Грамотасынын» ээлери.

Калктын жашоо маданиятын көтөрүү жана маданий жактан тейлөөнү жакшыртуу үчүн, биринчиден - айылдагы маданий борбор болгон маданият үйлөрү менен китепканалардын, музейлердин, балдар музыкалык мектептердин имараттарын ремонттоп, жасалгалоо жана алардын материалдык-техникалык базасын чыңдоо багытында 2005-жылдан бери Кыргызата, Көкжар, Исанов, Кулатов, Караташ, Жаңыноокат айыл округдардагы маданий мекемелеринде бир топ жакшы иштер аткарылды.

Тарых муундан-муунга өтүп түбөлүк жашайт. Тарыхы бай Ноокат жергесинде элдин маданияты күндөн-күнгө өсүп-өнүгүп келе жатат. Эл тили жана маданияты менен өзгөчөлөнөт. Айтор мурунку чачырап жүргөн таланттар биригип, бүгүнкү күндө чоң сарайда өз-өзүнчө ансамблдерге айланган. Ноокат районундагы биринчи маданият үйү Көкбел айылында жана райондун борборунда Эски-Ноокатта 1948-жылдары салынып көчмө клубдар менен кино коюлуп, элдин маданиятын көтөрүүгө өз салымын кошуп турган. Согуш мезгилин чагылдырган кино тасмаларды элге көрсөтүүнү колго алышып, жер-жерлерде жайкы кино клубдар салынып, эл арасынан чыккан таланттардан агит бридагалар түзүлүп, жер-жерлерде эмгекчилерди тейлеп турган. Ошол уюштуруу, топтоштуруу, түптөө мезгилинде райондук маданият үйүнүн биринчи жетекчиси - Алимбеков Бөрүбай, азыркы Исанов айыл округунун тургуну болгон.

Райондук маданият бөлүмүн башкарып турган алгачкы жана азыркы жетекчилери:

1. 1948-1954-жылдары - Алимбеков Бөрүбай.
2. 1954-1959-жылдары - Давлетова Г.
3. 1959-1962-жылдары - Дуванаев Качыбек.
4. 1962-1968-жылдары - Айтматов Козубай.

5. 1968-1970-жылдары - Бекиев Доктор.
6. 1970-1976-ж. Ирисов Абдибаит.
7. 1976-1986-ж. Жамалов Ташбалта.
8. 1986-1994-ж. Темиралиев Өсөр.
9. 1994-1999-ж. Султанов Жаныбек.
10. 1999-2005-ж. Ураимова Жумагүл.
11. 2005-жылдан бери Султанов Жаныбек.

Ноокат райондук маданият үйүнүн тарыхындагы эсте каларлык орчундуу мезгилдер:

1948-жылы райондук маданият үйү түзүлгөн. 1960-жылы райондук маданият үйүнүн алдында элдик театр түзүлгөн. Ошондой эле элдик театр 1968-жылы Республикалык «Ала-Тоо жазы» фестивалына катышып, лауреат деген наам алган.

1968-жылы биринчи жолу көчмө клуб түзүлгөн.

1972-жылы Алтын-Булак ыр-бий ансамбли түзүлүп, ошол эле жылы кыргыз эл аспаптарынын республикалык кароо-сынагында байгелүү орундун ээси болуп, анда ансамбилдин солисткасы Кыргыз ССР Жогорку Советинин Грамотасы, Ленин комсомолунун Ардак Грамотасы, Кыргыз Республикасынын маданият жана маалымат министрлигинин «Маданияттын мыкты кызматкери» төш белгисинин ээси Арзыкан Камчыбекованын жыгач ооз комузда аткарган күүлөрү СССРдин телерадиосунун «Алтын фондусуна» жазылып, көп жылдар бою уктурулуп турулган.

1973-жылы «Алтын-Булак» элдик ыр-бий ансамбли Москва шаарында болуп өткөн Бүткүл союздук өздүк көркөм чыгармачылык коллективтеринин фестивалына катышып, 3-орунга татыктуу болуп келген.

1976-жылы Алтын-Булак ыр-бий ансамблинин алдында түзүлгөн агит бригада республикалык кароо-сынакка катышкан.

1970-80-жылдары районубуздун маданият тармагында жетишкендиктер өтө арбын болгон. Бул жылдары районубузда 1 райондук маданият үйү, 15 айылдык мамлекеттик клуб, 3 профсоюздук, 2 колхоздук клуб, 7 көчмө авто клубдар элге кызмат кылган.

Ар бир айылдык клубдарда өздүк көркөм чыгармачылык коллективдери, ийримдер иштеген.

1980-жылы азыркы Кыргызата айыл округунда (мурдагы Тельман колхозу) «Дастан» элдик ыр-бий ансамбли, Жаңыноокат айыл округунда Угулча Абдырахманованын жетектөөсү менен «Гулистан» ыр-бий ансамбли. Көкжар айыл округунда (мурдагы Көкжар совхозу) «Шолохо» ыр-бий ансамбли, Зулпуев айыл округунда (мурдагы «Россия» колхозу) режиссер Токтош Абыкеевдин жетекчилиги менен элдик театр түзүлгөн. Бул топтор союздук, республикалык деңгээлдеги өздүк-көркөм чыгармачылык коллективдеринин фестивалдарына катышып, лауреат болуп келишкен.

1980-жылы режиссер Токтош Абыкеев жетектеген элдик театр «Кызыл кандуу от кечкендер» аттуу спектаклди сахналаштырып, республикалык кароо сынакта I-орунду жеңип алган.

1980-жылы «Алтын-Булак» элдик ыр-бий ансамбли Украина Республикасынын борбору Киев шаарынын 1500 жылдык маарекесине катышып, лауреат болуп келишкен.

1987-жылы азыркы Кыргызата айыл округундагы «Дастан» элдик ыр-бий ансамбли Москва шаарында болуп өткөн эл чыгармачылык коллективдеринин бүткүл союздук фестивалына катышып, лауреат болуп келишкен.

1990-жылы райондук маданият үйүнүн азыркы имараты жаңы курулуп, пайдаланууга берилген.

1991-жылы «Алтын-Булак» элдик ыр-бий ансамбли Курманжан Датканын 180 жылдык маарекесине, 1995-жылы районубуздун таланттуу өнөрпоздору «Манас-1000» маарекесине катышкан. 1996-жылы «Алтын-Булак» элдик ыр-бий ансамбли Бишкек шаарында өткөрүлгөн «Ала-Тоо шаңы» республикалык фестивалына катышып, баш байгени жеңип алган.

1997-жылы Төөлөс айыл өкмөтүндө «Даңк» медалынын ээлери Нуркамилова Зуура жана Жороев Калилдин жетекчилиги менен «Уркуянын урпактары» этнографиялык ансамбли түзүлгөн. Бул ансамблге 2004-жылы «Элдик» деген наам ыйгарылган. 2000-жылы өткөрүлгөн «Оштун азем түндөрү» эл аралык фестивалында 3-байгелүү орунду жеңип алган.

2005-жылы райондук маданият үйүнүн алдындагы элдик театр республикалык кароо-сынакка драматург Г.Алиеванын «Эртең апамдын туулган күнү» аттуу спектакли менен катышып, түштүк регион боюнча баш байгени жеңип алган.

2006-жылы Кыргызата айыл округунда Кыргызата айымдары чебер ууз колдор жамаатынын алдында «Кыргызата айымдары» фольклордук-вокалдык тобу түзүлүп, 2007-жылы Кыргыз Академиялык драм театрында элге концертин тартуулап, кыргыз телекөрсөтүүсүнө тартылып келген.

2007-жылы Исанов айыл округундагы маданият үйү айылдык клубдар арасындагы «Эң мыкты айылдык клуб» аттуу республикалык кароо-сынакка катышып, 1 -орунду жеңип алган.

2008-жылы Кыргызата айыл округундагы Көтөрмө айылдык маданият үйү «Эң мыкты айылдык клуб» аттуу республикалык кароо-сынакта түштүк регион боюнча 1 -орунду жеңип алган.

Районубуз илгертеден эле таланттуу адамдарга бай болгон. Маданиятыбыздын өткөн тарыхында эмгеги сиңген таланттуу аталарыбызды атап кетсек: Мамаев Темир кошокчу-акын, Асанов Маман - дастанчы. Ырысмаматов Мамatаип кыякчы, Ураимов Абдыкаар кошокчу-акын. Султанов Турат - музыкант, Бердиев Шамурза - музыкант. Бул аталарыбыз кийинки муундарга өздөрүнүн музыкалык билимин, талантын аябастан билим берип кетишкен. Булардын жолун жолдоп, районубуздун таланттары эл үчүн тынымсыз эмгектенип келе жатышат. Районубуздан атап айтсак:

-Белгилүү композиторлор - Бекболот Абдраимов, Акимжан Жээнбековдор:

-обончу аткаруучулар Салибаев Абдрашит, Кудайберген Темиров.

Таабалды Шашканов, Абидин Темиров, Шарип Абдуллаев, Мамашов

Төрөбек, Таалай Турдубаев, Топчубай Айтмаматовдор;

-комузчулар - Садир Султанов, Казыбек Ашимовдор;

-актер-режиссерлор -Токтош Абыкеев, Алымкул Исаковдор;

-куудулдар - Кыргыз Республикасынын Ардак Грамотасынын ээси Аскар

Суранов, Эргеш Токуров, Өмүрбек Кенжекулов, Жеңишбек Айтиевдер.

-төкмө-акындар, манасчылар, дастанчылар Акмат Маниязов, Кутбидин

Атамкулов, Жамал Алмаматовдор;

-ырчылар Паизбү Жуманова, Лайли Бакирова, Арзыкан Камчыбекова.

Ырыс Нематова, Дамира Маматова, Үрүнса Эшиева, Набижан Хамракулов жана башкалар.

## МАДАНИЯТ АРТЫНДАГЫ ИЗДЕР

Оттуу согуш жер эненин бетин солкулдатып турган кезде маданият жаатын эске алган бир инсан болгон. Ал өз элинин маданиятын көтөрүүгө чоң салым кошкон. Бул инсандын ысымы Дыйканова Жамийла. Кызматчынын үй-бүлөсүндө туулуп, тарбия алган. Орто мектепти Байыш айылынан баштап, жогорку класстарды Ноокаттын кечки мектебинен бүткөн.

1942-жылы 15-майынан 1946-жыл 15-декабрга чейин Жаңы Ноокат районунун комсомол комитетинин учет жетекчиси болуп эмгектенген.

1946-жылдан 1958-жылдарга чейин китепканада иштейт. Ноокат райондук маданият бөлүмү негизделгенге чейин бул инсандын жасаган эмгектери мактоого татыктуу. Ал райондук маданият бөлүмүндөгү китепкананы уюштуруп жана калыбына келтирген.

1964-1966-жылдары Кыргыз ССР Маданият Министерствосунун маданий–агартуу окуу жайында сырттан окуп, орто квалификациялуу китепканачы деген адистик боюнча дипломго ээ болот.

1970-жылы В.И.Лениндин туулгандыгынын 100 жылдыгына карата тиешелүү төш белгиси менен сыйланат.

1984-жылы 26-январда СССР Жогорку Советинин Президиумунун атынан Ош областтык эл депутат-тарынын Советинин аткаруу комитетинин көрсөтмөсү менен «Эмгек ветераны» медалы менен сыйланган. Күрдөөлдүү жана тажрыйбалуу эмгеги үчүн бир топ Ардак грамоталар менен сыйланган. Алыскы айылдарга, айылдык кеңештердин жана мектептердин астында китепканалардын ачылышынын, китепканаларга кадрлар даярдалып, орто жана жогорку квалификация деген китепканачылык адистикке бир топ жаштардын ээ болуусуна себепкер деп таанылган. Китеп фондун кеңейтип, аны жаңыртууда окурмандар менен тыгыз

иш алып барып, китепке кызыгууларын арттыруу боюнча кесиптештери менен тынымсыз көп багыттуу иштерди алып барган инсан болгон.

Анын атасы Рысбаев Дыйкан Ош шаарында жана Ноокат райондук Аткаруу комитетинин төрагасы болуп иштеп, Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин депутаты катары бир нече ирет шайланып келген белгилүү партиялык ишмер болгону маалым. Бир тууган агасы Арап Улуу Ата Мекендик согушта курман болгон. Иниси Арипжан КР эл агартуу тармагынын эмгек сиңирген кызматкери. Абакан каарман эне. Күйөө баласы Кыпчаков Абдилла–социалисттик эмгектин баатыры, Манас ордени менен сыйланган.

Дыйканова Жамила турмушка чыгып эки балалуу болот. Уулу чарчап калган, кызын тарбиялап чоңойтот. Жолдошу партиялык кызматта иштегендиктен алар жер которуп жүрүшкөн.

Ж.Дыйканованын ден-соолугу начарлап калган соң, ал бир нече жыл китепканада иштебей калат. Жашоонун ар түрдүү кыйынчылыктарына карабай бактылуу эне болууга жетишкен. Жолдошу менен бирге кызы Эркайымга кошуп туугандарынан эки кыз Танзила менен Фатиманы жана Жоомартты алып тарбиялап чоңойткон.

Ал балдарын дүйнөлүк адабиятка жакын болууга үндөгөн. Ал кечки тамактан соң балдарына испан жазуучусу Мигель Сервантестин Дон Кихот чыгармасын, Л.Толстойдун Анна Каренинасын, Т.Сыдыкбековдун «Тоо арасында» ж.б. кызыктуу китептерди угуза окуп берчү. Учурда улуу кызы жогорку окуу жайында эмгектенет. Экинчи кызы медицина тармагында иштейт. Уулу да жашоонун даңгыр жолуна түшүп, эмгек чыйырын улап, чет элде эмгектенет. Дыйканова Жамиланын баскан жолу жалаң маданият тармагына арналды. Анын артында китепкана калып, эженин жолун жолдоочулар улам өсүүдө.





## МУЗЫКА – ЖАН ДҮЙНӨНҮН АЗЫГЫ

Ноокат шаарындагы балдар музыкалык мектеби 1967-жылы мурунку маданият үйүнүн бир каанасында эки бөлүм аккордеон жана комуз класстары болуп ачылган. Үч мугалим 25 окуучуга музыка тилин үйрөтүп, эстетикалык таалим берген. Алар мектеп директору Гильмаков Альберт Нурдинович жана мугалимдер Салибаев Абдирашит жана Бердиев Шамурза болгон.

1971-жылы Салибаев Абдирашит директор болгон. Ал эми 1974-жылы Крупская атындагы орто мектебинин жыгачтан курулган чакан беш бөлмөлүү имаратка көчүрүлүп, директору Сейитов Аскар иштеген. Ошол мезгилде керектүү музыкалык аспаптар менен камсыздап, мугалимдерди жумушка тартып фортепиано бөлүмүн ачууга жетишкен.

1977-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун музыка кафедрасынын мугалими Алпеков Жамидин облустук

маданият башкармасынын атайын жолдомосу менен кызматка келет. Ал омоктуу маселени кадр ишинен баштайт. Контингентти толуктоо боюнча программаны ишке ашырат. Жогорку жана орто билимдүү мугалимдерди тандоо боюнча иш алып баруу менен мектептин ички жана тышкы ремонтторун жакшыртуу, жылытуу маселесин карап, маданият системасындагы орчундуу көйгөйдү чечүүдө реформа жасайт. Жылытуу, реконструкциялоо иштерин жолго коет.

Музыкалык мектептин үйлөмө оркестри райондук масштабда өткөрүлүүчү параддарды, майрамдарды шаңга бөлөйт. Музыкалык мектептин жетишкендиктери арбын. Балдар облустук жана республикалык масштабдагы кароо-сынактарга катышып, байгелүү орунга ээ болгон.

Ч.Алимовдун комузчулар ансамбли республикалык кароо-сынактарга катышып байгеге жетишип, мактоо бaрактарын алып келишкен.

Ш.Бердиевдин үйлөмө аспаптарда ойногон окуучулары Х.Таштемиров, У.Юсупов, К.Алимжановдор республикага барып диплом жана ардак грамоталар менен сыйланган. З.Абдималиковдун окуткан окуучулары райондук, облустук кароо-сынактарда талантын көрсөтүп, сыйлык ээлери болушкан. Атап айтсак: А.Нуражиев, И.Нуражиев, А.Алымкулов, Д.Хакимжанов. Фортепиано классынын мугалими С.Х.Давлетшинанын окуучулары ар бир кароо-сынакка катышып, ийгиликке жетишкен. Р.Шафигуна, Ш.Алипбекова, Ф.Алипбекова, Л.Давлетшина. Кишимжан Карабекованын окуучулары комузда ойношот.

Музыкалык мектептин көп жылдык иш тажрыйбасы бар. Мында 34 жылдан бери педагогикалык тажрыйбасы бар 2002-жылдын февраль айынан баштап мектептин директорлук кызматын аткарып келе жаткан Зарудин Абдималиковдун эмгеги чоң. Ал билим берүүнүн мыктысы, жүздөгөн окуучулардын устаты.

Музыкалык мектеп райондун маданият бөлүмүнүн биринчи кабатына которулган. Беш бөлүм иштейт, комуз, кыяк, баян-аккордеон жана үйлөмө аспаптар боюнча үйрөнүшөт. Бул мектепте 85 окуучу билим алат.

Мектепте тажрыйбалуу мугалимдер эмгектенет. Алардын

9 жогорку, 2 бүтпөгөн жогорку, 4 атайын жогорку билимдүүлөр. Нышанбаев Кубаныч «Билим берүүнүн мыктысы» төш белгисинин ээси. Мугалимдердин арасында өз кесибин сүйгөн адам. Анын мамилеси өз окуучуларын кайдыгер калтырбайт. Жумабаева Айнура, Сулайманова Патима, Пакырова Насибаканды атоого болот. Жумабаева Айнуранын окуучулары жыл сайын өткөрүлчү кароо-сынактарга, конкурстарга катышып, жеңүүчү болуп келишет. Музыкалык мектепте үйлөмө аспаптар оркестри сакталып калган. Өткөөл мезгилге кайрылганда бул үйлөмө аспаптар оркестри чоң параддарда ойнолчу. Кийинки мезгилде шаңдуу параддарды, майрамдарды уюштуруу сейрек кездешет.

Оркестрдин көп жылдык тажрыйбасы бар Юлдашев Абдрасул, элдик обончу, залкар комузчулар А.Огомбаев, Т.Сатылганов, Н.Борошов, М.Куренкеев, Ч.Шабаевдердин жана башкалардын чыгармалары ойнолот. Жыл сайын отчеттук концерт өткөрүшөт. Анда мектептеги 5 бөлүмдүн ар биринен 4-5тен окуучу, жеке номерлер, ансамблдер, фортепианонун коштоосунда дүйнөлүк классикалык чыгармаларды, комуз күүлөрүн, обондуу ырларды аткарышат.

Райондук балдардын 5 музыкалык мектептердин ортосундагы конкурстарда баардык мектептин окуучулары өз өнөрлөрүн көрсөтүп, жергиликтүү калктын көңүлүн бурушат.

Мектептин эки филиалы бар. Алар Исанов жана Караташ айыл өкмөттөрүндө жайгашкан. Жыл жыйынтыгы боюнча мугалимдер кеңеши талкууга алынат. Ириде мектептин иш-планы түзүлүп, таланттуу окуучулардын келечегине сарсеп салып, маданияттын очогун жандыруу аракети күн сайын өсүп-өнүүдө. Учурда шаардык балдар музыкалык мектептин директору Зарудин Абдималиковдун жасаган эмгеги купулга толорлук. Ал: «музыка адамга дем берип калбастан, өмүргө өмүр кошот» дейт өз сөзүндө. Киши аба менен дем алгандай, суу менен суусунун кандыргандай, музыка менен ички дүйнө жашарат жана моокуму канат. Жан дүйнөнүн ыры комуздун кылдарында жаңыргандай...

## ЖАШТАРДЫН УСТАТЫ

**Маниязов Ахмат**

1970-71-окуу жылы Көкбел орто мектебин аяктап, 1973-жылга чейин чарбада иштеген. 1973-75-жылдары армияга кызмат өтөп Чечен Республикасынан кайтып келген.

1975-1979-жылдары Ош мамлекеттик педагогикалык жогорку окуу жайын аяктаган.

1974-жылы «Студенттик жаз – 74» фестивалына катышып лауреат болгон. 1979-1982-жылы Көкжар айылдык маданият үйүнүн директору болуп эмгектенген.

№ 44 жылкы заводунда маданий спорт комплексинин директору болуп эмгектенген. Ушул жылдары республикалык «Азем», «Каада-салт», «Ыр кесе», «Айыл ажары» ж.б. телеконкурстарга катышып, маданият induced сересинде өз элине таланты менен таанылат.

1989-2005-жылга чейин «Алтын –Казык» мектебинде тарбиялык завуч милдетин аткарган. Комузчулар ансамблин уюштуруп, кароо-конкурстарга катышкан. Республикалык «кылым карыткан кыргыз дөөлөттөрү», «Ак таңдай», «Таңкы конок» телеберүүсүнө катышып, журт назарына илинди.

2001-жылы райондук акын-дастанчылардын конкурсуна баш байгени жеңип алган. 2007-жылы төкмө акындык, комузчу-дастанчылык өнөрүнүн аркасында «Маданият кызматынын мыктысы» төш белгиси менен сыйланган. Азыркы учурда мектепте музыка сабагынын мугалими. Ал келечекте жаштарга өз тажрыйбасынан өрнөк берип, жаш таланттардын кемегесине от жагып, чыйыр жол көрсөтүүнү максат кылат.

## ЖЕРИБИЗДИН ЫР ЖАҢЫРЫГЫ

**Кудайберген Темиров**

Ноокат районуна караштуу Кыргызата айыл өкмөтүнүн Көтөрмө айылында 1950-жылы жарык дүйнөгө келген.

Ал жашынан музыка дүйнөсүнө жакын, шайыр, жумшак мүнөз инсан болгон. К.Темиров 1966-жылдын сентябрь айынан баштап Ноокат райондук маданият үйүнүн музыканты

болуп, эмгек жолун баштаган. Андан соң, көркөм жетекчилик милдетти аркалайт. Өткөн жылдардын арасында анын эмгеги маданият чөйрөсүнө маалым болуп, эл сүймөнчүгүнө айланат. Ал өзүнүн музыкалык табиятынан жан дүйнөнү эргиткен обондорду жаратып, көпчүлүктүн купулуна толот.

Райондун, областтын, республиканын аймагында жана союздук мамлекеттер арасында, чет өлкөдө болуп келди. Москвада, Ташкентте, Алматада болуп өткөн конкурстарда жана борбор шаарыбыз Фрунзеде болуп өткөн кароо-конкурстарда жеңүүчү лауреат болгон. Анын чыгармалары: жетимишке жакын обондору, ырлары бар. Маданияттын эң алдыңкы кызматкери, Кыргыз журтуна аттын кашкасындай белгилүү обончу, чебер аткаруучу катары белгилүү.

1972-жылы Москвада болуп өткөн бүткүл союздук эл чыгармачылыгынын биринчи фестивалынын лауреаты болгон.

1973-жылы Ноокат райондук маданият үйүнүн «Алтын булак» ыр-бий ансамблинин көркөм жетекчиси, уюштуруучусу болуп Москвага эл чыгармачылыгынын көрсөтмөсүнө катышып 15 республиканын ичинен үчүнчү татыктуу орунду жеңип келген.

К.Темировдун өмүрү жана чыгармачылык жолу Ноокат райондук маданият үйүнө байланыштуу. Анын чыгармалары бүткүл кыргыз элине таандык. Алгачкы обондору «Айбыгып жүрөм», «Саадатым», «Достук», «Кыргызатам», «Туулган жерим», «Алтымыш жыл», «Комсомолдук жылдарым», «Мезгил тулпар», «Жазгы гүлүм», «Наристем», «Той ыры», «Жаштык», «Апакем» ж.б. алтымышка жакын обондордун жана ырлардын автору.

Ал жашы алтымышка жакындап калса да өз шакирттерине обондун сырын үйрөтүп, автордук концерттерин элине тартуулап келет.

Ош областтык обком партиянын ардак грамотасы менен сыйланган. Маданият министрлигинин ардак грамотасы, жеңил машина, баалуу сыйлыктар менен сыйланган.

1980-жылы Москвада болуп өткөн бүткүл дүйнөлүк олимпиадада маданият программасы менен концерт коюп келген.

Кудайберген Темиров бир уул, эки кызды тарбиялап

чоңойткон. Аларга жогорку билим берип, эл керегине жаратты. Жети неберенин чоң ата, таятасы болгонуна карабай чыгармачылыктын бүлбүл шамын өчүрбөй, аны тутандырып келүүдө. Таланты ташкындаган инсандын табияты сууга чаңкаган гүлзардай болот эмеспи.

## КӨҢҮЛГӨ ОРНОГОН ЫР ДҮЙНӨ

**Мамашев Төрөбек**

1958-жылы 20 декабрда Ноокат районуна караштуу Кыргызата айылындагы Кыргызата участкасында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган.

1965-1966-жылдары Ф.Энгельс атындагы мектепке окууга кирип 1973-74-окуу жылы сегизинчи классты бүтүп, Ош педагогикалык окуу жаатына кирип 1978-жылы ийгиликтүү аяктаган.

1978-1979-ж Ноокат райондук маданият үйүндө автоклуб башчысы, М.Горький атындагы мектеп-интернатында музыка сабагы боюнча мугалим болуп иштеген.

1979-81-жылы Орто Азия аскер округунда аскердик духовой оркестрдин музыканты болуп кызмат өтөгөн.

1981-1987-ж. Тельман колхозунун 1987-1992-ж Кыргызата колхозунун кадрлар бөлүмүнүн инспектору болуп эмгектенген. Ошол эле жылдары балдар бакчаларында музыкалык тарбиячы болуп эмгектенген.

1992-жылдан бери Кыргызата маданият үйүнүн директору болуп иштеп келет.

Ал Ош областында өткөн обончу-композиторлордун конкурсунда биринчи орунга татыктуу болуп, биринчи даражадагы диплом ыйгарылган. (Курманжан датканын 100 жылдыгы)

Андан соң, обончунун эмгеги эске алынып, райондук мамлекеттик администрациясы тарабынан ардак грамота менен сыйланган.

Катарда өткөн конкурстардын лауреаты болуп, обончулардын деңгээлинде кадыр-баркка ээ.

2007-жылы кыргыз маданиятынын мыкты кызматкери төш белгиси менен сыйланган.

2009-жылы Ноокат районунун 80 жылдыгына карата өткөрүлгөн конкурста биринчи орунга жетишкен. «Рыспай ырдайт» конкурсунун лауреаты болуп, миңдеген күйөрмандардын көңүл борборуна, жүрөк толтосуна мүрөк тартуулап келет.

Ал мүнөзү шайдоот, дүйнөлүк классиканы сүйгөн, боорукер адам. Бардык жерде телегейи тегиз жашоо өкүм сүрсө деген ниет менен жашап келет.

## ЫРДЫН ЧЫНЫГЫ СЫРЫ

**Абдуллаев Шарип**

Ноокат райондук маданият үйүнүн кызматкери, обончу Абдуллаев Шарип 1960-жылы Ноокат районуна караштуу Кара-Кой жайлоосунда төрөлгөн.

Алгачкы эмгек жолун Кара-Кой тажрыйба лесхозунда баштап, алгачкы обонун 1981-жылы А.Өмүркановдун «Ата сөзү» деген ырына жазган, андан кийин К.Бобуловдун сөзүнө жазылган «Кыздын каты», «Сүйүү ишеними» аттуу обондуу ырларды жараткан. Бул ырларын 1986-жылы алгачкы жолу Ош радиосунун фондуна жаздырып, бүт кыргыз элине угузулган.

1987-жылдан бери райондук маданият үйүндө чыгармачылык менен алектенип келүүдө.

Чыгармаларынын негизи Ата-Мекен, эл, жер, жаштарды патриоттук духка чакырган ырлар. Атап айтсак «Ата сөзү», «Өмүр-бул келген бир көктөм» сөзү А.Бегимкулованыкы, «Намыска кел кыргыз эл» сөзү М.Нурматова менен чогуу жазылган, «Кыргызстаным», «Дил кумары» сөзү Б.Мамаеваныкы, Ноокат-80 карата «Ноокатыма ыр десте» сөзү, обону да Ш.Абдуллаевдики, «Сулууга» аттуу ыры сөзү С.Шарипованыкы.

Элүүдөн ашык обондун автору «Кыргыз Республикасынын маданияттын мыктысы» төш белгисинин ээси, республикалык, областтык ардак грамоталарына

татыктуу болуп, республикалык областтык обончулардын сынактарында биринчи орундарды ээлеген. Республика боюнча 500 обончу-композиторлор катышкан «Манас-1000» сынагында эң мыктылар деп тандалган 60 катышуучунун ичинен Шарип Абдуллаев эң мыктысы болуп тандалган. «Ош-3000» фестивалында автордун өзүнүн сөзүнө жазылган «Сыймыгым ордо Ош шаарым» аттуу чыгармасы «Ош-3000» фестивалынын гимни болуп кабыл алынган.

1993-жылы 35 жашка чейинки областтык обончулардын сынагында 120 обончунун ичинен «Дил кумары» аттуу ыры менен биринчи байгелүү орунга жетишкен.

М.Аматовдун сөзүнө жазылган «Ыр сунам» аттуу ыры Таалай Турдубаевдин аткаруусунда 2003-жылы «Кыргызстан обондорунда» жылдын мыкты ыры болуп табылган.

## ЖУРТУБУЗДУН ЧЫГААН ИНСАНДАРЫ

**Насирдин Исанов**

1943-жылы Көк-Бел айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө төрөлгөн.

1961-65-жылдары Москвадагы курулуш институтунда окуган. 1965-67-жылдары монтаждоо башкармасында прораб башкы инженер Нарын ГЭСинин курулушунда парткомдун секретары болуп шайланган. 1967-83-жылдары Кыргызстан борбордук комитетинин курулуш жана шаардык чарба бөлүмүнүн башчысынын орун басары, 1983-86-жылдары Республиканын курулуш Министрлигинде иштеген. 1988-жылы Ысык-Көл областык аткаруу комитетинин төрагасы, 1990-жылы Кыргыз Республикасынын вице президенти жана алгачкы премьер министр кызматында иштеген.

Кыргызстан компартиясынын борбордук комитетинин мүчөсү, республиканын эл депутаты болуп шайланган. «Эмгек кызыл туу», «Ардак белгиси» ордендери, «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалдар менен сыйланган, өзү туулуп өскөн Көк-Бел айылына Исановдун аты берилген.

**Уркуя Салиева**

Кыргызстанда колхоз уюштурууда аялдардан чыккан алгачкы активистка. 1910-жылы Ноокат районунун Төөлөс айыл өкмөтүндө (мурдагы Меркит) кыштагында кедей дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.

1928-жылы Меркит, Муркут айыл советине председателдигине шайланып, 1929-жылдан алгачкы Кызыл-Аскер колхозун уюштура баштаган.

1929-жылы КПССтин мүчөлүгүнө өткөн. 1934-жылы ССР борбордук аткаруу комитетине мүчөлүккө шайланган.

1934-жылы Уркуя Салиева күйөөсү экөө топ душмандардын колунан курман болушкан.

1934-жылы Салиева Уркуянын элесин түбөлүккө сактап

калуу максатында Кызыл-Аскер колхозу «Салиева» атындагы колхоз болуп аталган.

**Токтомат Зулпуев**

Токтомамат Зулпуев 1925-жылы 25-сентябрда Айбек айылында туулган. Алгачкы эмгек жолун 1944-жылы Кызыл-Туу мектебинде мугалим болуп иштөө менен баштаган.

Андан кийин Ноокат райкомунун бөлүм башчысы болуп иштеген. 1957-жылы партиянын Алай райкомунун 2-секретарлыгына шайланган.

1958-жылы Ноокат районунун Колхозчу газетасына редактор болуп шайланган. 1961-1987-жылдары Россия колхозунун төрагасы болуп иштеп турган.

Т.Зулпуев Ленин Октябрь революциясы, Эмгек кызыл-туу ардак белгиси жана ордендер, медалдар менен сыйланган. Кыргыз ССр Жогорку Советинин эки жолку депутаты жергиликтүү советтерге бир нече жолу шайланган. Өзү туулуп өскөн жана эмгектенген Россия колхозуна азыркы кезде Т.Зулпуев атындагы айыл округу болуп эсептелет.

**Шерматов Муратали**

1951-жылы Ноокат районунун Каракой айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. Атайын орто билимдүү, 1976-жылы Фрунзе шаарындагы көркөм-сүрөт окуу жайын бүтүргөн. КПСС Борбордук комитетинин райондук маданият үйлөрүнүн алдында партиянын идеология иш чараларын жандандыруу жана маданият үйлөрүнө экономикалык колдоо көрсөтүү максатында иштелип чыккан токтомуна ылайык, Ноокат райондук аткаруу комитетинин 1977-жылдын 26-февралындагы №2-42 чечиминин негизинде 1977-жылдын 1-мартынан Ноокат райондук маданият үйүнүн алдында хозрасчеттук көркөм-сүрөт өнөрканасы ачылган. Ошол 1977-жылдын 1–мартынан эмгек жолун баштаган.

1977-жылдарда райондун аймагында райкомдун үгүт-насаат иштери боюнча бөлүмү менен биргеликте көрсөтмөлүү үгүт-насаат жана жасалгалоо тармагында эмгектенген. Айлык, кварталдык жана жылдык пландарды аткаруу менен маданият үйүнүн бюджетине өз салымын кошуп келген.

1977-1992-жылдардагы алгылыктуу иштеринен 1980-жылдагы жана 1985-жылдагы маданият жана спорт комплекстерин өнүктүрүү боюнча өткөрүлгөн республикалык семинар кеңешмелеринин жасалгалоо иштерине кошкон салымдарын айтсак болот.

1977-жылдын август айында өткөрүлгөн маданият министрлигинин тарификациялык комиссиясында 1-категориядагы сүрөтчү-жасалгалоочу, 1981-жылдын апрель айындагы маданият министринин орун басары Булавинанын төрагалыгы астында өткөрүлгөн тарфикациялык комиссияда чыгармачылык категориядагы сүрөтчү, 1986-жылы түштүк региону боюнча Ош жергесинде өткөрүлгөн тарификациялык комиссияда чыгармачылык категориядагы сүрөт жасалгалоочу категориясы ыйгарылган.

1992-жылы көркөм сүрөт өнөрканасы жоюлгандыгына байланыштуу райондук китепканасына сүрөтчү жасалгалоочу болуп ишке кирип, азыркы күнгө чейин иштеп келүүдө.

Өзүнүн 34-жылдык эмгек жолунда райондук маданиятын көтөрүүдө жасалгалоо иштери боюнча талыкпастан иштеп келүүдө. Эмгек жолунда колхоз-совхоздордун, мекеме-ишканалардын, билим берүүү мекемелеринин, саламаттыктык сактоо мекемелеринин жана маданият мекемелеринин иштерин жакшыртууга байланышкан илимий методикалык маанидеги көркөм жасалгалоо иштеринин үстүндө эмгектенип келди.

Райондо «Жаш сүрөтчү» ийримин уюштуруп, бир топ жаш жеткинчектерге сүрөт өнөрүн үйрөтүп келүүдө. 2007-жылы «Кыргыз оймолору дүйнөсүндө» аттуу балдардын республикалык кароо-сынагында бир окуучусу 1орунду ээлеп грамота менен сыйланган.

1977-жылдан баштап областык, райондук, республикалык ири сүрөт көргөзмөлөрүнүн катышуучусу. 1990-жылдардан баштап кыргыз элинин турмуш-тиричилигинде кеңири колдонулуп келген ала-кийиз өнөрү менен алектенүүдө.

Көчкөн турмуштун узак жолунда таш беттерине калтырган, табышмакка тунган сүрөттөр, сокральдык жана астральдык белгилерди чечмелөө менен өз чыгармаларынын үстүндө талыкпастан изденүүдө.

Көчкөн цивилизациянын таш беттеринде калтырган сүрөттөрдүн негизинде иштелип чыккан композициялары «Оодарыш», «Көкбөрү», «Байге», «Жаштар бийи», «Жаз жышааны» чыгармалары азыркы кыргыз жашоо турмушун чагылдырып турса, «Таңдагы ак боз ат», «Ош жаңырыгы», «Күүгүм», «Табигат оймолору» аттуу чыгармалары кыргыз табигатынын керемет көз ирмемдерин сүрөттөп тургансыйт.

Ушул тапта маданият мекелеринин жасалгалоо менен бирдикте чыгармачылык үстүндө изденип келүүдө.

**Султанов Жаныбек Туратович** Кыргызата айылынын кулуну. Ал жашынан музыкага шыктуу, өтө жөнөкөй тарбия алгандыктан, өнөр дүйнөсүнүн босогосун эрте аттап, анын оош-кыйыш жактарына аралашып, эл оозуна алына баштайт. Ж.Султанов абдан жөнөкөй инсан, маданият тармагына эмгек сиңирүү менен тим болбостон, анын маданиятты көтөрүүгө жумшаган эмгеги мактоого татырлык.

Жаныбек Туратович дүйнөлүк классикага, санжырага бөтөнчө көңүл бурган адам. Ал дүйнөлүк шедеврлерди урмат кылат. Дүйнөлүк маданияттын таалим-тарбиясы, тутунган эстетикасы кыргыз журтунун маданиятына кирип келгенин ал жашырбайт. Анткени кыргыз искусствосу, маданияты дүйнөлүк деңгээлге чыгуунун босогосунда турат. Ал жаш таланттарды тарбиялап чыгаруудагы маселеге өзгөчө көңүлүн бурган жетекчилердин бири. Ноокат элинин ичинен чыккан жаш таланттарды мейли сүрөтчү, мейли жазуучу болсун деги кайсы бутактан болбосун, ал өнөрпоздорду өстүрүп чыгаруудагы бараандуу ишке сүрөөнчү катарындагы негизги киши болуп эсептелет.

Дастан элдик ыр-бий ансамблинин көркөм жетекчиси болуп жүргөн кезден маданиятты курчаган дүйнөнү бөтөнчө көз караш менен таанып-билип, жетекчилик чыйырга бет алып, улам жаңы демилгелерди көтөрүп келет. Ал төрт уулду тарбиялап, уядан учурду. Ж.Султановдун жолун жолдоп балдарынын экөөсү музыка дүйнөсүндө азыноолак тарбия алышты. Алар музыка сырын үйрөнүүгө, андан таалим алууга далалат кылышат.

## САХНАДА ТАРТЫЛГАН СҮРТҮМДӨР...

*Мерез адамдан көрө, лилия гүлдөрүнөн жылуулук ал.*

Кенжекулов Өмүрбек Акунович 1963-жылы 15-мартта Ноокат районунун Кыргызата айылындагы Көтөрмө кыштагында туулган. Ал жаш кезинен музыка жандуу болгон. Спортко шыктуу келип, мектепте алдыңкы окуучулардын катарында окуган. Ар түрдүү инструменттерде ойной билген жаш талант мектептер аралык фестивалдарга катышат. Ийгиликтери үчүн мактоо баракчаларына ээ болгон.

Ал сегизинчи классты аяктаган соң, Каравандагы № 8 У.Салиева атындагы кесипчилик-техникалык орто окуу жайына кирип, аны ийгиликтүү бүткөн. Ал кезде «Үмүт» эстрадалык топко катышып, талантын такшалткан.

Окуу жайды 1981-жылы бүтүрүп, Кыргызата айылдык маданият үйүндө «Дастан» ыр-бий ансамблинде кыргыз элине белгилүү артисттер С.Султанов, А.Суранов, К.Темиров, Э.Токуровдор менен чогуу иштеп, сахна чөйрөсүнө аралашкан.

1986-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун музыка бөлүмүндө Р.Абдыкадыровдон беш жыл тарбия алган. ОГПИнин алдында уюштурган элдик театрда рольдорду ойноп, алып баруучу, ырчы куудул болуп жүргөн.

1990-жылы окууну бүтүрүп, «Токтогул» санатория мектебинде, Крупская көркөм эстетикалык жана Ош шаарындагы Семья түрк мектебинде иштеген.

1998-жылдан баштап ал сахна дүйнөсүнө кайта келет.

Ж.Камчиев жетектеген «Куудул Аралаш» фондусунда эмгектенип келет.

Р.Маманов уюштурган «куудулдар» конкурсунда, биринчи орунду жеңип алган. Ал 2005-жылы Бишкекте өткөрүлгөн «Эл ичи – өнөр кенчи» фестивалында Кыргыз

республикасынын маданият министри С.Раевдин мактоо баракчасы менен сыйланган.

2005-жылы куудул Р.Разыков Ош шаарында өткөргөн «Куудулдар» конкурсунда үчүнчү орунду жеңип алган.

2007-жылы куудул Жаныбек Алыкулов (шорпо) Бишкек шаарында Бекназар куудулдун 110 жылдыгына карата өткөрүлгөн куудулдар конкурсунда мактоо баракчасы менен сыйланган. Азыркы кезде Ж.Камчиев жетектеген группада элди маданий жактан тейлеп келет. Анын куудулдук таланты элдин көңүлүн көтөрөт. Ө.Кенжекуловдун бул индивидуалдуу сапаты өнөр уюткусунун өсүп жаткандыгынан кабар берет.

## КЫЛЫМ КАРЫТКАН ТАЛАНТТАР

Маданият программасын турмушка ашыруу боюнча айыл өкмөттөрүндөгү клубдарда, китепканаларда, музейлерде жана музыкалык мектептерде кеңири талкууланып атайын иш-чара кабыл алынды. Бул маселени ишке ашырууда атайын адистер бекитилип, мөөнөтү белгиленип, көзөмөлгө алынган. Бул демилге элге басма сөз аркылуу жеткирилет.

Райондун аймагында жаш муундарга эстетикалык жана музыкалык билим берип жаткан 5 музыкалык мектептердин абалы жакшы эмес болчу. Жаңы окуу жылына карата шарттарды оңдоо колго алынды.

Төөлөс айылындагы У.Салиева атындагы балдар музыкалык мектептин базасында алдыңкы иш тажрыйбаларды жайылтуудагы окуу-тарбиялык иштер боюнча райондук семинар уюштурулду. Кыргызата, Зулпуев, Найман, Ноокат балдар музыкалык мектептерде жасалгалоо иштери жолго коюлду.

Айыл өкмөттөрүнүн арасында жыл сайын июль, август айларында «мыкты көчө», «үлгүлүү үй», «гүл майрамы» кароо сынактары өзгөчө массалык түрдө өткөрүлөт.

Таланттуу адамдарды өз жерибизден табабыз. Элдин коюну кенен, маанайы жарык эмеспи, эл арасынан көңүл жарпын жазган эстрада ырчыларын билебиз. Алар: Үрүнса Эшиева, Топчубай Айтматов, Бактыгүл Мамажанова.

Айыл жергесинде «Сармерден» өңдүү оюн-зооктор болуп турат. Айылдын, көчөлөрдүн тарыхы, коомдук иштерге катышкан активдүү адамдар, согуш ардагерлери, каармандар, баатырлар жөнүндө жана башка сахнада ойнолуучу спектаклдер балдар үчүн тарбиялык мааниси терең программалар коюлуп, маданият чордонунда жашоо шаңдуу ары жандуу болуп бара жатат. Маданиятты жакшыртуу жакшы жолго коюлуп жатат деген мактоо сөздөн улам, биз максатыбыздын ишке ашып жатканын байкаган жокпуз.

Таланттарды эл арасынан издөөгө зиректик керекпи же акча керекпи? деген суроо туулат. Албетте зиректик керек. Миллиондогон акчалар керексиз жагдайларга сарп болуп жатат. Ал эми маданиятты сактоого жогору жактан зирек адамдар келиши керек эле.

1949-жылдан бери Ноокат маданиятынын сересинде үч чоң баскыч орун алды. Биринчиси клубдардын, сахналардын пайда болушу. Экинчиси кыргыздын улуттук инструменттеринин топтолушу, башкача айтканда бир схемага киргизилип алардын сакталышы. Үчүнчүсү маданият бөлүмүнүн инфраструктурасынын кеңейиши. Булар эл ичиндеги өнөрпоздорду тартууда негиз болуп бере алат.

Мындан сырткары Ноокат маданиятынын өнүгүүсүнүн жоон ортосу 1950-жылдан 1989-жылга туура келет. Анткени дүйнөлүк маданият чөйрөсүндөгү классикада, сахнада, адабиятта, музыкадагы цензура жоюлду. Чыныгы таланттар эл арасынан чыкпай калды. Шоу бизнес өнүгүп, бүткүл элдин назарын өзүнө бурду. Ага кээ бир акчалуулар кирип, музыка дүйнөсүнүн баасын жоготууда.

Адамдын жашоосунун мааниси эптеп күн өткөрүүдөн турбайт, анда бир маңыз болушу керек эле. Эл арасынан чыныгы таланттардын чыгаары бышык. Бул боюнча Ноокат райондук маданият бөлүмүнүн эмгек жамааты жигердүүлүк менен изденип келишет. Алар жыл сайын жаңы, жаш таланттар үчүн конкурстарды уюштура башташты. Ушул аракеттин тыянагы эми жемиш бере баштады. Эл арасынан жаш дастанчылыр ,төкмө акындар чыга баштады. Алар: Садыр Султанов, Кутбидин Атамкулов.

Ноокат маданиятында эле эмес, бүткүл кыргыз эл маданиятынын талаасында крисиз болуп өттү. Бул кризис 1989-2000 жылдарды кучагына алат. Жылдар аралыгында кризис жоонорул, дүйнөлүк рыноктун шамалы маданиятка да келип тийди. Маданияттын бардык бутактары сазга батты. Анткени адамдардын, кала берсе өлкө башчыларынын ниеттери акча табууга бурулуп кетти.

Жүрөктүн үшүн алган кризистен соң, эл руханий дүйнөгө чаңкап калды. Ноокаттын маданиятын көтөрүүдө 2000 жылдан кийин район башчылары тарабынан өзгөчө көңүл бурганы байкалат. Маданиятты көтөрүү иштеринде Ураимова Жумагүл Абдыкадыровна активдүү катышып, өз ишинин устаты болуп, башкаларды кайдыгер калтырган жок. Ахматжан Махаммадов Ноокат районуна аким болуп келип, райондун маданиятын көтөрүүгө киришкен. Өзү Кыргыз Республикасынын айыл чарбасына эмгек сиңирген ишмер болсо да, ал баамчыл, маданияттуу инсан катары тарых беттеринде жазылып калды.

Ноокатта 1991-1992 окуу жылында Н.Крупская атындагы орто мектептин базасында Кыргыз Республикасынын алдындагы көркөм сүрөт эстетикалык гимназиясы ачылган. Ага сүрөт жана музыкага шыктуу балдар 5 класстын көлөмүндө 40-окуучу кабыл алынган. Көркөм өнөр багытында Абдырасул Умаралиев, музыка багытында Өмүрбек Кенжекулов, Баатыр Маматов сыяктуу адистер эмгек жолун башташкан.

Көп жылдык эмгек таржымалы менен элге таанымал Кыргызата айылынын жашоочусу Карамат Ашымованын кол өнөрүн атап кетүүгө болот. Ал «Ак калпак» тобун жетектеп, чет элдик инвесторлордун жардамы менен гранттарды утуп алып, 100 баланы тарбиялоо үчүн бала бакча ачкан. Балдардын тамак-ашын камдап, аларды тарбиялап, кирин жууп, чачын тазарткан он адамдын эмгек акысын өз мойнуна алган.

Төкмө акын, чебер аткаруучу Акмат Маниязов «Чырпык жетилип чынар болот» дегендей өзүнүн мугалимдик кесиби менен катар артисттик өнөрдү аркалап, эл ичин аралап, чет элге барып, концертке катышып келет. «Алтын Казык» орто мектебинде тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары болуп эмгектенет. Таланттуу шакирттерди

тарбиялоодо таалыкпай иштеп, маданиятка эмгек сиңирип жатат.

Өмүр бою маданият деп, анын күрдөлдүү сокмогунда жанып-күйгөн азыркы күндөгү ардактуу пенсионер, чоң комузчу, төкмө акын, такшалган дастанчы Садыр Султанов аксакал, манасчы жубайы Паизбү Жуманова көптөгөн өнөрпоздорго өз насыятын берди. Экөөнөн таалим-тарбия албаган артисттер район аймагында эле эмес область аймагында саналуу эле.

«Алтын булак» ыр-бий ансамблинин түптөлүшүнө бөтөнчө ийгиликтерди алып келген инсан бар, ал Жаныбек Султанов, анын жубайы белгилүү аткаруучу эстрада ырчысы Дамира Маматованын чыгармачылыгын кимдер билбейт. Алар Ноокат маданиятына салым кошуп эле калбастан, эстрада жанрына жаңылык жана жаңы адат киргизген. Жандуу музыка менен коштогон жагымдуу ырларды эл жүрөгүнө жеткиликтүү бере алышкан.

«Курманбек баатырдын 500» жылдыгына арналган эпос жана дастан айтуучулардын сынагы айыл жерлеринде өткөрүлүп, май айында жеңүүчүлөрдүн райондук сынагы уюштурулду. Анда жеңүүчү деп табылган Н.Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн тургуну Минура Бурканова Жалалабат облусунда өткөн республикалык сынакка катышып байгелүү орунга жетишип келди.

Облустук «Жаш талант» кароо сынагында райондун Төөлөс, Кыргызата, Караташ айыл өкмөттөрүндөгү мектеп окуучулары жана көркөм-эстетикалык мектептин тарбиялануучуларынан тандалган өнөрпоздор «Манас» айтуучулар жана сүрөтчүлөр арасында экинчи орунду жеңип алышты.

Райондун түзүлгөндүгүнүн 72 жылдыгына карата райондук билим берүү бөлүмү менен биргеликте окуучулар арасында край таануу жана тарыхый эстеликтерди үйрөнүү боюнча Зулпуев, Кулатов, Уркуя Салиева эстеликтеринин алдында райондук тарых музейинде жолугушуулар өткөрүлгөн.

Коомдук саясий ишмер Насирдин Исановдун ысымы өлкө аймагына маалым. Анын музейи жашында таалим-тарбия

алган өз мектебинде ачылган. Мекендештеринин, окуучулардын күчү менен журтташтардын демилгеси менен ага таандык буюмдар арбын чогултулган. Анын саясий ишмердүүлүгү айылдаштары үчүн алтынга тете. Өкмөт тарабынан бул маселеге терең маани берилип, атайын штат, имарат куруп берсе, келген коноктор ал тургай туристтер үчүн купулга толоорлук маалымат чогулуп калмак.

Тарыхта изи калган инсан Уркуя Салиеванын музейинде 2500 түрдүү сандагы буюмдар сакталган. Союз мезгилинде Алмата шаарынан атайын буюсту жасалып келинген. Жаштар үчүн кызыктуу, мазмуну терең музей жеке менчиктештирүүнүн кесепетинен музей кароосуз калган болчу. Ушул көп кырдуу көйгөйдүн айынан андагы штат жоюлуп кеткен.

1995-жылы облустагы финансы башкармасынын мурдагы башчысы Мамашарип Турдугулов Төөлөс айылынан депутаттыкка көрсөтүлүп, музейди калыбына келтирүүдө элдин талабы боюнча бир штат пайдаланууга уруксат берген. Ал мезгилден бери Калил Жороев мээнеттенип келген.

Кейиштүү бир жагдай бар. Зулпуев, Төөлөс, Кулатов айыл өкмөттөрүндөгү музейлердин штаттык бирдиктери кыскарып кеткендиктен экспонаттарды тарыхый табылгалар менен толуктоого мүмкүнчүлүк жок. Музейлердин имаратттарын ремонттоо иштерин колго алуу көрсөтмөлөрү менен айыл өкмөттөрдүн башчылары иш жүргүзбөй калышты. Муну Ноокат маданият кызматкерлери да, жалпы ноокаттыктар да билишет. Билип тим болбостон, абалдан чыгуу үчүн рухий байлыкты эңсегендер аракет кылып жатышат. Анткени жашоону кызыктуу, ары шаңдуу кылуу үчүн маданий эс алуу жайлары сөзсүз болушу керек.

Уркуя Салиева атындагы музейдин директору Калил Жороев алтымышта. Анын жубайы Төөлөс айылындагы Уркуя Салиева атындагы музыкалык мектептин мугалими Зуура Нуркамилова элүү беште. Алар он үчтөн ашуун неберенин чоң атасы, чоң энеси, таята, таэнеси. Алар кырк жылдан ашуун маданият тармагында эмгектеништи.

Ырчылык-бийчилик өнөрдү аркалашып, Кыргызстандын бардык аймактарында, ал тургай коңшу Өзбекстан, Казакстан, Тажикстан Республикаларында чыгармачылык сапарда болуп

кайтышкан. Чет өлкөдөгү фестивалдарга, конкурстарга катышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан. Эки жубай жашоосун ыр-күүсүз өткөрүшпөйт.

Алар «Алтын-булак» ыр-бий ансамблин уюштуруп, 1974-жылы «элдик ыр-бий ансамбли» деген наамга татыктуу болушкан.

Ленин районунда (азыркы Ноокен району) иштеп жүрүп 1980 жылы «элдик цирк» наамын алып келишсе, 1979-жылы Москвада өткөн эл чыгармачылыгы фестивалына үй-бүлөлүк ансамбли менен катышып 69 үй-бүлөнү жеңип, I орунду ээлөөгө жетишкен. Алар «Алтын медалдын» жеңүүчүсү болушкан.

1982-жылы Өзгөн районунда иштеп жүрүп «Элдик хор» деген наамды алып, элден бата алышкан.

Калил Жороев «Маданият кызматкерлеринин мыктысы» төш белгисине 2 жолу СССр Министрлер Советинин «ардак грамотасына 3 жолу татыктуу болгон. Өнөрпоз жубайлардын ийгиликтери арбын.

Төөлөс айылынын таланттуу кыздары бар. Алар: Нуркамилова Кимия, Закиров Семетей, Анарбаева Жаан, Сүйүнбаева Батма, Асанова Бүайша жана башкалар.

Таланты ташкындаган Төөлөстүн айымдары фольклордук ыр-бий тобун түзүү демилгесин өздөрү көтөрүп чыгышкан. Обон созуп, мукам үндөрү менен өзгөчөлөнүп көпчүлүктүн көөдөнүндө болушту. Алар: «Ыр бий ансамблибиздин уюштурулуп калышына өзгөчө райондук маданият бөлүмүнүн башчысы Жаныбек Султанов, облустук маданият департаментинин директорунун орун басары Орозбек Ашыров себеп болуп калышты. Кантсе да туура жол көрсөтүүнүн өзү үзүрлүү демилге го» деп ырасташат.

Эркиндик үчүн күрөшкөн Уркуянын элесин урматташып, мүрзөсүнүн айланасын жашылдандырып гүл коюшту. Уркуянын урпактары көңүлдөгүдөй болуп өткөндүгү баарынын эсинде. Андагы таланттар он сегиз жаштан жетимиш жашты түзсө да, алар өз улутунун каада-салттарын унутпай, ансайын аны такшалтып, эл алдына алып чыгышты. Бул эстетикалык, уюштуруучулук дем менен көпчүлүктүн эсинен чыкпай калды.

Уркуянын урпактары түштүк жергесинин нравасын, таланттын, тилин гана айгинилеп турбастан, ар тараптан өнүккөн улуттар аралык достуктун, биримдиктин жыйыны болгондугу айкын болду.

Ал демилгенин күчү менен «Дарди өттү», «Сабира-Сатаң», «Паризат» «Даткайым», ооз комузда «Тагылдартоо», «Кер Өзөн», «Бекарстан», «Желпиме» жана башка күүлөр жаңырды.

Уркуянын урпактары программасын ишке ашырууда райондун ошол кездеги акими А.Махаммадовдун, «Уркуянын урпактары» фольклордук-этнографиялык ансамблинин көркөм жетекчиси Зуура Нуркамилованын эмгеги арбын. А.Махаммадов майрамды өткөрүүгө активдүү катышкандыктары үчүн 10 миң сом, У.Салиева атындагы дыйкан чарбасынын башчысы К.Мизамов 5 миң сом акча каражатын ыйгарышкан.

## ИЙГИЛИКТИН БИРИНЧИ КАДАМЫ

**Мирзаматов Үмөтали** 1947-жылы Россия колхозунда туулган. 1964-1966-жылы Фрунзе шаарындагы эл чыгармачылыгы үйүнүн баян бөлүмүндө билим алган. Билими жогорку, эмгекти сүйгөн, жөнөкөй адам.

Ал 1966-жылы Россия колхозунун К.Жакыпов орто мектебинде иштөө менен эмгек жолун баштаган. 1969-жылдан тартып Россия орто мектебинде тарых мугалими болуп иштеген.

1974-жылы кыргыз мамлекеттик университетинин тарых факультетин сырттан окуу бөлүмүнө тапшырып, 1980-жылы аяктаган.

1980-1985-жылга чейин колхоздо маданият боюнча төрөганын орун басары болуп иштеген. 1993-жылдан бери жергиликтүү музейди жетектейт.

У.Мирзаматов мектепте эмгектенип жүргөн кезде, тарых кабинетине археологиялык бурч уюштуруп, музейдин алгачкы экспонаттарын топтой баштаган. Ал мезгилде окуучулар менен тарыхый экскурсияларды уюштуруп, жерди, табиятты

баалоого, сүйүүгө терең маани берип, изилдөө иштерин жүргүзгөн.

1980-жылы Кыргыз ССР маданият министри Ж.Нусупова келип колхоздун музейин ачып берет. Музей ачылгандан бери У.Мирзаматов музейди жетектей баштаган. Анын уюштуруучулук жөндөмү өтө жогору болгон. Өз ишин абдан сүйгөн, жоопкерчиликтүү мамилеси менен эл кадырына татыктуу болду. Музей эки кабаттуу типте курулган. Экспозициялык аянты 1004м$^2$. ушул күнгө чейин 153 чет өлкөлүк мамлкеттерден делегациялар келип көрүп кетишкен. Алардын музей жөнүндөгү пикири жакшы. Тарыхый экспонаттарга бай бул музейге алар жогору баа беришкен.

У.Мирзаматов эмгекти сүйгөн киши, экспонаттарды жаңы табылгалар менен толуктоо үчүн тынымсыз изденип, эмгектенет. Ушул күндө экспонаттардын саны 4000 ге жетти. Аларды рестоврациялоо иштерин өзү жүргүзүп, музейге жыл ичинде 2000 ден ашуун көрүүчүлөр келип турушат. Райондук мектепте окуучулар менен иштөөнү жакшы жолго койгон. Алар атайын түзүлгөн график боюнча келип көрүп турушат.

У.Мирзаматов колхоздо төраганын маданият боюнча орун басары болуп иштеп турган убакта жаш таланттар менен чыгармачылык топторду түзүүгө өз салымын кошкон.

1980-жылы түзүлгөн айылдык элдик театрдын уюштуруучуларынын бири. Бул театр өзүнүн жамааты менен бир нече спектаклдерди даярдашып, кароо-сынактарда байгелүү орундарды ээлеп келишкен.

Үмөтали Мирзаматовдун демилгеси менен музейге 50 сотых жер берилип, андан түшкөн каражаттар музейдин ишин жакшыртууга, ремонт иштерине жумшалат.

1993-жылдан бери айыл өкмөттө профсоюз комитетинин милдетин аткарат. Үй-бүлөөлүү, тогуз баланын атасы. Жашоо шарттары адам баласы үчүн бир гана жолу берилет. Ал шарттарды өчүрбөө үчүн сүйүү менен эмгек кылуу керек. Эмгек аркылуу адам чыныгы кужүрмөндүүлүктү жана бакытты табат.

## КИТЕП-РУХИЙ КАЗЫНА

*Жакшылыктын бардыгы улуулардан,*
*Бакытка жетем десең иште абдан.*
*Ж.Баласагын.*

Райондо китепканалардын саны азайып, сапаты жоголуп кеткен. Жалпы эсеп менен алганда китеп фондусу 1999-жылы 395666 болсо, 2000-жылы 391366 болгон. Китепканаларга түшкөн жаңы китептер 1999-жылы 1355, 2000-жылы 2728 даанага көбөйгөн.

Ал эми 2000-жылдан 2007-жылга чейин китепкана фондусунда дээрлик киреше болгон эмес. Мамлекет тарабынан эч кандай акча каражаты бөлүнгөн эмес. Бул кризис акыркы жылдарга чейин уланып келет.

2007-жылдан 2010-жылга чейин китепканалардын жандана баштаганы байкалат. Фонддордон, спонсорлор тарабынан аз болсо да, китепканаларга жаңы китептер келип түштү. Көркөм чыгармалар, жомоктор, өспүрүмдөр үчүн жыйнактар чогулду.

Китепкана кызматынын деңгээлин жогорулатуу максатында Көкжар айылдык китепканасында райондук семинар болуп өткөн. Арал, Борко, Байыш, Өрнөк айылдык китепканаларда адабий кечелер, жаңы китептердин бет ачары, жергиликтүү акын-жазуучулар менен жолгушуу өткөрүлгөн.

2005-жылы райондук китепканада китеп марафону өткөрүлүп 7 миңге жакын китеп чогулган. Ага райондун жетекчилеринин, айыл өкмөттөрдүн, жеке адамдардын салымы чоң.

Жеке китеп ээлери менен пикир алышуу, китеп алмашуу мамилелерин киргизүү аркылуу Көкжар айыл өкмөтүнөн Адылова Бурайма, Арал айылдык китепкана башчысы Азиза

Мырзаматова, Ак-Чабуу айылдык китеп кананын башчысы Зейнеп Шайымкулова, Караташ айылдык китепканачы Минавар Саттаров, Кулатов айылдык китепкананын башчысы Ырыс Алияскаровалар иштерин жөнгө салып, өз тажрыйбаларынын натыйжасында китепканалар үчүн жеңилдик алып келишкен.

Райондун аймагы боюнча Ата-Мекенин сүйүүгө тарбиялоодо жаштарды искусствого, маданиятка тартуу программасы иштелип чыккан. Улуттар аралык маданий өнүгүүнү колдоо, жаш муундардын руханий дүйнөгө болгон аракетин жогорулатуу эстетикалык багытта тарбиялоо боюнча китеп менен тейлөө иши Борбордук райондук китепканасы жана 30 айылдык китепкана филиалдары кызмат кылат.

Жалпы кызматкерлердин саны 44, китеп фонду 344100 нуска болуп, 21300 окурманды тейлейт.

Ноокат районундагы алгачкы китепкана 1934-жылы Эски-Ноокат айылында ачылган. Кийинки мезгилде райондук китепкана деп аталып, тейлөө бөлүмү, балдар бөлүмү көчмө китепканалык тейлөө бөлүмдөрү ачылган. Райондун аймагындагы айылдык кеңештердин китепканалары, райондук борбордук китепкана борборлоштурулган китепкана түзүлгөн.

1975-жылы адабияттарды топтоо жана иштеп чыгуу бөлүмү, көчмө китепканалык тейлөө бөлүмү 1976-жылы китепканалар аралык абонемент (МБА жана ООИЕФ) бирдиктүү китеп фондун алмаштыруучу, пайдалануучу, уюштуруу бөлүмү болуп түзүлгөн.

1984-жылы усулдук библиографиялык бөлүм ачылып, айылдык китепканаларга усулдук-практикалык жардам көрсөтүлүп турган. Бүгүнкү күндө Ноокат райондук борбордук китепканасында 4 бөлүм бар.

1. Тейлөө бөлүмү.
2. Усулдук бөлүм.
3. Адабияттарды топтоо жана иштеп чыгуу бөлүмү.
4. Балдар бөлүмү.

1975-жылга чейин Ноокат районунун жер-жерлердеги айылдык китепканалар, айылдык кеңештердин балансында болуп, каржыланып турган.

Жаңы алынган адабияттары райондук китепканага алып келинип, толук китепканалык иштөөдөн өткөрүлүп турган.

1988-жылга чейин азыркы Ноокат шаарында (мурдагы Эски-Ноокат айылдык кеңеш) эски парктын ичинде атайын 7 бөлмөдөн турган имаратта райондук китепкана өзүнчө, ал эми 4 бөлмөдөн турган имаратта балдар китепканалары иштеген. Андан соң 1988-1991-жылдары Кызылкыя көчөсүндөгү « Ноокат таңы» газетасынын редакциясы жайгашкан имаратка көчүрүлгөн.

1991-жылдын аягында райондук маданият үйү жана китепкана үчүн курулган. Атайын имаратка көчүп ушул күнгө чейин өз окурмандарын тейлеп келет.

Борбордук китепканада 1984-жылы 21 кызматкер, 17 китепканачы, 9 техникалык кызматкер эмгектенген. 1992-1994-жылдардагы финансылык кризистен улам 11 штат кыскартылып, МБА жана ООИЕФ бөлүмү жоюлган.

Китепканалардын өнүп-өскөн мезгили 1980-1990-жылдардын аралыгына туура келет. Бул жылдары район боюнча 52 китепкана болуп, анын ичинен айылдык филиалдардын саны 39га жеткен, ошондой эле 22 китеп берүүчү пункттары болгон.

Сегиз колхоздук 2 профсоюздук китепканалар иштеп турган. Китепканада эмгектенген 4 кызматкер «Кыргыз Республикасынын маданиятынын мыктысы» төш белгисинин ээлери болгон.

Кыргыз Республикасынын маданият министирлигинин ардак грамотасы менен 4 кызматкер сыйланган. 2000 жылы борбордук китепкана Ош шаарынын 3000 жылдыгына карата өткөрүлгөн массалык китепканалар аралык кароо сынакта край таануу багыты боюнча мыкты жетишкендиги үчүн III даражадагы диплом менен сыйланган.

2002-жылы облустук китепканалар аралык «китеп билим булагы» конкурсунун талаптарына ылайык калктын руханий байлыгын көтөрүүдө эң мыкты ишмердүүлүгү үчүн «жылдын мыкты китепканасы» деп табылып III даражадагы диплом менен сыйланган.

2005-жылы облустук китепканалар аралык китеп-билим булагы» кароо-сынагынын суроо-талабына ылайык тарых,

маданият, үрп-адат, каада-салт, асыл нарктарды аздектеп сактоону калкка жайылтууда мыкты ишмердиктери үчүн «жылдын эң мыкты китепканасы» деп табылып I даражадагы диплом менен сыйланган.

Облустук китепканалар аралык «китеп билим булагы» усулчулар арасындагы кароо сынакта «китеп билим булагы кароо сынагынын талаптарына ылайык жалпы иштерди уюштуруудагы өзгөчө аракеттер, эмгеги үчүн «эң мыкты усулчу» деп борборлоштурулган китепкана тармагынын усулчусу Базарбаева Замира сыйланган. Анын уюштуруучулук сапаты китепкананын иштөө таржымалын системалаштырууга түрткү берип турган.

Райондук балдар китепканасы 2002-жылы китепканалардын материалдык-техникалык базасын чыңдоо, элди тейлөөдөгү чыгармачылык иштерди жолго коюу максатында өткөрүлгөн. «Китеп-билим булагы» аттуу райондук кароо сынакта борбордук китепкананын бөлүмдөрү арасында I орунду алып, «ардак грамота» менен сыйланган.

2005-жылы райондук китепканалар арасында «китеп-билим булагы» кароо сынагынын мүдөөлөрүнө ылайык калктын рухий маданиятын көтөрүү жана жаш өспүрүмдөрдү китеп менен тейлөө жаатында «жылдын мыкты китепканасы» ардак грамотасы менен, 2007-жылы облустук Т.Мияшев атындагы балдар китепканасынын 40 жылдыгына арналган «эң мыкты балдар китепканасы 2007» аттуу кароо сынактын жүрүшүнө активдүү катышуу, балдар арасындагы китептин кадыр-баркын көтөрүү ишмердүүлүгү үчүн I даражадагы диплом менен сыйланган.

Дыйканова Жамила, Өмүрзаков Турат, Ниязова Нартажи, Миңбаева Ажар, Айдарова Жыпар бул инсандар китепкананы жетектеп, ага таалыкпаган, баалуу эмгек сарп калышкан.

Айыл жеринде жашаган калкты «Маалымат алуу очогу» катарында тейлөө маселеси ириде турат. 2008-жылы китепкана кызматкерлеринин I форуму болуп өткөн. 2008-жылдын 18-июнунда КР өкмөтүнүн №308 токтомуна ылайык тарыхта биринчи жолу «27-май» КР китепкана кызматкерлеринин күнү болуп белгиленип, ал биринчи жолу 2009-жылы майрамдалды.

2009-2012-жылдары китепканаларды өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасы иштелип жатат.

2000-жылы «Ош шаарынын 3000-жылдыгына арналган кароо-сынакта IIIорунду, 2000-2005-жылдары Ош облустук мамлекеттик администрация тарабынан уюштурулган «Китеп билим-булагы» кароо сынакта I орунга татыктуу болгон.

2007-жылы Ош областтык мамлекеттик администрация тарабынан уюштурулган «Жылдын мыкты балдар китепканасы» аттуу кароо сынакта I орунга ээ болгон.

Жыпар Айдарова Ноокат райондук борборлоштурулган китепкана тармагынын директору, КР маданият жана маалымат министирлигинин «Маданияттын мыкты кызматкери» төш белгисинин ээси болгон.

Китеп рухий казына, жумурай-журттун көөдөнүнө анын улуулугу жана узун-туурасы, тереңдиги жетүүсү зарыл. Себеби биз сөз аркылуу Кудайды тааныйбыз, сөз аркылуу тирүүүлүктү аңдайбыз. Сөздүн кудурети менен бири-бирибизди сүйөбүз, кубантабыз, капа кылабыз. Сөздүн кудурети ааламдын эгедери Кудайда болуп жаткан соң, сөздүн жана адилеттиктин сырын алуу үчүн адамзатка өз жүрөгүн кенен ачуу мүмкүнчүлүгү турат.

## МУЗЕЙ-ТАРЫХЫЙ МУРАС

*Өткөндүн баары, үйүр үчүн сабак*

Ноокат райондук тарых музейи 1976-жылы октябрь айында Ноокат райондук маданият бөлүмүнүн башчысы А.Ырысов жана райондун билим берүү бөлүмүнүн жардамынын негизинде, жергиликтүү аткаруу комитети тарабынан түзүлгөн.

Музей алгачкы коомдук түзүлүш доорунан колхоздоштуруу мезгилине чейинки феодализмди жана социализмдеги жашоо-шартты чагылдырып турат.

Музей уюшулган жылдан баштап Калыева Кимсан эжекебиз эмгектенген. 1996-жылдан бери Исаков Абдрасул Садыкович иштеп келе жатат. Биринчи музей имараты, азыркы маданият үйүнүн ордунда райондун паркы болгон. Ал парктын ичинде кичинекей бөлмөлөрдөн турган имарат эле.

1981-жылдан Ош тарыхый корук музейинин азыркы күндө «Сулайман-Тоо» улуттук, археологиялык музей комплексинин бөлүмү болуп уюшулган. Штат боюнча райондук тарыхый музей, Уркуя Салиева мемориалдык музей комплексин жана Т.Зулпуев айылдык музейин каржылайт.

1983-жылы Кызылкыя көчөсүндө эки кабаттуу имарат курулуп бүткөндө музей эмеректери көчүрүлүп азыркы «Ноокат таңы» гезитинин редакциясы жайгашкан имараттын жаралышына тарых музейин жайгаштырган.

2000-жылы белгисиз себеп менен музей маданият үйүнүн боорундагы спорт комитетинин бөлмөлөрүнө көчүрүлөт.

2004-жылдары райондук маданият үйү тарабынан эки бөлмө ажыратылып, жайгашкан соң музей көрүүчүлөрү тейленип келди.

2009-жылы райондун 80-жылдык мааракеси КР өкмөтүнүн №164 буйругуна ылайык маараке өткөрүү токтому

кабыл алынды. Ноокат 80 коомдук фонд уюштурулуп, фонддун эсебине райондун борборуна музей имаратын куруу демилгеси райондук администрация тарабынан демилге көтөрүлдү. Ноокат 80 фондунун башчысы Асамидин Марипов орун басары Ж.Ураимова болуп дайындалган. Борбордо Ж.Ураимованын жетектөөсү менен марафон уюшулуп, 166 миң сом накталай, 2 млн сом которуу жолу менен жыйналды.

Ноокат маданият үйүндө марафон уюшулуп, 6 жүз миң накталай, 1 млн которуу жолу менен акча каражаты жыйналган.

Ноокат райондук тарыхый музейин маданият үйүнүн түштүк жагына куруу максаты коюлду.

Музей имаратын куруу маселеси Ош «Баймен» жоопкерчилиги чектелген курулуш коомунун директору Өмүрзак Анарбаевке берилген экен. Имараттын курулушун 2010-жылдын 15-июнундан баштап, сентябрдын орто ченине бүтүрүп беришти.

Имараттын ички көркөм жасалгалоосун Оштогу жеке ишкер Алимбек Назеков менен келишим түзүлдү.

А.Назековдун тобу жасалгалоо жумушун өтө тездик менен башташты, себеби Ноокаттын 80 жылдык маарекесине 18 күн калган. ТЭП тематикалык экспозиция план текстерин «Ош-Сулайман-Тоо» улуттук археологиялык музей комплексинин тарых кызматкерлерине бекитилген.

1. Темиралиева Гүлжамал генералдык директордун орун басары.

2. Абдурасулов Акматжан башкы насаатчы-усулчу.

3. Жумабаева Адалат тарых бөлүмүнүн башкы усулчусу.

4. Исаков Абдрасул Ноокат тарых музей бөлүмүнүн жетекчиси. Тарыхчыларга күн-түн дебей эмгек кылууга туура келди. Шарт түзүп берүү маселесине Ноокат маданият бөлүмүнүн башчысы Ж. Султановдун салымы бар экенин баса белгилөө керек.

Көркөм дизайнерлер тобу, тарыхчы усулчулар менен биргеликте иш алып барууда А.Исаковдун эмгегин атоо зарыл.

Музей имаратына 3 млн 800 миң сом жумшалды. Ички жасалгалоого 80040 миң сом чыгымдалган.

Тарых музей үч коомдук түзүлүштү чагылдырып турат.

1. Феодализм, 2. Социализм, 3. Эгемендүүлүктү. Ноокаттын пайда болушу тарыхый кол жазмаларга байланыштуу.

Райондун аймагындагы тарыхый эстеликтер 1895-жылдан Н.Бартольд саякатчы, илимий ишмер тарабынан тарых илимдерине белгилүү боло баштаган. Ал эми XX кылымдын аяк ченинде Ош мамлекеттик окуу жайынын тарыхчысы тарабынан Л.Жусупакматов жетектеген топ Ноодогу тарыхый кол жазма, белгилүү сүрөттөрдү изилдеп чыгышты. Кол жазмалар коло доорунун аяк ченинен орто кылымга чейинки болуп, ошол доордогу мифологияны, астрологияны, нур сааты жана астрономиясы деп билишкен.

Каракокту айылынын этегиндеги капчыгай ичинде тоо башындагы сүрөттөр, жан-жаныбарлардын сүрөтүн биздин заманга чейинки давандыктар мезгилине таандык деп билишкен.

Ноодогу кат деген пикир эски аталыштан келип чыккан. Дин пайда болгонго чейин жергиликтүү байыркы калк буркандарга табынышкан (жандуу жана жансыз нерселерге сыйынышкан). Ушундан улам байыркы мүрзөлөр кездешет. Мисалы: Абшырата, Кыдырата, Саабаата, Камалата, Улуутоо, Көктоңдуата, Имамата, Пайгамбар таш деп сыйынып келишкен.

Райондогу айыл өкмөттөр аралык жергиликтүү маанидеги 13 эстелик бар. Бул эстеликтер Афган, Улуу Ата-Мекендик согушка катышкандарга, курман болгондорго арналат.

Республикалык мааниде 39 тарыхый мурас эстеликтер бар. Буларга ташка чегилген кол жазмалар, дөбөлөр жана күмбөз мазарлар кирет. Райондун аймагында дагы да изилдене элек жерлер, зоо-таштаргы сүрөт кол жазмалар көп.

Ноокат аймагында изилдене элек коло дооруна таандык, феодалдык доорго таандык булактар бар. Бул аймакта кыргыздын чын эле байыркы эл экенинен кабар берген ачылыштар арбын. Байыркы зоокалуу жерлерге Ноокаттын эски журту көккө табынып, курмандыктарды чалышкан. Шаман дин эрежелерин тутунган айрым уруулар да болгон. Алар жаныбарларга, отко, сөлөкөттөргө арнап курмандык алып келишкен. Мындан улам түпкү аталары бир болсо да

кийинчерээк урууларга бөлүнүп, тутунган диндери ар түрдүү экени талашсыз болуп калды.

Дин менен элди бириктирүү зарылчылыгы болсо да, ички дүйнөнү багындыруу мүмкүнчүлүгү болгон жок. Анткени ар бир адам өз ишеними менен жашайт. Ошол сыяктуу ишенимдүү эски Ноокат журтунун тарыхын, маданиятын изилдөө эки муундун өмүрүн улгайтат. Мында Ноокат археологиялык табылгаларга бай зонага айланары бышык.

## БАСКАН ИЗ

Таникулов Ташмамат Акматович 1970-жылы 7-ноябрда Ноокат районуна караштуу Т.Зулпуев айыл округунун аймагындагы Үч-Бай айылында туулган.

Мектеп жашына чейин ата-энесинин колунда тарбияланган.

1978-жылы К.Жакыпов азыркы К.Бобулов атындагы «Баргы» орто мектебине 1-класска барган. Аталган мектепти 1988-жылы ийгиликтүү аяктаган. Ушул жылы Ош педагогикалык окуу жайынын музыка бөлүмүнө тапшырды.

Окуу жайды 1991-жылы аяктап, К.Бобулов атындагы «Баргы» орто мектебине музыка мугалими болуп эмгек жолун баштаган. Учурда аталган мектепте иштеп жатат. Үй-бүлөдө 2 уул, 2 кызы бар.

Билим берүү тармагындагы чыгармачыл аракеттерин эске алып, райондук, областтык, министрликтин Ардак грамотасы, дипломдору, сыйлыктары менен сыйланган. Ыр дүйнөсүнө табиятынан жакын адам катары таланттуу, өнөрпоз экендиги бааланып келди. Жаш мугалимдин аткаруу чеберчилиги менен бирге бир нече патриоттук, сүйүү темасын даңазалаган ырлардын автору катары белгилүү болгон. Жараткан ыр жыйнак альбомдору элдин табитине уккулуктуу жагымдуу келип, чоң ийгиликтерге жетишип келе жатат.

Элдик өнөр катары билимин, шыгын, жөндөмүн чыгармачылык жаатындагы талантын элибиздин биримдиги, улуттар аралык ынтымакты даңазалап жаштарга үлгү болууга аракеттенип жатат.

Т.Таникуловдун чыгармалары «Апакем», «Сонунбү», «Наргизам», «Ак кептерим», «Булбул», «Группалаштар».

Согуштун 65 жылдыгына карата өткөрүлгөн кароо-сынакта 2-орунду алган.

## ЫР ЖАШООНУН ДАРАГЫ МУЗЫКА – АНЫН БУТАГЫ

Ноокаттын советтик түзүлүштөн кийинки жашы сексен. Ал байыркы чөлкөм экенине карабай эстетикалык уңгусун элге жайылтып, журт ордосунда болуп, таланттарды кучагына алып келет. Абасы таза, суусу мөлтүр, шамалы шагдам, аптабы салкын жерди мекендеген элдин эл болуп жашап, көбөйүп отурушу өзүнчө сыймык.

Ноокаттын сексен жылдыгы белгиленип жатты... айылдыктар үчүн бул ырахаттуу салтанат болду.

Ноокат районундагы Кыргызата балдар музыкалык мектеби 1976-жылы ачылган. Мектепте 17 мугалим иштейт, 3 мугалим эл агартуунун отличниги, 1 мугалим маданиятка эмгек сиңирген ишмер.

Мектепте 4 бөлүм бар.

1. Фортепиано
2. Кыргыз эл аспаптары (комуз, ооз комуз, кыяк)
3. Орус эл аспаптары (аккордеон, баян, пиллектр комуз).
4. Үйлөмө аспап (труба, флейта, клернет).

Мектепте 95 бала окуйт. 1976-жылдан 2008-жылга чейин 600 дөн ашуун бүтүрүүчүлөрдү чыгарып, алардын көпчүлүгү консерватория университеттерде окуп, үзүрлүү эмгектенип жатышат. Белгилей кетсек: жаш композитор – Абидин Темиров, Т.Бөжөков, К.Зайнидинов, Н.Кочкоровдор. Жалпысынан 90%га жакын бүтүрүүчүлөрүбүз ушул мектептен окуп, жогорку окуу жайларына тапшырып бүтүп келип, кайта өз кесиби боюнча Кыргызата балдар музыкалык мектебине келип иштеп жатышат. Өз кесиби боюнча иштеген мугалимдердин стаждары 32 жылды түзөт.

Мектепте таланттуу мугалимдердин изденип иштөөсүнүн натыйжасында мектептин авторитети, тазалыгы, балдардын

билим деңгээлинин күчтүүлүгү, ар бир класстын жасалгасы, жылына өткөн кароо-конкурстардын жыйынтыгы Кыргызата балдар музыкалык мектебинин мугалимдеринин шыгына шык кошуп келет.

2003-жылы мектепте кыргыз эл аспаптар оркестри түзүлгөн. Оркестр составы чоң чыгармалар менен камтылып, күн сайын чыгармалар жаңырат. «Ааламга жол айылдан башталат» дегендей 2003-жылы уюшулган оркестрдин таланттуу мугалимдери, музыкалык мектепти бүтүп кеткен мугалимдер жана окуучулар менен толукталат.

2006-жылы мектептин 30 жылдык юбилейи өткөрүлдү. Бул юбилейге райондук өкүлдөр, Ош шаарынын мэриясы жана ар бир райондун музыкалык мектептин директорлору Б.Ниязалы атындагы окуу жайдын директору жана мугалимдери катышты.

Таланттардын талантын такшалтууда 17 жогорку билимдүү мугалим эмгектенет. Бул мектепти түптөп, таланттуу балдарды топтоп, эл арасында түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт. Эл агартуунун отличниги 34 жылдык эмгек стажы бар Жаанбаева Тажинисанын эмгеги зор. Ал мектепте фортепиано, комуз, аккордеон, труба, кыяк класстарын ачып жана оркестр балдар хорун түзүп, ар бир бөлүмгө таланттуу балдарды тартты.

Натыйжада ал окуткан балдар музыкалык мектебинде иштеген мугалимдер А.Тойгонбаева, А.Насырова, К.Карабаева, Ж.Эргешова, Н. Зайнибидинова, Н.Юлдашев, С.Матиев сыяктуу мугалимдердин эмгеги чоң. Алар окуткан балдар республикалык, областтык, райондук кароо-конкурстарда дайыма 1-2 орунду алышкан.

Мугалимдердин эмгегин баалап, мектептин директору Жаанбаева Тажинисага 1986-жылы областтык маданият башкармасы тарабынан ардак грамотасы, 2002-жылы эл агартуунун отличниги, 2001-2003-жылдары райондук администрациясынын ардак грамотасы менен сыйланган.

«Изденүү ийгиликтин ачкычы» райондун 80 жылдык маарекесине айылдагы музыкалык мектептен түзүлгөн оркестрдин, хордун ишин балдардын талантын такшалтууга, билим деңгээлин жогорулатууга жана айыл ичиндеги

маданиятты көтөрүү максаты турат. Кыргызата музыкалык мектептен таалим-тарбия алып кеткен таланттуу инсандар менен айылдаштары сыймыктанат.

Кыргызата айылындагы БММ 1975-жылы Ноокат районуна филиал болуп ачылган. 1976-жылы Кыргызата балдардын музыкалык мектеби болуп ачылып, алгачкы директору Абдирашит Салибаев иштеген.

1977-жылдан 1980-жылга чейин Нуранов Каныбек иштеп кеткен. Элүү баладан турган контингент, 9 мугалим иштеген. Окуу бөлүмүнүн башчысы Тажиниса Жаанбаева иштеген.

1982-жылы Шамурза Бердиев мектепти жетектеп, окуу бөлүмүнүн башчысы болуп Т.Жаанбаева иштеген. Окуу тарбия иштерин колго алып, мектеп окуучуларынын билим деңгээли талапка жооп берет. Алар конкурстарда I орунга татыктуу болуп, акчалай сыйлыктардын ээси болушкан.

1996-2000-жылдардагы кароо сынакта Кыргызата БММинин эмгек жамааты жана окуучулар коллективи көөнөрбөс өнөрлөрү үчүн жогорку деңгээлдеги сыйлыктарга жетишкен.

2000-2003-жылы республикалык кароо-сынакта райондо кыргыз эл аспаптар оркестрин түзүп, балдардын хорун уюштуруп, областа I орунду ээлеген. Бул мектептин ийгиликтеринин жемиштери. Мектептин мугалимдери өздөрүнүн билим деңгээлин курстарга барып жогорулатып келишкен. Мисалы: Т.Жаанбаева Бишкекте билимин жогорулаткан. Ал эми Тойгонбаева, Карабаева ,Марипова, Насирова, Эргешова ж.б. билим деңгээлин жогорулатып, атайын курстарды Ош шаарынан окушкан.

Музыкалык мектептен таалим алып кыргыз журтчулугуна өз өнөрлөрүнүн шыбагасы менен кызмат кылгандар арбып барат.

1976-жылдан 2010-жылга чейин 650дөн ашык бүтүрүүчүлөр билим алышкан ,алардын арасында А.Темиров, Т.Бөжөков, К.Зайнидинов кыргыз элине рухий байлык тартуулап, талантарын такшалтууда.

Т.Жаанбаеванын 33 жылдык эмгек стажы бар. Музыкалык мектеп областтык кароо сынакта 1-3 орунга татыктуу болуп келген.

Т.Жаанбаева 1986-жылы областык маданият башкармалыгы тарабынан ардак грамота менен, 1998-ж Маданият министрлигинин грамотасы, 2002-жылы «Эл агартуунун отличниги», 2001-2003-2006-жылдары райондук администрация тарабынан ардак грамоталар менен сыйланган.

Музыкалык мектептин ардактуу мугалимдери бар. Алар: Карабаева, Эргешова, Матиев, Юлдашев ж.б. мугалимдер. Талантка бай дүйнөсүн балдарга ачып берип, үзүрлүү эмгектенип, жумурай-журттун мактоосуна, сыйлыгына татыктуу болушкан. Адам өлсө да, талант өлбөйт, андагы сүйүү өчпөйт, алар түбөлүктүү.

## УЛУУЛАРДАН КАЛГАН МУРАС

Уркуя Салиева музейи 1980-жылы Салиева колхозунун күчү менен Бишкек шаарындагы Михаил Васильевич Фрунзе атындагы музей кызматкерлеринин жардамы менен, Мургкут айылынын борбордук багына музей комплекси ачылган. Музейдин айлана чөйрөсү 80 сотиктен турат, музей өзү жайгашкан жери 3502м түзөт. Музейде 1560 экспонат бар. Музей бир жыл ичинде 1200дөн 1300гө чейин көрүүчүлөр тейлейт. Ушул эле музейге чет мамлекеттерден да туристтер келишип турушат.

Мисалы: Кытай, Афганистан, Германия, Турция, Швеция, Америка, Франциядан жана окуучулар, студенттер айылдагы шаардагы ишкерлер кызыгуу менен келип көрүп турушат. Даталуу күндөрдө музей комплексинде түрдүү кечелер өтүп турат. Музейдин алдында «Уркуянын урпактары» элдик ыр бий этнографиялык ансамбли түзүлгөн. Бул ансамбль 1987-жылы уюштурулган.

Уркуя Салиева 1907-жылы февраль айында Ноокат уездиндеги Бешбурхан кыштагында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Уркуянын атасы Жумагул бай-манаптарда малай болгон. Анын энеси да байлардын жумуштарын аткарган. Жумагул сыяктуу кедейлердин турмушу Улуу октябрь революциясынан кийин гана жакшыра баштаган. Уркуя

Ленин Комсомолунун катарына селодогу жашаган кыргыздардын ичинен биринчи болуп кирген. Мындан кийин ал село өткөрүлгөн бардык коомдук иштерди активдүү катышуучусу болот. Уркуя 1928-жылы селолук советтин председатели болуп бир добуштан шайланат. Совет бийлиги үчүн күрөшөт.

Өткөн жылдардын башында Республикабыздын бардык жерлеринде жайында колхоздор түзүлө баштайт. Бул иштин башында большевиктер менен колхозчулар болот. Кедей-кембагалдардын жаңы турмушка умтулуп жатканын бай-манаптар,кожо-молдолор жактырышпайт. Алар жаңыдан уюшулуп жаткан колхоздордун жетекчилерине душман боло башташат. Айыгышкан күрөш күчөп турган ошол жалдарда кыргыз элин чыныгы кызы Уркуя Салиева да жардам берет. Айылдаштарынын урмат-сыйына ээ болгон. Уркуяны колхозчулар Кыргызстандын советтеринин сьездинде делегат кылып шайлашкан. 1932-1933-жылдарда Уркуя Салиева биринчи май сельсоветинин председатели Арундун уулу Эшмат аркылуу камакка алынат. Бул ишке тургандан кийин Уркуя айрыкча уюштургучтугун көрсөтүп, совет бийлигин чыңдоо үчүн күрөшөт, аеосуз күрөш жүргүзөт.

Түн бир оокум болуп калган. Уркуянын үй-бүлөсү да тынч уйкуда эле. Басмачылар аны жырткычтык менен өлтүрүп кетишет. Бирок Уркуянын иши өлгөн жок. Анын ишин улантуучулар чыкты. Кан тамган жерге гүл өстү, бирок Уркуянын эмгеги, эрдиги, элеси эч качан унутулбайт.

## УРКУЯНЫН ЭЛЕСИ

Эл кызы эрдигин эске туткан,
Эл үчүн, эртеңки  үчүн учкан,
Эрк байлап, эрдемсинип, атак учкан.
Уркуя сен жүрөсүң арабызда,
Эрк берип, кайрат берип баарыбызга.

Кыргызга бир көрүнүп аткан таңдай,
Кыйылдың кырчын кезде кыйган талдай,

Кыл кайнар кызыл күрөш учурунда,
Кыйылдың улуу ишиң улантылбай,
Уркуя сен жүрөсүң арабызда,
Эрк берип, кайрат берип баарыбызга.
Улуу иш улантылып, күчүн топтоп,
Багынтып басмачынын баарын соттоп,
Балбылдап ар жаз сайын гүлдөр жайнайт.
Уркуя сенин аппак жүзүңө окшоп,
Уркуя сен жүрөсүң арабызда,
Эрк берип, кайрат берип баарыбызга.

## НООКАТ РАЙОНДУК БОРБОРДУК КИТЕПКАНА БОЮНЧА:

Ноокат районунда алгачкы китепкана 1934-жылы райондун борборунда Эски Ноокат айылында ачылган. Кийинчерээк райондук китепкана деп аталып, ага тейлөө бөлүмү, балдар бөлүмү жана көчмө китепканалык тейлөө бөлүмдөрү берилген.

Райондун аймагында айылдык кеңештердин китепканалары бириктирилип, 1975-1978-жылдары райондук борборлоштурулган китепканалар тармагы түзүлгөн. Ошонун негизинде райондук борбордук китепкананын аткаруучу милдеттери көбөйгөндүктөн, 1975-жылы адабияттарды топтоо жана иштеп чыгуу бөлүмү, көчмө китепканалык тейлөө бөлүмү, 1976-жылы китепканалар аралык абонемент (МБА и ООМЕФ) бирдиктүү китеп фондун алмаштырууну жана пайдаланууну уюштуру бөлүмү түзүлгөн.

1984-жылы усулдук библиографиялык бөлүм ачылып, айылдык китепканаларга усулдук-практикалык жардам көрсөтүлүп турган.

Бүгүнкү күндө Ноокат райондук борбордук китепканасында 4 бөлүм бар.

1. Тейлөө бөлүмү.
2. Усулдук бөлүм.
3. Адабияттарды топтоо жана иштеп чыгуу бөлүмү.
4. Балдар бөлүмү жана 30 айылдык китепкана филиалдары иштейт.

Китепканада эмгектенген 4 кызматкер «Кыргыз Республикасынын маданияттын мыктысы» төш белгисинин ээлери, Кыргыз Республикасынын билим жана маданият министрлигинин Ардак Грамотасын алууга 3 кызматкер татыктуу болушту.

Борбордук китепкананын жалпы китеп фонду - 54050 нусканы түзүп, жылына 4 миңге жакын окурманды тейлейт.

Китепкананы алгачкылардан болуп Дыйканова Жамила, Турат Омурзаковдор жетектеп үзүрлүү эмгектенип келишкен.

2000-жылы борбордук китепкана Ош шаарынын 3000 жылдык

маарекесине арналган облустук кароо-сынакта III-орунду, 2002-жылы «Китеп билим булагы» аттуу облустук кароо-сынакта III-орунду, 2005-жылы «Китеп билим булагы» облустук кароо-сынагында 1-орунду алышты.

Райондук борбордук китепканадагы «Ак тилек» поэзия сүйүүчүлөр клубунун уюшулганына көп жылдар болуп, улам кийинки жаш таланттарды элге алып чыгууда, ошондой эле, көркөм окуу, кол өнөрчүлүк ийримдери иштейт.

2007-жылы Ош облусундагы балдар китепканалары арасында «Эң мыкты балдар китепканасы» кароо-сынагында райондук балдар китепканасы I орунду жеңип алды.

2008-жылы Кыргызата айыл округунун №5 Ак-булак китепкана филиалы «Мыкты китепкана» республикалык кароо-сынагында түштүк регион боюнча 1-орунду жеңип алды.

Ноокат райондук балдар музыкалык мектептери боюнча:

Ноокат районунда алгачкылардан болуп райондун борборундагы мурунку маданият үйүнүн бир бөлмөсүндө 1967-жылы балдар музыкалык мектеби ачылган. Анда үч бөлүмдө комуз, аккордеон жана үйлөмө аспаптар бөлүмү болуп, 25 окуучуга үч атайын орто жана жогорку билимдүү мугалимдер иштешкен.

Жетекчиси Салибаев Абдрашит болгон. Кийинчерээк райондун пионерлер үйүндөгү бөлүнүп берилген атайын бөлмөдө сабак өтүлүп келген. Анда иштеген мугалимдерден белгилүү композитор маркумдар Б.Абдраимов. Ш.Берднев 1972-жылы азыркы Н. Крпуская атындагы орто мектебинин короосундагы жыгачтан курулган чакан имаратка көчүрүлүп, окуучунун саны 75 болгон. Анда жаш муундарга музыкалык таалим-тарбия берүүдө атайын билимдүү 7 мугалим фортепиано, комуз-кыяк, үйлөмө аспаптар, рубаб жана баян-аккордеон класстары ачылган. Ал убакта директор болуп Сейитов Аскар иштеген. 1977-жылы атайын жолдомо менен Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун музыка

кафедрасынын мугалими Алпеков Исамидин келип, мектептин ишин алдыга жылдыруу максатында көптөгөн жумуштарды аткарууга жетишти. Алсак мектептин ички-тышкы ремонтун жылуулук системасын ишке киргизди. Мектепте үйлөмө оркестрди даярдап, райондук масштабдагы бардык кечелерде өз өнөрлөрүн көрсөтүп келишкен.

Райондун борборунда болгондуктан мектепте көп улуттун балдары окушкан. Мисалы: өзбек, орус, түрк, немец, дунган. Облустук, республикалык кароо-сынактарга катышып. Байгелүү орундарга жетишип келишкен. Учурда мектептин окуу кааналары жетишпегендиктен маданият үйүнүн биринчи кабатынан 4 бөлмө маданият бөлүмүнүн башчысы Ж.Султановдун сунушу боюнча берилип, толук ремонттолуп сабактар толук кандуу өтүлүүдө. Мектепте учурда 85 окуучуга 15 жогорку жана атайын орто билимдүү адистер эмгектенишүүдө, алардын экөөнүн алсак мектептин директору 32 жылдан бери ушул мектепте иштеп келген. «Эл агартуунун мыктысы» төш белгисинин ээси тажрыйбалуу мугалим Абдималиков Зарудин жана «Эл агартуунун мыктысы» Нышанбаев Кубанычбек ардагер мугалим Алпеков Исамидин жана Жумабаева Айнура, Сулайманова Патима жана башкалар.

Борбордук мектептин ар бир 2-3 жылда өзүнүн филиалдары ачылып, окуучунун саны 50гө жеткенде өзүнчө мектеп болуп ачылган. Кадр маселеси да каралып, кайсыл аспап боюнча окуу жайын бүтүрсө өз кесиби боюнча жумушка кабыл алынган. Убагында колхоз-совхоздордогу өтүлүүчү майрамдар, ыр-кеселер биздин мектептердин мугалимдери жана окуучуларсыз тузу кем оокаттай болчу. Азыр деле балдар-кыздарыбыз, агай-эжелер өтүлүүчү кечелерге үзбөй катышып, өз өнөрүн элибизге тартуулап келишет.

1974-жылы Тельман атындагы колхоздо мектептин 25 окуучу менен филиалы ачылып, анда комуз жана кыяк, баян-аккордеон класстары боюнча үч бөлүм болгон. 1978-жылы саны 50 окуучу, 6 мугалим менен өзүнчө мектеп болуп ачылган. Директору маркум Бердиев Шамурзанын демилгеси менен эски төрөт үйүнүн имараты ремонттолуп, окуу-тарбия иштери жанданып, кадрлар менен толукталып, окуучулардын

музыкага болгон шыгы артып райондук гана эмес облустук, республикалык кароо-сынактарга катышып, байгелүү орундарга ээ болушкан. Учурда ал мектеп шарты бар, кадрлары толук жетишип, мурунку колхоз правлениесинин имаратында жайгашкан. Өздөрүнүн бүтүргөн окуучулары жогорку жана атайын музыкалык окуу жайларынан окулуп, кайрадан өздөрү учкан уяларында жана райондун башка мектептеринде облусубуздун булуң-бурчтарында үзүрлүү эмгектенип келүүдө. Жумурай-журтка таанымал болгон Абидин Темиров ошол мектептин бүтүрүүчүсү. Азыркы учурда аталган мектепте 3 мугалим, «Билим берүүнүн мыктысы» төш белгисин алышкан. Бул жетишкендиктер жөн гана болгон жок. Ал үчүн түн уйкусун кечип, мектеп үчүн жанын аябаган. Өйдө-төмөн чуркап кемчилдиктерин таап, ремонт иштерин да талаптагыдай жасашкан, ал турсун мектепке белгилүү инсан, көп жылдар райондук маданият бөлүмүн жетектеп келген маркум Ташбалта Жамаловдун ысымын аталган мектепке ыйгарылуусуна жетишкен. «Эл агартуунун мыктысы», тажрыйбалуу эжеке учурдагы директору Тажикан Жаанбаеванын эмгегин баалабаса болбос.

Мындан сырткары райондо дагы 3 мектеп филиал болуп ачылган, кийинчерээк окуучунун саны көбөйгөндөн улам өзүнчө балдар музыкалык мектеби болгон. Атап айтсак: Найманда, Зулпуев айыл өкмөтүндө жана У. Салиева айыл өкмөттөрүндө Найман айылында көп улуттун калкы жашап, 78 окуучу менен мектеп ачылып аны «Эл агартуунун мыктысы» ардагер мугалим Аширбаев Калил жетектеп келген. Азыркы учурда ал мектептин толук атын Көкжарга котоаруп, Найманда калктын катмары азайып кеткендигинен ал жерде филиалы болуп калды. Азыр Көкжардагы мектепти жаш кадр мурунку окуу бөлүмүнүн башчысы Камардинов Мамажусуп жетектеп келет.

Төртүнчү мектеп болуп анда Россия колхозунда азыркы Зулпуев айыл өкмөтүндө ачылган. Анда 60 окуучуга 9 мугалим өз билимдерин берип келишет. Алгачкы жетекчиси Алымкулов Осмон агай болгон. Азыркы учурда мектепти тажрыйбалуу эжеке Мурзакаримова Калыя жетектейт. Окуучунун ар биринин билим деңгээлине жараша тарбия берип, жогорку окуу

жайларынан окуу келечекте элине эмгеги менен белгилүү болуучу инсандарды тарбиялоодо өз ишине берилген инсандардан.

У. Салиева айыл өкмөтүндөгү музыкалык мектепте 55 окуучу окуйт. Аларга музыканын тилин үйрөтүүдө келечектеги жаңы муундагы композитор, комузчуларды, обончуларды даярдоодо көп жылдык тажрыйбасы бар, алсак учурдагы Каракулжа райондук балдар музыкалык мектебин түптөгөн, 11 жыл жетекчи болгон Боронов Макамбай агай жетектеп келет. Өзү менен бирге окуучулары, мугалимдери айыл өкмөтүндөгү бардык өтүлүүчү маарекелерге катышып келишет. Мектепте «Жаш толкун» ансамблин түзүшкөн. Ошентип районубузда азыркы учурда республика боюнча алганда беш музыкалык мектеп бар. Анда 368 окуучу музыкалык аспаптардын бардык түрлөрү боюнча окушуп, музыкалык билимге ээ болуп, шыктуулары, өнөр ээси болууну самап келишет. Аталган беш мектепте 60 атайын орто жана жогорку билимдүү кадрлар эмгектенишет. Алардын 7 «Эл агартуунун мыктысы», атайын диплом грамоталардын ээлери. Кыргыздын жаңы муундагы Токтогул, Атай, Самара, Мурат, Жылдыз, Калый, Насыр, Мукаш, Алыкулдардын эл арасынан тарбиялоочу агай-эжелери.

**Музейлер боюнча:**

Районубуздун аймагында 4 чоң музей бар.

Ноокат райондук «Аймак таануу» музейи 1976-жылы коомдук башталышта уюштурулган. Ал райондук маданият үйүнүн биринчи кабатынан орун алган. Музейдин негизги фондунда 650дөн ашуун археологиялык жана этнографиялык буюмдар сакталып келүүдө. Бүгүнкү күндө музейди Исаков Абдрасул жетектейт.

Райондун борборунан 4,5-5 чарчы км алыстыкта турган. «Россия» колхозунун тарых музейи 1980-жылы Токтомамат Зулпуевдин демилгеси менен 2 кабаттуу болуп, «Россия» колхозунун борборуна салынган. Музей 4 чоң көрүүчү залдан турат. Анда революцияга чейинки жана кийинки 3550 экспонаттар сакталууда. Музейдин директору көп жылдан

бери маданият тармагында эмгеги сиңип келген кызматкер - Мырзаматов Үмөтали.

Колхоздоштуруу мезгилинде өз жанын эли үчүн курмандыкка чалган У.Салиеванын урматына анын өмүр баянына жана элдик экспонат, этнографиялык буюмдарга, сүрөт живопистерге бай музей. 1980-жылы Республикалык семинардын тушунда Төөлөс айыл өкмөтүнө, Уркиянын туулуп өскөн жеринде уюштурулуп ачылган. Музейдин фондунда 1500 экспонаттар сакталууда. Музейдин директору «Даңк» медалынын ээси Калил Жороев.

Коомдук ишмер Т. Кулатовдун мемориалдык музейи анын туулуп өскөн айылы Кулатов айыл өкмөтүнө 1998-жылы 90 жылдык юбилейинин урматына ачылган. 2008-жылы Т.Кулатовдун 100 жылдык маарекесине карата музейдин имараты чоңойтулуп, Кулатовдун эстелиги тургузулган. Т. Кулатовдун 100 жылдыгына арналган маарекесинде президенттибиз тарабынан компьютер тапшырылды. Музейдин фондунда 1000ден ашык фото-сүрөт, документтер, экспонат буюмдар бар. Музейдин директору маданият тармагында көп жылдан бери эмгектенип келе жаткан кызматкер Жээнбаева Аида.

Азыркы күндө райондук маданият бөлүмүндө Кыргыз Республикасынын айыл жериндеги маданиятты жана искусствону өнүктүрүүнүн 2010-жылга чейинки программасынын алкагында тынымсыз иштер жүргүзүлүүдө.

## МУЗЫКА – ЖҮРӨКТҮН ГҮЛҮ,
## ЫР – АКЫЛДЫН ЖӨЛӨГҮ

**Жамалов Ташбалта Жамалович**

1942-жылы 5-июлда Кыргызата айылында туулган. Эмгек жолун 1962-жылы Карл Маркс атындагы орто мектепте улуу пионер вожатый, окутуучу болуп иштөө менен баштаган. 1972-1975-жылдары партиянын Ноокат райондук комитетинин инструктору, 1975-1978-жылдары Ноокат райондук кинофикациясынын директору, 1978-1986-жылдары райондук маданият бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. Ал жетектеп

турган мезгилде маданият тармагында көптөгөн ийгиликтер жаралган. 1979-1984-жылдары Көкжар жана Төөлөс айылдарына музыкалык мектептер ачылган. 1982-жылы «Алтын-Булак» жана «Дастан» элдик ыр жана бий ансамблдери Киев шаарынын 1500 жылдык юбилейине катышып, республикабыздын намысын коргоп келишкен.

Районубуздун маданиятын көтөрүүдө кошкон салымы үчүн мамлекет тарабынан «Эмгектик каармандыгы үчүн» медалы жана «СССРдин маданият кызматкерлеринин мыктысы» төш белгиси менен сыйланган.

2005-жылы Кыргызата айыл округундагы музыкалык мектепке Ташбалта Жамаловдун ысмы берилген.

## НООКАТ ЭЛИНЕН ЧЫККАН МАДАНИЯТ ЖАНА КИНО ТАЛАНТТАРЫ

**Темиралиев Өсөр**

1948-жылы Ноокат районуна караштуу Кыргызата айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган. 1966-жылы К.Маркс орто мектебин бүтүрүп, ошол эле жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтун аяктаган.

Жогорудагы окуу жайын 1970-жылы бүтүрүп ошол эле институтта мугалим болуп эмгектенет.

1972-жылдан 1977-жылга чейин Ноокат районундагы М.Горький мектеп-интернатында, 1977-жылдан 1981-жылга чейин Тельман атындагы колхоздун музыкалык мектебинде мугалим, 1981-86-жылдары жогоруда аталган колхоздо маданий социалдык иштер боюнча башкарманын орун басары, 1986-жылдан 1995-жылга чейин Ноокат райондук маданият бөлүмүнүн башчысы болуп кызмат өтөйт.

1995-жылдан 2001-жылдын декабрына чейин «Жаз токой» дыйкан чарбасынын башчысы, «Британиялык балдарды коргойлу» бүткүл дүйнөлүк фондусунун жардамы менен түзүлгөн билим комитетинин бизнес ишин жетектейт.

1989-жылы райондук Кеңештин депутаты, райондук аткаруу комитетинин мүчөсү, айылдык Кеңешинин депутаты болгон. Кыргыз ССР маданият министрлигинин, КПСС Борбордук Комитетинин, СССР Министрлер Советинин, СССР профсоюздар комитетинин Ардак грамоталары менен сыйланган.

2001-жылдын декабрь айынан 2005-жылга чейин Кыргыз-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы болуп шайланган.

**Акимжан Жээнбай**

Республиканын маданиятын эмгек сиңирген ишмер, эл аралык жана А.Малдыбаев атындагы сыйлыктардын ээси.

Композитор, фольклорчу, педагог Акимжан Жээнбай 1946-жылы 30-майда Төөлөс айылында туулган.

Кызылкыя шаарындагы кесипчилик-техникалык окуу жайына кирип, анын толук курсун бүтүргөн. Андан кийин Каракулжа районунда (мурдагы Совет району) электр-монтер болуп эмгек жолун баштаган.

Алгачкы музыкалык билимин Оштогу мамлекеттик педагогикалык институттун музыкалык бөлүмүнөн алат. Андан кийин Фрунзедеги Күрөңкеев атындагы музыкалык окуу жайынын композитордук бөлүмүнө, андан соң Б.Бейшеналиева атындагы искусство институтунда окуйт.

«Уркуя» аттуу музыкалык симфония жараткан. Республикалык телерадио комитетинде музыка жаатында редактор болуп иштеген.

«Манас-1000», «Ош-3000» аттуу юбилейлик салтанаттарга арнаган «Айкөл Манас» аттуу музыкалык чыгармасы конкурста жеңүүчү болуп табылган.

«Уркуя» (1976-ж.) «Аталар» (1980-ж.) камералык аспаптык үчүн «Күү» (1966-ж.) «Элегия» (1966-ж.) жана башка аспаптар үчүн күүлөрдүн автору. «Аралаш хор» капелласы, Жеңиш күнүнүн 35 жылдыгына арналган «Аталар» чыгармасы ,Украина акыны Б.Сосюранын «Мекениңди сүй» хор капелласы үчүн сыйлыктардын ээси болгон.

**Абдраимов Бекболот**

Сары алтындуу Кыргызата айылында туулган. Айылдык орто мектепти бүтүргөндөн кийин Жалалабаттагы педагогикалык окуу жайынын музыкалык бөлүмүнөн билим алат. Нота таанып, музыкалык билими өскөн сайын музыка дүйнөсү татаалданып, көп аракеттенүүгө, изденүүгө өтөт.

1978-жылы вокалдык-симфониялык «Уркуя» аттуу мониментaлдуу контата жазат.

Кийинки жылдары көбүнесе көлөмдүү жанрларда эмгектенип жүргөн. Анын симфониялык оркестр үчүн жазылган сүрөттөмөлөрүн «Уркуя» аттуу солист, хор жана симфониялык оркестр үчүн жазылган контатасын укканыбызда түйшүктүү эмгеги үзүрлүү болуп жатканын байкайбыз.

Легендарлуу эрдиги менен кыргыздын тарыхында калган Уркуя Салиеваны даңазалаган контата көлөмдүү беш бөлүмдөн турат. Айта кетүүчү нерсе Абдаримовдун баатырдык-лирикалык жанрда чечилген бул контатасы кыргыз музыкасынын карлыгачы. Буга чейин кыргыз авторлорунун эч кимиси мындай жанрдагы контатага кайрылган эмес.

Жетишкен ийгиликтери: 1970-жылы «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы менен сыйланат. 1975-жылы СССР композиторлор союзунда мүчөлүккө кабыл алынат. 1987-жылы А.Өмүркановдун сөзүнө жазылган «Жаңы жыл», А.Чойбековдун сөзүнө жазылган «Аскердин жары» аттуу чыгармалары жана балдар үчүн жазылган ырлары республикалык кароо-сынакта III сыйлыкка татыйт. 1988-жылы композиторлордун чыгармалары боюнча республикалык кароо-сынакта анын чыгармларына кызыктыруучу сыйлык берилет. 2000-жылы «Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер» деген ардактуу наам ыйгарылган.

**Токтош Абыкеев**

1954-жылы Ноокат районундагы Россия колхозунда туулган.

1970-жылы Россия орто мектебин бүтүрүп, 1972-1974-жылдары Жалалабаттагы педагогикалык окуу жайын бүтүрүп, Ош кыргыз драма театры ачылган жылдан баштап актер болуп иштейт.

1974-жылы Москвадагы М.С.Шепкин атындагы жогорку театралдык окуу жайына кирип, 1979-жылы артыкчылык диплому менен аяктаган. 1981-жылы өзү туулуп өскөн Россия колхозуна келип драма кружогун жетектеген. 1992-жылы ал жетектеген кружокко (Кыргызстандагы колхоз-совхоздордун ичинен эң алгачкы болуп) «Элдик театры» деген ардактуу наам берилген. 2000-жылы эл аралык конкурстардын лауреаты болгон. «Шумкар» аттуу толук метраждуу көркөм видеофильм тарткан. 2005-жылы француздардын «Бабалардын сандыгы» аттуу көркөм фильминде репетитор режиссер болуп иштеди. «Кыткылык» аттуу сатирикалык теле журналды жана «Абакенин жомогу» аттуу берүүнү уюштурган.

Азыркы күндө «Мээраж» аттуу студия ачып, аны

Кыргызстанда профессионалдык деңгээлде көтөрүүнүн үстүндө эмгектенип жүрөт.

**Таабалдыев Рахматилла Акботоевич**

1962-жылы Ноокат районунун азыркы Кулатов атындагы айыл өкмөтүнүн жал бөлүмүндө туулгна. 1981-жылы армиялык милдетин өтөгөн. Эмгек жолун туулуп өскөн айылында чарбалык жумуштарда иштөө менен баштаган. 1984-жылы Фрунзедеги Т.Сатылганов атындагы улуттук филармониянын алдындагы эки жылдык эстрадалык студиясынын көркөм сөз окуу бөлүмүнө кирет. Окуу жайды бүтүп, артисттик кесипти аркалайт. Кийин Москвадагы Шепкин атындагы жогорку окуу жайга кирип, аны аяктаган соң Бишкектеги Асанбек Умуралиев атындагы жаштар драмтеатрында иштейт.

Москва, Украина, Франция, Казакстан ,Өзбекстан, Кыргызстан мамлекеттеринде болуп өткөн театр жана кино фестивалдарынын лауреаты болгон.

Республиканын эмгек сиңирген артисти.

**Нурбек Эген**

1975-жылы 3-декабрда Т.Зулпуев атындагы айылдык округунун Атамерек айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган. Б.Атишев атындагы орто мектебинде, Ош шаарындагы У.Салиева атындагы гимназиянын математика-физика жана ЭВМ багытындагы классында окуп билим алган.

1992-жылы Бишкектеги Б.Бейшеналиева атындагы искусство институтунун режиссура факультетин бүтүргөн соң билимин Россиядан улантуу максатында Москвадагы Герасим атындагы бүткүл россиялык кинематография институтунун режиссура факультетине окууга кирет. Нурбек Эген бул жерде мыкты билим алуу менен бирге белгилүү кинорежиссер Владимир Хатьниненконун өнөрканасында тарбияланган.

Анын «На день старше», «Санжыра», «Вилисы», «Сеть», «Бабалардын сандыгы» сыяктуу көптөгөн фильмдери бир нече эл аралык сыйлыктарга татыган.

**Ысманов Жеңиш Эргешбаевич**

1984-жылы 20-майда Ноокат районунун Кулатов атындагы айыл округунда туулган. 2001-жылы айылдагы орто мектепти аяктап, Фрунзедеги Кыргыз Улуттук филармониясынын алдындагы студияга кирип, анын толук курсун бүтүрөт. А.Малдыбаев атындагы опера балет театрынын солисти болуп кабыл алынат. Эл аралык конкурстардын лауреаты.

Астана шаарындагы «Шабыт-2006» конкурсунда Кыргызстандын «Чыгармачылык ачылыш-2006», «Айкөл Манас» аттуу эл аралык конкурстарынын жеңүүчүсү, Кыргыз опера жана балет театрынын солисти.

**Сыдыков Найзабек**

1986-жылы 15-январда, Ош облусунун Ноокат районуна караштуу Жатан айылында туулган.

2003-жылы Чүйдөгү Целинное орто мектебин бүтүргөн соң, кыргыз агрардык университетинин прикладная информатика факультетине окууга кирет. Ал жерде эки жыл окугандан кийин, 2005-жылы Б.Бейшеналиева атындагы кыргыз мамлекеттик искусство институтун режиссура-кино бөлүмүнө окууга кирет.

Биринчи сценарийин 15 жашында «Окуучулар» аттуу темада жазган.

2005-жылы биринчи жолу Марат Сарулунун «Песнь южных морей» деген фильминде режиссердун ассистенти, 2007-2008-жылдары Темир Бириназаровдун «Белгисиз маршрут» аттуу киносунда жардамчы режиссер болуп иштеген.

2008-жылы Замир Эралиевдин «тоо» деген фильминде, 2-пландагы актер жана директордун орун басары, 2008-жылдын октябрь айынан 2009-жылдын апрель айына чейин «Айтыш фильм» киностудиясында режиссер-сценарист болуп иштеген. Мындан тышкары ушул жылдар аралыгында ПРООНдун буйрутмасы менен СПИДге каршы бир нече социалдык проблемаларды чагылдырган роликтерди жазып, аларды тартууда режиссерлук кылган.

2009-жылдын апрелинен тартып август айына чейин

«Уул» аттуу толук метраждуу көркөм тасмасын тартты. Учурда «Сорос» фондусунун буйрутмасы менен «Кумдагы айланалар» аттуу кыска метраждуу көркөм тасмасын тартуууда.

**Исаков Алымкул**

Ноокат районунун Н.Исанов айыл округунун Федоров айылында 1960-жылы туулган. Ташкентте театралдык институтун бүтүргөндөн кийин маданият тармагында иштеп келүүдө.

Көптөгөн кинотасмаларды жараткан. 1989-жылы Ашхабат, 1997-жылы Казань, 2007-жылы Алма-Ата, 2009-жылы Туркия мамлекеттеринде өткөрүлгөн эл аралык кинофестивалдарынын лауреаты. Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти, актер, режиссер.

## УЛУУ ТООГО КЕТКЕН ЖОЛ

*Жолдор көп, бирок акыйкатты таанытууга жолго түш.*

Көкжар балдар музыкалык мектеби башында Найман балдар музыкалык мектебине 1979-жылы филиал болуп ачылган.

Негизги музыкалык мектептин башаты Найман балдар музыкалык мектеби 1974-жылы Кыргыз ССРинин маданият министрлиги тарабынан ачылган. Мектептин директору Шербаков В.К. болуп дайындалып төмөнкү бөлүмдөр калк үчүн иштей баштаган.

1. Фортепиано
2. Орус эл аспаптар
3. Үйлөмө аспаптар
4. Струнный
5. Кыргыз эл аспаптар.

Жогорку бөлүмдөрдө он бир мугалим эмгектенген окуучулар контингенти 105 окуучу болгон. 1979-жылы мектептин администрациясы алмашып, директордук кызматка эл агартуунун мыктысы К.А.Аширбаев дайындалып контингенттин саны кыргыз окуучулары менен толукталган. Мунун негизинде Көкжар, Караван айылында филиалдар ачылып кыргыз балдары келип билим ала баштады.

Караван филиалында М.Касымов, Т.Н.Бондарев, О.Лукянова. Көк-Жарда А.Маниязов, К.Абдираимов, Б.Парманова, А.Жолдошов иштеп турушкан.

Ушул убакыттын аралыгында фортепиано, үйлөмө аспаптар бөлүмү жакшы иштеп, областтык жана республикалык кароо-конкурстардын лауреаттары болгон. Ал эми Көкжар филиалынын окуучулары 1986-жылы областтык кароо-конкурста биринчи орунду алып, республикада биринчи даражадагы диплому менен Б.Пирманова шайланган.

2000-жылы Ош областтык кароо-конкурста З.Аширбаева

аттуу окуучу биринчи орунду жеңип алган. 2003-жылы Ош областтык балдар музыкалык мектептер арасында фольклордук ансамблдер арасында болуп өткөн конкурста III даражадагы дипломго ээ болгон.

2003-жылы ноябрь айында мурунку директор пенсияга кеткендигине байланыштуу мурдагы окуу бөлүмүнүн башчысы «маданияттын мыктысы» төш белгисинин ээси Мамажусуп Камардинов Ильязович дайындалат.

Жаңы директордун үзүрлүү эмгегинин натыйжасында окуучулардын билими өркүндөп, 2004-жылы Ош областтык балдар музыкалык мектептер арасында өткөрүлгөн теориялык олимпиадада төмөнкү окуучулар Маматжан кызы Роза, Акун кызы Айзат II орунду ээлеген, алардын мугалимдери М.И.Камардинов, А.А.Мадиярова ардак грамота менен сыйланган.

Найман шаарчасындагы европа улутундагы жарандардын көбү көчүп кеткендигине байланыштуу, окуучулардын массалык жагы Көк-Жар филиалында окугандыктан Ош областтык маданият башкармасынын 2005-жылы № 164/10 буйругунун негизинде Көкжар балдар музыкалык мектеби болуп Көкжар айыл өкмөтүнө которулган.

Азыркы мезгилде Көкжар балдар музыкалык мектебинде 4 бөлүм иштейт.

1. Фортепиано
2. Орус эл аспаптар
3. Кыргыз эл аспаптар.
4. Көркөм өнөр сүрөт.

Ал бөлүмдөрдө 78 билим алып жатат. Аларга музыкалык билим берип, көөнөрбөс, майтарылбаган эмгектин аркасында он бир мугалим эмгектенүүдө. Алардын ичинен төрт мугалим жогорку билимдүү.

Ал эми жети мугалим атайын орто билимдүү. Музыкалык мектептин эки мугалими маданият кызматкеринин мыктысы, үч мугалим эл агартуунун отличниги. Алар төмөнкүлөр:

1. М.И.Камардинов (маданият кызматкеринин мыктысы)
2. Б.Камардинова (маданият кызматкеринин мыктысы)
3. Б.Парманова (маданият кызматкеринин мыктысы)
4. Б.Топчубаева (эл агартуунун отличниги)

5. Г.Нарынбаев
6. Т.Мамытов
7. А.Бөрүбаев (эл агартуунун мыктысы)
8. А.Акматалиева
9. Н.Абдиева
10. З.Зулпуева (эл агартуунун отличниги)
11. А.Өмөшов

Музыкалык мектептин мугалимдеринин үзүрлүү эмгегинин аркасында 2007 жылы республикалык балдар музыкалык мектептер арасында болуп өткөн комузчулар кароо сынагында үчүнчү орунду ээлеп, ардак грамотасы берилген.

2007-жылы райондук музыкалык мектептер арасында өткөрүлгөн хор класстары кароо-сынагында үчүнчү орунду ээлегендиги үчүн грамота менен сыйланган.

2008-жылы райондук балдар музыкалык мектептер арасында «мыкты мектеп» кароо-сынагында экинчи орунду жеңип алган.

Ушул мезгилге чейин мектеп кучагынан 300 окуучу бүтүп чыгып, түрдүү музыкалык окуу жайларда билим алышып, өз кесиби боюнча эмгектенип жатышат. Аларды атап кетсек: А. Жолдошов. Г. Нарынбаев, А.Мадмарова, А.Акматалиева, Н.Абдиева, Т.Сарыков, П.Токтополотов өз кесиптери боюнча балдарга билим берип келишет.

Музыка адамдын жан дүйнөсү, анын мүрөк суусу. Музыкага чаңкагандар андан келип суу ичишет. Музыка дүйнөсүндөгү ушул нерсеге чаңкагандар эл арасында көбөйүп баратат. Алар элдик таланттар болуп эсептелет.

Көкжар чөлкөмүндө илгертен руханий дүйнөсү бай адамдар кездешет. Алар кымбат нерсени издеп келишет. Кымбат нерсе – алардын күлпөтү, руханий байлыгы. Ушул байлык менен алар көптөргө сүйүү, үмүт, кубаныч тартуулап, өмүрдүн деми чыйырдан чыгарып даңгыр жолго салып, өз эли үчүн мелжиген тоолорду жиреп келишет да, алар жымжырт чөлкөмдү шаңга бөлөшөт.

Көкжар музыкалык мектебинин мугалимдери өз тажрыйбаларынын жемишин бөлүшүп башкалар үчүн мээнетин аябай, шыктуу балдарды уядан учуруп жатышат.

## МУГАЛИМ МӨМӨГӨ ОКШОШ…

**Аширбаев Калил Аширбаевич**

1941-жылы 5-ноябрда Көкжар айыл өкмөтүнүн Жийде кыштагында туулган. 1961-жылы Көкжар орто мектебин бүтүрүп, ошол эле жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун музыка факультетине кирип, аны 1969-жылы ийгиликтүү аяктаган.

1969-1971-жылдары Ош пединститутунда хоровик-дирижер мугалими, 1971-1977жылдары «Көк-Жар» орто мектебинде музыка мугалими, ошол эле учурда «Алтын булак» ыр-бий ансамблинин активдүү катышуучусу жана негиздөөчүлөрүнүн бири.

1975-1978-жылдары «Алтын Булак» ыр-бий ансамблинин көркөм жетекчиси, хормейстер, 1979-2004-жылдары Найман балдар музыкалык мектебинин директору болуп эмгектенген. Ал республикалык жана бүткүл союздук фестивалдарынын лауреаты, эл агартуунун отличниги.

Калил Аширбаевдин маданият тармагына сиңирген эмгеги чоң. Мектеп уясынан миңдеген музыкага шыктуу, таланттуу балдарды тарбиялап чыгарды. Бул эмгегин эске алуу менен тим болбостон, анын инсандын туруктуулугун баалоого болот. Ал жөнөкөй, ички дүйнөсү бай, индивидуалдуу инсандык касиетке ээ.

1970-жылдан бери анын жигердүү эмгегинин гүлдөгөнүн байкоого болот. Ал өз жеринин гүлдөп-өнүгүүсүн каалаган инсан бойдон калбастан, көтөрүлгөн демилгени ишке ашырган чебер адам. Таланттуу жаштарды тарбиялап өстүрүү алдыңкы маселе болуп турса да, ал таланттуу балдарды тандоодо шашпай чечим чыгарганды жактырган киши экени баарына маалым. Анткени талант Кудайдан берилет эмеспи, ал эми аны өркүндөтүү адамдын өзүнөн.

Талант элдин руханий дүйнөсүн азыктандырып, аны материалдык дүйнөгө көрсөтүү үчүн жаралат. Бул жарыктыктын ар бир күнү үчүн улам толуп-ташып, үмүттү жаратып, улам келечекке карай алып жүрүп олтурат.

## ТӨӨЛӨС – НООКАТ АЙМАГЫНЫН МАДАНИЙ БОРБОРУ

У. Салиева атындагы балдардын музыкалык мектеби 1984-жылы Ноокат райондук балдардын музыкалык мектебинин филиалы болуп ачылган. Филиал болуп ачылган мезгилде 25 окуучу кабыл алынып, анда 2 мугалим иштеген. Комуз, аккордеон класстары ачылган.

Балдар музыкалык мектеби өзүнүн туруктуу жери жок болгондуктан ар кайсы жерде сабак өткөрүлүп келген.

1990-жылы эки этаждуу имаратка көчүп кирген.

Ошол жылы көркөм сүрөт классы ачылган. 1991-жылы Кыргыз республикасы эгемендүүлүк алган жылы балдар музыкалык мектеби болуп өз алдынча иштей баштаган. Төөлөс айылындагы балдардын музыкалык мектебинин алгачкы директоруна Боронов Маккамбай дайындалган.

Балдар музыкалык мектеби жыл сайын жаңы мугалимдер менен толукталып, музыкалык мектептен бүткөн окуучулар атайын окуу жайлардан бүтүп келип мугалим болуп иштеп жатышат.

1984-жылдан бери музыкалык мектептен токсон алты окуучу бүтүп, республикабыздын ар кайсы райондорунда эмгектенүүдө. Азыркы учурда балдар музыкалык мектепте 10 мугалим эмгектенет. Анын ичинен 2 мугалим жогорку, 8 мугалим атайын билимдүүлөр.

Төөлөс айыл округундагы балдар музыкалык мектеби жыл сайын өнүгүүнүн жолуна түштү. Анын материалдык базасы чыңалды. Мугалимдер үчүн бардык шарттар түзүлгөн.

Мектептен бүтүп чыккан ар бир таланттуу бала өз кесиби боюнча иштеп жатканы өзгөчө көңүлдү жылытат. Төөлөс округу таланттарга бай келип, аны атагы республиканын булуң-бурчтарына тарады. Атап айтсак «Уркуянын урпактары» фестивалында эл арасында таланттардын канчалык көп экени көрүндү. Эл арасында таланттар эбегейсиз көп. Гүлдөр да талаага жадырап чыгат эмеспи, аларды жамгыр суугарып турат, күн болсо нурун чачат. Таланттарды гүл сыяктуу кароо керек, аларды толук гүлдөп бүткөндө үзүп алуу керек. Эл ичинде бышып жетилип калган таланттар бар. Ушул

таланттарды У.Салиева атындагы балдар музыкалык мектебинин эмгек жамааты даярдап чыгарып, өнөр дүйнөсүнө ат салып келишет.

## МУЗЫКА ДАЙРАСЫНЫН БИР АГЫМЫ

Ноокат шаарына караштуу Т.Зулпуев айыл өкмөтүнүн Өсөр участкасында Баргы эстрадалык тобу уюшулган. Бул топ 1992-жылдан бери өз элине өнөр дүйнөсүн тартуулап келет. Топтун курамында Марат Маматов, Сыдыков Курсан деген жигиттер эмгектенишет. М.Маматов Ош мамлекеттик университетинин музыкалык факультетин аяктаган. Ал эми Курсан Сыдыков Оштогу жогорку окуу жайдан дене тарбия факультетин бүтүргөн. Булардын кесиби эки башка болсо да биримдүү эмгектенип көптөгөн кароо сынактарга катышып, байгелүү орундарга ээ болуп, эл кызматын аркалап келишет.

Марат Маматов мектепте окуп жүргөн мезгилден баштап музыкалык мектептен аккордеон бөлүмүн аяктап, андан соң Оштогу жогорку окуу жайдан билимин уланткан. Атанын жолун уулу улантат деген кептин мааниси терең эмеспи. Мараттын атасы Бөрүбай Маматов дагы өтө ыр жандуу киши. Ал тойлордо ырдачу. Мараттын кызы Динара да музыкалык мектептин комуз бөлүмүн аяктап, азыркы учурда ОшМУда 2 курста билимин улантып жатат.

Уулу Нуртилек ушул убакта музыкалык мектепте 3 класста аккордеон бөлүмүндө окуйт.

Топтун жигиттери 2001-жылы Ысык-Көлдө өткөрүлгөн «Кадыр түн» фестивалынын катышуучусу болушкан. Ошол эле жылы Р.Абдыкадыровдун 60 жылдык юбилейинде Кара-Кулжа районуна барып катышып келген. Ал юбилейде ардак грамота менен сыйланган.

Жалалабат областындагы Барпы театрында Р.Абдыкадыровдун конкурсуна катышып III орунду ээлешкен.

2006-жылы Кара-Кулжа районундагы Ажике жайлоосунда «Рыспай ырдайт» аттуу обончу жана аткаруучулардын кароо-сынагына катышып III орунду ээлеп, байгелүү сыйлыктарга ээ болушкан.

2004-жылы «Ноокат таланттары» конкурсуна катышып, конкурстан өтүшүп Бишкекте «Ноокат таланттары» концертинин катышуучусу болуп өз өнөрлөрүн тартуулап келди. Ошол жылдан бери райондук областык конкурстарга катышып, элди руханий жактан тейлеп, баалуу таланттарынын шыбагасын тартуулап келе жатышат.

Элибизге эстетикалык билим тарбия берүүдө 1978-жылы айылдын таланттуу кулуну Максытов Шамырзанын демилгеси менен Ноокат борбордук музыкалык мектебинин филиалы болуп ачылган.

1980-жылы өзүнчө айылдык музыкалык мектеп болуп уюшулуп, мектепке Шамырза Максытов директор болуп дайындалган.

Ал эми:

1981-жылы Осмон Алымкулов

1982-1984-жылы Абдиламит Саипов

1984-1987-жылы Толгонай Төрөкулова

1987-1996-ж. Калмамат Дуйшеев

1996-2005-ж. Мутабархан Пирматова

2005-2010-ж. Кимсан Мурзакаримова

Булар музыкалык мектепти жетектеп келген инсандар.

Музыкалык мектепте үч бөлүм бар. Алар: комуз, аккордеон, фортепиано. Мектепте 60 окуучу билим алып жатат. Музыкалык мектепте 9 мугалим эмгектенет. Алардын ичинен 7 мугалим жогорку билимдүү, 2 мугалим атайын орто билимдүү. Бүгүнкү күнгө чейин мектепти 200дөн ашуун окуучу бүтүрдү. Канайым Темиралиева учурда фортепиано жана музыкалык теория бөлүмүнүн мугалими.

Ал 1988-жылы Ош мамлекеттик музыкалык окуу жайын бүтүргөн.

1988-жылы Тельман колхозундагы балдар музыкалык мектебинде теория сольфержио музыкалык адабияттан сабак берген.

1993-жылдан бери «Россия» колхозундагы музыкалык адабият жана класс фортепианодо сабак берип жатат.

Ал ушул мезгилге чейин көптөгөн бүтүрүүчүлөрдү чыгарып, үзүрлүү эмгектенип келүүдө. Бүтүрүүчүлөрдүн арасынан Кубаныч кызы Акмөөр өз билимин улантып Оштогу

Ныязалы атындагы музыкалык окуу жайын 2009-жылы бүтүрүп, андан соң Б.Бейшеналиева атындагы консерваторияда фортепиано классында окуп жатат.

Музыкалык мектепте комуз бөлүмү боюнча мугалим Кимсан Мурзакаримова да эмгек жолун музыкалык мектептен баштап ушул убакка чейин үзүрлүү эмгектенип көптөгөн ийгиликтерге жетишип, коллективдин арасында кадыр-баркка ээ. Аккордеон бөлүмү боюнча Айнура Курбаналиева Ош педагогикалык окуу жайынын музыка бөлүмүн аяктап, 1990-жылдан бери ушул музыкалык мектепте үзүрлүү эмгектенип келе жатат.

Ал ийгиликке ээ болуп, көптөгөн бүтүрүүчүлөрдү чыгарды.

Көптөгөн окуучулар музыкалык мектепти аяктап, окуусун жогорку окуу жайларда улантып жатышат.

Марат Маматов музыкалык мектептин аккордеон бөлүмү боюнча 1982-жылы кирип 1чи жана 2чи классында Жаныбек Султановдон сабак алган. Калмамат Дуйшеевден да сабак алып, таалимин тереңдеткен.

Ал 1987-жылы Ош педагогикалык окуу жайынын музыка бөлүмүнүн аккордеон классына тапшырган. Аны бүткөн соң 1991-жылдан баштап өзү окуган музыкалык мектепке келип аккордеон бөлүмүндө иштеп калат. Бий боюнча Саламат Токсонбаева, Гүлшайыр Маматкулова эмгектенип, жакшы саамалыктарды жаратып келишет.

Комуз бөлүмү боюнча Сабира Кожонова, Гүлдана Жолдошова, Тазагүл Маманова, Ажар Исраилова, Гүлжан Маматалиева, үйлөмө аспаптар боюнча Кубаныч Бөрүбаев окуучуларга терең билим берип, эл ичинен таланттарды чыгарып жатышат.

Саламат Токсонбаева 1991-жылы Оштогу музыкалык окуу жайын аяктап, эмгек жолун Бобулов Камбаралы атындагы «Баргы» орто мектебинен баштаган. Андан соң 2008-жылы Т.Зулпуев айыл өкмүтүндөгү музыкалык мектепке аккордеон бөлүмү боюнча мугалим болуп кирген. Дал ушул жылдары мааралуу ийгиликтерге жетишип, райондук грамоталар менен сыйланган.

2010-жылы декабрь айынан баштап ушул мектептин директору болуп дайындалып, жетектеп келет.

Талант өмүр деми, ал күн сайын тарбияга муктаж. Аба менен суу сыяктуу адам өмүрү үчүн музыка деми зарыл. Бул булактан чыккан суунун даамын сездирген, ички дүйнөнү сергиткен күчкө ээ. Аны эч ким кыйып таштай албайт, анткени анын тамыры түгөнбөгөн булактын түпкүрүнөн орун алган. Ал көктөй берет, эч качан соолуп калбайт. Талант сырын Т.Зулпуев музыкалык мектебинин эмгек жамааты өз жумурай-журтуна даркан жол ачып берип, жашоонун шаңын арттырып келишет.

Алардын тоо аркалаган айылы, ак таңдай акындары жазган ырлары, дастанчылары бир бүтүндүктү, дүйнөнү кучагына алган сулуулукту жаратып, улам артка из калтырып, алдыда күткөн чоң сыноолорду жеңип келишүүдө.

## АЛТЫМЫШЫНЧЫ КАДАМГА КАРАЙ…

**Султанов Жаныбек Туратович** 1959-жылы Ноокат районунун Кыргызата айылында туулган,жогорку квалификацялуу маданий агартуу кызматкери. Эмгек жолун Бишкектеги Б.Бейшеналинва атындагы Кыргыз мамелекеттик искусство институтунун маданий агартуу факультетин аяктагандан кийин 1981-1982-жылдары Ноокат районундагы маданият үйүндө методист болуу менен эмгек жолун батаган.1982-1984-жыдары райондогу балдар музукалык мектебинин мугалими, 1984-жылдан чейин Кыргызата айылындагы «Дастан» элдик ыр-бий ансамблинин көркөм жетекчиси,1988-1990-жылдары ройондук маданият үйүндө «Алтын Булак» эстрадалык тобунун көркөм жетекчиси,1990-1994-жылдары райондук маданият үйүнүн директору, 1994-жылдан баштап 1999-жылга чейин райондук маданият бөлүмүнүн башчысы,1999-2001-жылдары райондогу көркөм эстетика мектебинин музыка мугалими 2001-2005-жылдары кайрадан райондук маданият үйүнүн директору болуп үзүрлүү эмгектенип келди. Ал эми 2005-жылдан баштап азыркы күнгө чейин райондук маданият бөлүмүнүн башчысы

болуп иштеп келе жатат. Ж.Т.Султанов Ноокат районунун маданий агартуу тармактарында көп жылдардан бери үзүрлүү эмгектенүү менен өзгөчө райондун маданий жактан өнүктүрүүгө өзүнүн салымын кошуп,чыгармачылыгык менен иштеген алдыңкы мугалим, усулчу, жетекчи катары таанылды. Ал маданият тармагында иштөө менен айыл жериндеги жаш таланттарга, чыгармачылык топторго колдоо көрсөтүп, элге таанутууну колго алып,чыгармачылык жактан өнүгүүгө шарт түзүп, колдоо көксөтүп келүүдө. 2007-жылы «Мыкты клуб» республикалык кароо-сынакта Исанов айыл окуругунун маданият үйүнүн республикада байгелүү орунду алышы,2009-жылы Кыргызата айыл окуругунун Көтөрмө айылдак маданият үйүнүн областа биринчи орунга татыктуу болушу,элдик театрлардын республикалык фестивалында райондун элдик театрынын байгелүү орунду алышы, «Уркуянын урпактары» жана «Кыргызата айымдары» фольклордук топторунун «Элдик» деген наам алышы, коомдук ишмер Т.Кулатовдун 100 жылдыгын жана Ноокат районунун 80 жылдыгынын өткөрүлүшү Ж.Султановдун жетекчилик жана уюштуруучулук иш аракеттеринин жемиши деп билебиз.

Ошондой эле айылдык маданият мекемелеринин материалдык-техникалык базасын чыңдоо үчүн каражат табуунун түрдүү булактарын издеп, демөөрчүлөрдүн, чет элдик гранттардын, жергиликтүү бийликтин колдоосу менен айыл жериндеги маданият мекемелери капиталдык толук оңдоодон өткөрүлүп, жакшы иштер жолго коюлду.

Ж.Султанов билимдүү, тажрыйбалуу адам катары аткаруучулук, уюштуруучулук жөндөмү менен кесиптештеринин жана райондун активинин арасында кадыр-баркка ээ.

Ал төрт баланын ардактуу атасы.

## ЭЛДИК ТЕАТР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

1979-жылы Москвадагы М.С.Щепкин атындагы театралдык жогорку окуу жайын артыкчылык диплому менен Токтош Абыкеев бүтүп келип, ошол эле жылы Т.Зулпуев

атындагы айылдык округунда (мурдагы Россия колхозу) драм кружогун ачкан.

1982-жылы бул драмалык кружокко «Элдик театр деген наам берилди.

Коюлган спектаклдер

1. 1981-жылы Абдыганы Абдугафуров «Күйөргө күлкү»
2. 1982-жылы Омор Алиханов «Фельетончу жөнүндө фельетон»
3. 1983-жылы Мар байжиев «Гарыбаңыз кайната»
4. 1984-жылы Касымалы жантөшев «Курманбек»
5. 1985-жылы Бексултан Жакиев «Кызыл ___ от кечкендер»
6. 1986-жылы өткүр Хошимов «Тойлор тойго улансын»
7. 1987-жылы Вампилов «Айыл агекдоттору»
8. 1988-жылы Омор Алиханов «Достук конфети» ж.б. спектаклдер коюлган.

1. Элдик театрдын коллективи 1985-жылы Улуу жеңиштин 40 жылдыгына арналган Бүткүл союздук фестивалга катышып лауреат болгон «Элдик театрдын» режиссеру Токтош Абыкеев ЦК ВЛКСМ, ВЦСПСтин ардак грамотасы менен сыйланып, лауреат болгон.

2. Мындан тышкары жыл сайын өтүүчү «Ыр кеселерди» элдик театрдын базасында режиссер Абыкеев даярдап жүргөн.

1995-жылы элдик театр райондук маданият үйүнө которулган. 2001-жылы «Алымбек Датка-2000» театр жумалыгына карата уюштурулган областык кароо-сынакка С.Жетимишовдун «Алымбек Датка» спектакли менен катышып, жогорку чыгармачылык ийгилик жараткандыгы үчүн элдик театр Курманжан Датка атындагы Боордоштук сыйлыгы менен сыйланат.

2003-жылы Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына карата «Алымбек Датка – 2003» театр фестивалына катышып, диплом жана сертификат менен сыйланат.

2005-жылы маданият бөлүмүнүн башчысы Жаныбек Султановдун жетекчилиги астында режиссер А.Исаковдун койгон драматург Г.Алиеванын «Эртең апамдын туулган күнү» спектакли менен «Алымбек Датка -2005» III Түштүк райондук

театр фестивалына катышып, I даражадагы диплом жана баш байге сыйлыгына ээ болгон. Ошондой эле ушул спектаклде өзүнүн актердук жөндөмдүүлүгүн өзгөчө көрсөтүү менен «Эң мыкты аткаруучу» деп табылган театрдын катышуучусу Кудайкулов Эртабылды, эң жаш мыкты аткаруучу болуп Жаныбек уулу Темирлан баалуу сыйлыктын ээлери болушкан.

2007-жылы элдик театр театрлардын Республикалык фестивалына Г.Алиеванын «Араңарда башы бош кемпир барбы?» комедиялык спектакли менен катышып, театрдын катышуучусу Мырзакматов Бекмурза образды жеткиликтүү аткаргандыгы үчүн акчалай сыйланган.

Азыркы мезгилде дагы жаңы репертуарлар менен иштөөдө.

**Маматова Дамира**

1963-жылы туулган, билими атайын орто, жалпы эмгек стажы 29 жыл. Маматова Дамира Бишкек шаарындагы Кыргыз мамлекеттик Т.Сатылганов атындагы филармониясынын 2 жылдык студиясынын вокалдык бөлүмүн аяктагандан кийин эмгек жолун Ноокат райондук маданият үйүндө баштаган.

1983-жылы Кыргыз ата айылдык маданият үйүндөгү «Дастан» элдик ыр –бий жана «Перизат» эстрадалык тобунда эмгектенген. Ошол эле ансамбль менен 1987-жылы Москва шаарында өткөн эл чыгармачылыгынын бүткүл союздук 2-фестивалында жигердүү катышуусу менен лауреат төш белгиси менен сыйланган. Бир нече жолу райондук областык республикалык кароо-сынактардын фестивалдардын жеңүүчүсү болгон. 1996-жылы «Ала-Тоо шаңы» республикалык фестивалына катышкан.

Маматова Дамиранын чыгармачылыгынын баяндаган көрсөтүүлөр облустук телевидениеден көп жолу берилип жүрөт. Райондук маданият үйүндөгү «Алтын булак» ыр бий ансамблинин «Уркуянын урпактары» фольклордук этнографиялык ансамблинин активдүү катышуучусу.

Өзүнүн талыкпас эмгеги жана таланты менен көптөгөн чыгармачылык ийгиликтерге жетишип келе жатат.

Жыл ичинде райондун калкына маданий кызмат көрсөтүү үчүн жер-жерлерде концерттик гастролдордо болуп, өзүнүн

чыгармаларын тартуулап, элдин алкышына ээ болуп келүүдө. Болгон күч аракетин, талантын, мүмкүнчүлүгүн өздүк көркөм чыгармачылык жана эстрада багытына жумшап эмгектенүүдө.

Маматова Дамиранын тынымсыз изденүүсү жана таланттуу аткаруучулук жөндөмү бааланып, 2005-жылы маданияттын мыктысы төш белгиси менен сыйланды. 2007-жылы «Кошой-коргон» эл аралык фестивалында элдик ырлар боюнча лауреат болгон.

Маматова Дамира өзүнүн эмгеги жана ишине болгон жоопкерчиликтүүлүгү менен өзү иштеген жамаатка гана эмес райондогу маданият кызматкерлеринин арасында кадыр-баркка ээ. Коомдук иштерге активдүү катышат. Үй-бүлөлүү, 4 баланын 3 неберенин энеси мээримдүү жана сүйүктүү жар.

## ЖИГЕРДҮҮ ӨМҮР

**Салибаев Абдрашит**

1942-жылы туулган. Улуту кыргыз, билими жогорку, партияда болгон эмес.

Жолдош Салибаев Абдрашит, 1967-жылы Свердлов атындагы орто мектепте мугалим болуп иштей баштаган. 1968-1976-жылдары райондук балдардын музыкалык мектебинде, пионерлер үйүндө жана К.Маркс атындагы орто мектепте директор жана окутуучу болуп иштеген. 1977-жылдан 1980-жылга чейин Кыргызата селосундагы балдардын музыкалык мектебинде директор болуп иштеген. 1980-жылдан 1986-жылга чейин райондук маданият үйүнүн директору болуп иштеген.

Коомдук иштерге жана райондук өздүк-көркөм чыгармачылыгына активдүү катышуу менен бирге бир нече жолу областык жана республикалык кароолордун лауреаты.

Партиянын Ош обкомунун «Ардак Грамотасы» менен сыйланган.

1986-жылдан 1995-жылга чейин «Крупская» орто мектебинде музыка мугалими. 1995-жылдан 2005-жылга чейин Кыргыз-Ата айылдык өкмөтүндө Көтөрмө айылдык маданият үйүнүн директору болуп иштеген.

**Сейитов Аскар**

1942-жылы туулган. 1969-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун маданият агартуу факультетин аяктагандан кийин Ноокат райондук маданият үйүнүн директору болуп, 1972-жылы август айына чейин иштеген. 1972-жылы сентябрдан 1978-жылга чейин райондук балдардын музыкалык мектебинин директору болгон. 1978-1987-жылдары Сузак райондук маданият үйүндө директор, маданият бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. Азыр ардактуу эс алууда.

## ТАЛЫКПАС ӨНӨР

**Таабалды Шашканов**

1952-жылы Ноокат районуна караштуу Бел-Өрүк колхозунун Борбаш айылында төрөлгөн. Ал жаш кезинен музыкага шыктуу болгон. Кааров Акматалиден таалим алган, ал комуз жана мандалин чертүүнү үйрөткөн.

Мектеп жашына чейин эле музыка кружокторуна катышып жүргөн. Ал айыл ичиндеги концерттерге катышып турган. Айыл ичинде өткөрүлүүчү маарakelерде, тойлорго катышып, эл назарына илине баштаган.

1971-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылып кызмат өтөйт. Гитара черткенди өздөштүрөт.

1973-жылы армиядан келип, райондук маданият үйүндө гитарист болуп иштей баштаган. Ал биринчи ирет «Эскерүү» деген ыры менен сахнага чыгат. Кийинчерээк «Апакем», «Классташтарым» деген ырлары жарыкка чыгат. Бул ырлар эл арасына өтө тез тарап кетти.

1974-жылы Фергана шаарындагы techинституттун орус тили жана адабияты факультетине сырттан тапшырат. Мугалимдер жетишсиз болгондуктан ошол эле жылы «Кеңеш» орто мектебине мугалим болуп орношкон.

Балдар бакчасында музыкант, клубда көркөм жетекчи болуп иштеп келди. Ноокат районунда эң алгачкылардан болуп «Кызыл-Өрүк» урма аспаптар ансамблин уюштурган.

Кийинчерээк «Пендени неге жаратат», «Кетем бүгүн аскерге» деген ырларды жараткан.

Акыркы ырлары «Улгайып баратамбы», «Кыздарга» деген ылары сахнада жаңырган.

Бүгүнкү күнү «Кеңеш» орто мектебинде аскерге чейинки даярдык сабагын өтүп келүүдө. Ушуну менен бирге музыка кружогун жетектеп, балдарды талант дүйнөсүнө жетелеп, аларды аттын кашкасындай белгилүү ырчылардын, музыканттардын катарына кошууну максат кылат. Анткени адам бир ирет жаралгандай, талант да бир жолу берилет эмеспи, талантты өстүрүү жана баалоонун өзү чоң милдетти аркалайт. Өнөрдүн түбү океандай терең, аны изилдеп көрсөк миңдеген жылдарды кучагына алып, адамдын жашоосун улам ырахатка айландырып, турмуштун эртеңкисин кызыктуу кылат.

## ЖАШООГО КӨТӨРҮЛГӨН ТЕПКИЧ

**Бекмурза Мурзахматов**

1953-жылы Ноокат районуна караштуу Кыргызата айылында туулган.

Мектеп жашына чейин ата-энесинин колунда тарбия алган.

1971-жылы Карл Маркс атындагы орто мектепти аяктап, ошол эле жылы, Оштогу музыкалык окуу жайында билим алган. Эмгек жолун Тельман атындагы колхоздун маданият үйүндө көркөм жетекчи болуп иштөө менен баштаган.

1982-жылы ушул колхоздо «Дастан» ыр-бий ансамбли уюшулган убакта ансамблде иштеди.

Ошол эле жылы 1982-жылы Киев шаарынын 1500 жылдык маарекесине барып, ал жерден «Дастан» элдик ыр-бий ансамбли үчүнчү орунду жеңип алган.

1987-жылы Москва шаарында өткөрүлгөн Бүткүл Союздук эл чыгармачылыгынын фестивалына катышып лауреат болуп келди.

1986-жылы Ноокат районунда А.Суранов баштаган «Күлкү - ден соолуктун мүлкү» аттуу сатиралык топтун музыкалык жетекчиси болуп эмгектенген.

1992-жылы эл чыгармачылыгы коллективдердин республикалык фестивалына катышып байгелүү орунду ээлеген.

1996-жылы республикалык «Алатоо шаңы» фестивалына катышып ыр-бий ансамблдердин арасында Гран Приз сыйлыгын жеңип алышкан.

2004-жылы райондук маданият бөлүмү Бекмурза Мурзахматовдун эмгегин баалады, ошол жылы маданияттын мыктысы төш белгиси менен сыйланган.

Уркуянын урпактары фольклордук этнографиялык ансамблинин музыкалык жетекчиси болуп иштеп, Ош шаарынын 3000 жылдык маарекесине катышып грамота, диплом менен сыйланган.

2007-жылы элдик театрлардын республикалык кароосынагына Г.Алиеванын «Араңарда башы бош кемпир барбы?» деген комедиясына башкы рольго катышып, маданият министринин грамотасы менен сыйланган.

Азыркы учурда райондук маданият үйүндө хормейстрлик кызматта иштеп келет.

Бекмурза Мурзахматовдун таланты өзгөчө баалуулукка ээ. Ал көптөгөн конкурстарга катышып жеңүүчү сыйлыктардын ээси болуу менен чектелбестен, ал жаш таланттарды дүйнөлүк аренадагы чыгармаларды таанууга үндөп, кишинин ички дүйнөсү ачылбаган сырларга гана бай блбостон, өткөөл убактын сүртүмдөрүн толуктоого муктаждыгын үйрөтүп келет.

## КЕЛЕЧЕК ҮНҮ

**Касымбаев Мухаммед Имарбекович**

1981-жылы Ноокат районуна караштуу Кеңеш айылдык округунун Шаңкол айылында туулган. 1998-жылы Дарысуу орто мектебин аяктаган.

2001-жылы Ош мамлекеттик университетинин искусство факультетине тапшырган.

2006-жылы аталган окуу жайды ийгиликтүү аяктаган.

2008-жылдан баштап Ноокат районунун маданият үйүнө солисттик кызматка кабыл алынган. Ошол эле жылдары

Кеңеш айылдык округунун жаштар комитети болуп дайындалган.

2010-жылдын апрель айынан баштап маданият үйүнүн директору болуп дайындалган. Азыркы күндө аталган мекемеде үзүрлүү эмгектенип келүүдө. Ал Ноокат райондук администрациясынын ардак грамотасы жана райондук кеңештин грамоталары менен сыйланган.

Ал жаш жетектөөчү адис болгонуна карабай өзүнүн милдеттерин так аткарган инсан. Ириде турган ар кандай маданият тармагындагы маселелерди чечүүдө өзүнүн уюштуруучу таланты, жеке индивидуалдык мамилеси менен өзгөлөрдүн назарына илинди.

Искусство дүйнөсү назик нерсе, аны кылдат кароо зарыл. Эгерде адам өнөргө чаңкаса буга кубануу керек, анткени өнөрлүү киши өлбөйт. Адамдын ички дүйнөсү өл-бөйт, ал абстрактуу дүйнөнү кучагына алган күч. Ал матери-алдык дүйнөдөн устун турат. М. Касымбаевдин тандаган жолу талантка салган чыйыр жана катаал жол. Бул жолдо ал мүдүрүлүшү да, бийик көтөрүлүшү да айкын. Анткени адам баласы кемчиликтүү дүйнөдөн кемчиликсиз асылдыкты издеп, анын жартысын толуктап бир улуулукту жараткандай кубанып ары ызаланып жашап, өмүр күлпөтүн сүрүп келет.

М.Касымбаев ошол жашоо шарапатынын башатында таланты менен алектенип келечекте үлкөн эмгек жаратып өз элине тартуулоого далалат кылат.

## БИЛИМ ТАРБИЯСЫ АКЫЛМАНДЫКТАН ЖАРАЛАТ

*Артын кылчайып карай берген*
*адам максатына жетпейт.*

Исмаилов Мурзали Якубович 1972-жылы Бел-Өрүк колхозуна караштуу Кайрагач айылында жарык дүйнөгө келген.

1979-жылы мектеп босогосун аттап, билим дүйнөсүнө эң алгачкы кадамын шилтейт. Ал эми 1989-жылы Кеңеш орто мектебин аяктаган.

1990-жылы Венгриянын Кечкемет шаарындагы Түштүк аскердик бөлүктө кызмат өтөгөн.

1993-жылы Кыргыз-Өзбек Университетинин бухгалтердик учет жана анализ факультетине тапшырып, ийгиликтүү аяктаган.

2000-жылдан бери Ноокат райондук маданият бөлүмүнүн башкы эсепчиси болуп эмгектенип келе жатат.

Үй-бүлөлүү, эки уул, бир кыздын бактылуу атасы. Жолдошу Закирова Анаркан Полотовна медайым болуп иштеп, өз журтуна эмгегин сиңирип келет.

Адамдын тарбиясы билим дүйнөсүнөн агылып чыгып, эмгек талаасына жайылат. Мурзали Исмаилов бир багытка көздөп, максат коштогон даңгыр жолго түштү. Ал маданият бөлүмүнүн эсеп-кысап жагдайын, экономикалык абалын калыбына келтирүүгө жана өздөштүрүүгө өз салымын кошууга умтулуп келген инсан. Маданият тармагынын экономикалык абалы жөнгө салынмайынча, айрым маселелер уюштурулган боюнча ишке ашпай калган көрүнүштөр кездешип турат. Ушул кырдаалда бир учукту колго алып, маданияттын райондогу акыбалына абдан зиректик менен кароо акыбалы пайда болгондугун, адамзатынын материалдык жана руханий

байлыгы паралелдүү түрдө өнүгүшү керек болгон маселе туулгандыгын башкы эсепчи белгилеп өттү.

М.Исмаилов райондун маданият бөлүмүнүн экономикалык тагдыры бир гана жогорку жетекчилердин чечимине көз каранды болбостон, катардагы маданият кызматкерлеринин көтөргөн демилгелерине, тырышчаактыгына байланыштуу экенин жашырган жок. Анткени маданияттын күзгүсү чыныгы эмгектен, чыныгы аракеттен жаркырайт.

**Ураимова Бүбү**

Ош областынын Ноокат районуна караштуу Тельман колхозунун (азыркы Кыргыз-Ата айыл округу) Правда (азыркы Борко) айылында 1953-жылы дыйкандын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Мектеп жашына чейин ата-энесинин колунда тарбияланган.

1960-жылы Ноокат районуна караштуу Киров атындагы сегиз жылдык мектептин 1-классына окууга кирген.

1967-жылы бүткүл союздук Лениндик коммунисттик жаштар союзуна кабыл алынган.

1968-жылы Киров атындагы орто мектептин 8-классын аяктаган. 1970-жылы Ноокат районундагы орто мектептин 10-классын бүтүргөн.

Мектепти аяктагандан кийин Фрунзе шаарындагы Кыргыз республикасынын эсептик башкаруу борборунун окуу комбинатына тапшырып аны 1971-жылы бүтүрүп оператор адистигине ээ болгон.

Ураимова Бүбү өзүнүн алгачкы эмгек жолун азыркы райондук статистика бөлүмүндө оператор болуп иштөө менен эмгек жолун баштаган.

1973-жылдан башкы оператор кызматына которулган.

1978-жылдан райондук маданият бөлүмүндө бухгалтер болуп кабыл алынып ушул мезгилге чейин иштеп келе жатат.

Өз эмгек жолунда жараткан ийгиликтери, эмгек жамаат арасында кадыр-баркы менен бир топ сыйлыктарга ээ болду.

1987-жылы Ош областык маданият башкармасынын Ардак грамотасы менен сыйланган.

2003-жылы 30-октябрда Ош областынын Ноокат

райондук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамоталары менен сыйланган.

Бүбү Ураимованын көп жылдык эмгегинин тажрыйбасын жаштарга үйрөтүп устат катары таанылды.

Маданият бөлүмүнүн коомдук иштерине дагы активдүү катышат. Көп жылдар бою маданият кызматкерлеринин профсоюзунун райондук кеңештин казначейи болуп турду. Анын төрт кызы түрдүү тармактарда эмгектенишет. Өзүнүн күрдөөлдүү эмгек жолунда ийгиликтин жемиштери териле баштады. Б.Ураимова өмүрүнүн аяган чейин өз элине ак эмгеги менен кызмат кылууну ниет кылат.

**Шариза Мырзалиева**

Кыр-Кол селолук советинде 1956-жылы мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган.

1972-жылы орто мектепти аяктагандан кийин айыл чарбасында балдар бакчасында тарбиячы болуп эмгектенген.

Андан соң областык бухгалтериялык окуу жайына кирип билим алган.

1981-жылдан бери райондук маданият бөлүмүндө айлык акыларды эсептөө боюнча эсепчи болуп үзгүлтүксүз иштеп келе жатат. Ал өз милдетин так аткарган адис. Мекемеде өткөрүлүүчү ар кандай иш-чараларга активдүү катышып, өз эмгегинин үзүрүн кийинки муундарга үйрөтүп келет.

Бөлүмдүн эсеп-кысап иштерин өз учурунда так аткарат. Ал эки уул, эки кыздын бактылуу энеси.

Чынында өз эмгегинин үзүрүнүн натыйжасында адам ырахат табат. Эгер адамзаты чыныгы эмгектен бакыт тапса, өзгөлөргө да чыныгы эмгектин таасири жана өзгөчөлүгү жөнүндө айтып бере алат. Ишеним иш аркылуу көрүнөт. Шариза Мырзалиева эмгек жолун маданият тармагына салып, ал жол аркылуу ийгиликке жетип, өзгөлөргө үлгү болорлук из калтырды.

# ТӨРӨБАЙ КУЛАТОВ МУЗЕЙИ

Т.Кулатовдун музейи Төрөбай Кулатовдун 90 жылдык юбилейине карата 1998-жылы уюштурулган. Музейдин ачылышына жергиликтүү калк, тууган-туушкандар, балдары жана аялы салым кошкон.

Бул музейде 300дөн ашык экспонаттар бар. Т.Кулатов атындагы музейде документтер, иш кагаздар, сүрөттөр, өзү колдонгон буюмдар сакталып турат.

Т.Кулатовдун 100 жылдыгы 2008-жылы өткөрүлдү. Музейдин абалы начар болуп кеткендиктен айыл өкмөттүн кичи залына көчүрүлгөн. Анын 100 жылдыгына Кыргыз Республикасынын президенти К.С.Бакиев келди. Музейге компьютер белекке берилди.

Музейдин көрүүчүлөрү күн санап өсүүдө. Бул музей Апшырсай чөлкөмүнөн орун алган. Зарыл болгон тиешелүү экспонаттарды алып келүүгө муктаж. Анткени жергиликтүү элдин үрп-адаты, каада-салты жөнүндөгү маалыматтар аз.

Музей бир гана инсандын наамы үчүн уюшулса да, ал кең масштабдуу деңгээлде Ноокаттын тоолуу аймагында жайгашкан элдин санжырасы, экономикасы, этникалык маданияты жөнүндөгү маалыматтарга чаңкап турат. Кимдир бирөө бул маселени көтөрүп чыкса, Апшырсай жөнүндөгү ачыла элек географиялык жана археологиялык так маалымат ачылып, бул чөлкөм Түштүк кыргыз маданиятынын ордосу болуп калмак.

Т.Кулатов 1908-жылы Жал совхозунун Кызыл-Булак айылында туулган. Ал шахтада эмгектенген адам. Мамлекетке жооптуу кызматтарды аркалап, өз эли үчүн ак эмгегин арнап, адил жолду басып өткөн көрүнүктүү инсандардын бири.

Төрөбай Кулатов 1908-жылы 2-майда Ноокат районунун азыркы Кулатов айыл өкмөтүндөгү (мурдагы Кызыл-Булак) кыштагында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган.

Тогуз жашынан 19 жашына чейин кулактарга жалданып иштеген. 1933-жылдан Жал шахтасында шахта башкармасынын председатели, 1934-жылдан көмүрчүлөр союзунун шахта комитетинин председатели болуп иштеген.

1936-жылда Ош облустук партиялык аткаруу

комитетинин председателинин орун басары, 1938-45-жылдары Кыргыз ССр ЭКСтин башчысы, 1945-жылдан 1978-жылга чейин Кыргыз ССр Жогорку Советинин Президиумунун председателинин орун басары болуп иштеген.

КПССтин 18-20,22,25 сьезддеринин делегаты, 1938-жылдан Кыргызстан КП БКнын бюро мүчөсү болгон.

ССР Жогорку Советинин 1-9 чакырылышынын депутаты. Беш «Ленин» ордени, «Октябрь революциясы» жана башка көптөгөн орден, медалдар менен сыйланган.

## ТАЛАНТ – ШҮҮДҮРҮМДҮҮ ТАҢ

**Казыканова Буажар Сатывалдыевна**

Н.Исанов айыл округунун аялдар кеңешинин төрайымы

Казыканова Буажар Сатывалдыевна 1951-жылы Жалалабат областынын Базар-Коргон районундагы Гава айылында төрөлгөн. Ош айыл-чарба техникумунда 1967-1970-жылдары агрономия бөлүмүндө окуган. Ош Педагогикалык окуу жайынын мектепке чейинки бөлүмүн артыкчылык диплому менен аяктап, ОГПИнин музыка-педагогика факультетинде окуп жогорку билимге ээ болгон. Эмгек жолун 1970-жылы Ноокат Райком Партиясында партучет бөлүмүндө болуу менен баштаган. 1972-жылы №44 жылкы заводунун балдар бакчасына тарбиячы, методист, башчы болуп иштеген. 1994-жылдан баштап Ноокат райондук Балдардын чыгармачылык борборунда кол өнөрчүлүк боюнча «Жез оймок» ийримин жетектеди. Үзүрлүү эмгегинин натыйжасында Бужар Сатывалдыевна төмөнкү сыйлыктарга жетишти: Кыргыз Республикасынын «Эл агартуусунун мыктысы», Туризм тармагына кошкон салымы үчүн дипломдордун, Маданият министирлиги тарабынан уюштурулган райондук, областтык, республикалык, эл аралык кароо-конкурстардын бир нече ирет жеңүүчүсү, «Элдик прикладдык искусствонун чебери», Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн алдындагы туризм боюнча агентигинин «BITF-2007, 2008, 2009» дипломдору, эки жолку Алтын дипломдун ээси. Көп жылдык педагогикалык тармакка өзгөчө сиңирген эмгеги үчүн Кыргыз Республикасынын «Ардак

грамотасы» менен 2005-жылы сыйланган.2008- жылы Германия мамлекетинин Немец-түрк TUDESB институтунун алкыш баракчасын жана Американын RIA экономикалык банкынын ыраазычылык баракчасына ээ болгон. Үй-бүлөлүү. Жети баланын мээримдүү апасы.

## «ДАСТАН» ЭЛДИК ЫР-БИЙ АНСАМБЛИ ЖӨНҮНДӨ

1980-жылы Кыргыз-Ата айылдык кеңешинде маданий-спорттук комплекси түзүлүп, иш жүрүшкөндөн баштап элдик филармонияны түзүү аракети жылдын аягында эле башталган.

Маданий агартуу ишине, өздүк көркөм чыгармачылыгына жана эмгекчилерди идеологиялык саясий-тарбиялоо милдеттерине чоң маани берген ошол мезгилдеги Тельман атындагы колхоздун башкармасынын жетекчиси А.Тажибаев филармонияны түзүү маселесин маданий спорттук комплекстин координациялоочу кеңешине койгон. Эгер ал жетекчи болбогондо бул аракет ишке ашпай калышы мүмкүн эле. Республиканын Маданият министрлиги филармониянын ордуна ыр-бий ансамблин түзүүнү сунуштаган. Ошондуктан ыр-бий ансамблин түзүү иши башталды.

Маданий спорттук комплекстин башкы мекемеси болгон борбордук маданият үйүнүн кызматкерлерине колхоздо ырга, бийге улуттук музыкалык аспаптарда ойногон таланттуу адамдарды тартуу милдеттери жүктөлдү. Таланттуу адамдарды кайра-кайра издөө, айрымдарын ансамблге катыштыруу алардын үй бүлөлүк маселелери бир топ кыйынчылыктарды жаратты. Бир колхоздун аймагында купулга толоорлук ыр бий ансамблин түзүү жеңил иш эмес экендигин турмуш көрсөттү.

Ыр-бий ансамблине бийлерди үйрөтүү жана ансамблди коюу үчүн райондук маданият үйүнүн кызматкери ансамблдерди коюу боюнча тажрыйбасы бар Кубатов Кадыр менен колхоз башкармасынын ортосунда келишим түзүлдү.

Ансамблдин репертуарынын негизин элдик дастан «Ак Саткын», баатырдык эпос «Курманбек», элдик обондор, күүлөр заманбап жана классикалык ырлар түзгөн. Көп үндүү ырлар

жана көп үндүү окопеллалык ансамблдер, хорлор, анын ичинде профессионалдык жамааттар аткаруучу окопеллалык хордук чыгармалар кеңири колдонулган.

Ансамблдин ишине байланышкан уюштуруу иштери, вокалдык ансамблдерди түзүү, хорлорду иштөө маданий социалдык иштер боюнча башкарманын орун басары О.Темиралиевке тапшырылган.

Ыр-бий ансамблинин түзүлүшүнө жалпы мектептердин музыка сабагынын мугалимдери, колхоздун музыкалык мектептеринин мугалимдеринин кошкон салымдары өтө чоң. Ошондой эле элдик дастандарды айтууда, ырларды комуз менен коштоодо, комузчулар ансамблин түзүүдө чоң тажрыйбалуу С.Султанов, К.Ашимов, кыргыздын классикалык жана жаңы ырларды чебер аткарышкан П.Жуманова, У.Эшиева, эпостогу Курманбектин ролун (кейипкерин) жеткире аткарган Э.Токуровдор ыр-бий ансамблинин сапатынын жогору болушуна жигердүү салым кошушкан.



менен изденген Б.Мурзакматов, Х.Мамаев, С.Жамилов, О.Кенжекуловдордун ысымын атоого туура болот.

Чарбанын жетекчиси А.Тажибаев ыр-бий ансамблинин иш аракетин такай көзөмөлдөп жана театралдык реквизиттердин толук болушун тиешелүү адамдарга милдеттендирип турду.

Ыр-бий ансамблинин репертуары иштелип бир нече машыгуудан кийин «Дастан» деген ат коюлуп, 1981-жылдын март айында Республиканын Маданият министрлигинен комиссия келип, ыр бий ансамблди кабыл алды. 1981-жылы Маданият министрлиги колхоздун «Дастан» ыр бийине анын курамындагы «Перизат» аваздык-аспаптык ансамблине «Элдик» деген наам берген.



1982-жылы май айында колхоздун «Дастан» элдик ыр бий ансамблине Маданият министрлиги Киев шаарынын 1500-жылдыгына байланышкан маарекеге катышууга жолдомо берген. Ансамблдин ийгиликтүү катышкандыгы үчүн дипломдор менен сыйланган.

«Дастан» элдик ыр бий ансамбли дайыма даярдыкта жана курамы улам толукталып тургандыктан райондук жана областтык маарекелерге тынымы жок чакырылып турулду. Ансамблдин катышуучулары тамекичилер, механизаторлор, медициналык кызматкерлер, мугалимдер, мектеп окуучулары болгондуктан айрым түйшүктөрдү жаратар эле. Ансамблдин

эң кенже катышуучулары А.Темиров, М.Мырзамдановдор болгон.

«Дастан» элдик ыр бий ансамблинин деңгээлин көтөрүү үчүн О.Темиралиев элдик музыкалык аспаптардын көптөгөн түрлөрүн - элдик жана оркестрдик кыяктар, чоорлор, сыбызгы, чопо-чоорлор, мүйүз-кернейлер, урма-аспаптар: добулбас, кокор-шылдырак, аса-таяк, тай-туяк сыяктуу аспаптарды кеңири пайдаланган. Белгилеп кете турган нерсе ошол мезгилде элдик ыр-бий ансамблдери жогорудагы элдик музыкалык аспаптардын айрымдарын сейрек колдонушар эле. Бул ансамблдин элдик музыкалык аспаптарда ойногон тобун СССР дин Эл артисти А.Жумакматов бир топ машыктырып, Индия мамлекетинин республикабызда өткөрүлгөн маданият күндөрүнө байланыштуу биргелешкен концертине кошкон.

1986-жылы «Дастан» элдик ыр бий ансамблинин репертуары кайра иштелип, республиканын Маданият министрлигинен кайрадан каттоодон өткөн. 1987-жылы колхоздун «Дастан» элдик ыр бий ансамбли министрликтин жолдомосу менен Москвадагы Коломенск корук музейинде уюштурулган республикалар аралык Бүткүл Союздук фольклордук-этнографиялык ансамблдердин фестивалына катышып лауреат болгон. Колхоздун бул чыгармачыл жамааты жөнүндө ошол мезгилдеги «Труд», «Музыкальная жизнь» сыяктуу гезит -журналдарында жакшы пикирдеги макалалар жарыяланган.

## ТАЛАНТ ТАГДЫР БЕЛЕГИ

**Темиралиев Өсөр**

1948-жылы Ноокат районуна караштуу Кыргызата айылында мугалимдин үй бүлөсүндө туулган. 1966-жылы К.Маркс орто мектебин бүтүрүп, ошол эле жылы Ош Мамлекеттик педагогикалык институттагы музыкалык педагогикалык факультетинин маданий -агартуу бөлүмүнө тапшырган.

Эмгек жолун 1968-жылы Ош Мамлекетгик педагогикалык училищасында мугалим (совместитель) болуп баштаган.

Педагогикалык институту 1970-жылы бүтүрүп, ошол эле институтта мугалим болуп иштеген.

1972-жылдан 1977-жылга чейин Ноокат районундагы М.Горький мектеп-интернатында иштеп жатып СССР Эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн катышуучусу болгон. 1977-жылдан 1981-жылга чейин Тельман атындагы колхоздун музыкалык мектебинде мугалим, айылдык маданият үйүнүн директору, 1981-1986-жылдары жогорудагы аталган колхоздо маданий- социалдык иштер боюнча башкарманын орун басары кызматында иштеген.

1981-жылы Ө.Темиралиевдин тикеден -тике катышуусу менен Тельман атындагы колхоздо маданий спорттук комплекс, 1982-жылы ыр-бий ансамбли түзүлүп, Кыргыз ССР Маданият министрлиги тарабынан «Элдик» деген наам берилген. 1982-жылы бул элдик ансамбл. Киев шаарынын 1500 жылдыгына байланышкан көркөм-спорттук мааракеге катышып, диплом менен сыйланган.

1982-жылы СССРдин Маданият министрлигинин, СССРдин Маданият кызматкерлеринин профсоюзунун БКсынын Ардак грамотасы, 1983-жылы СССРдин Маданият министрлигинин жана СССРдин маданият кызматкерлеринин профсоюзунун БКнын «Өздүк көркөм чыгармачылыгында жетишкендиктери үчүн», «Клубдук иштердин мыктысы», деген төш белгилери менен сыйланган. Өздүк көркөм чыгармачылыгын Бүткүл Союздук 1-фестивалынын лауреаты болгон.

1986-жылдан 1995-жылга чейин Ноокат райондук маданият бөлүмүнүн башчысы кызматын аркалаган. 1987-жылы «Дастан» элдик ыр-бий ансамблин Москвадагы Коломенск шаарындагы Бүткүл Союздук фольклордук-этнографиялык ансамблдеринин фестивалына жетектеп барган. Ансамбль фестивалдын лауреаты болгон.

1995-2001-жылдары «Жаз токой» дыйкан чарбасынын башчысы, Кыргызата айылындагы Британиялык «Балдарды коргойлу» Бүткүл Дүйнөлүк фондусунун жардамы менен түзүлгөн бирим комитетинин бизнес ишин жетектейт.

1989-жылы райондук кеңештин депутаты, аткаруу комитетинин, райондук партия комитетинин текшерүү

комиссиясынын мүчөсү болгон. Кыргыз ССР Маданият министрлигинин, КПСС БКнын, Бүткүл Союздук Ленин комсомолунун БКнун, СССР профсоюздар союзунун БКнын Ардак грамотасы менен сыйланган.

2001-жылдын декабрь айынан 2005-жылга чейин Кыргызата айыл өкмөтүнүн башчысы болуп шайланган. Азыркы кезде ардактуу эс алууда. Үй бүлөсүндө алты уул-кызы, бир нече неберелери бар.

## Ноокат райондук айылдык клубдардын тизмеси

| № | Аты-жөнү | Кызмат орду | Айыл округу |
|---|---|---|---|
| 1 | Садиров Жээнбай | директор | Кеңеш а-ө м.ү |
| 2 | Касымов Апсатар | директор | Кыргызата а-ө. Көтөрмө |
| 3 | Паизова Айнура | Усулчу | Кыргызата а-ө. Көтөрмө |
| 4 | Мамашев Төрөбек | директор | Кыргызата а-ө. Борко м.ү |
| 5 | Мадмарова Уринса | директор | Караташ а-ө. Маданият |
| 6 | Абдибашова Батма | директор | Исанов аө-. м.ү |
| 7 | Абдималиков Тимур | Көркөм жетекчи | Исанов а-ө. м.ү |
| 8 | Мырзабаева Гулмира | Директор | Жаңыноокат а-ө м.ү |
| 9 | Токтосинова Абдулахай | Көркөм жетекчи | Жаңыноокат а-ө мү. |
| | | директор | Көкжар а-ө. м.ү. |
| 10 | Иминжанова Базаргүл | директор | Гулистан а-ө. м.ү. |
| | | директор | Көкжар а-ө. м.ү. |
| 11 | Топчубаева Базаргүл | директор | Найман а-ө. м.ү. |
| 12 | Маманов Искендер | директор | Төөлөс а-ө. м.ү. |
| 13 | Жамбилов Алмаз | Көркөм жетекчи | Төөлөс а-ө. м.ү. |
| 14 | Эргешов Талант | директор | Кулатов а-ө. Кожо арык м.ү. |
| 15 | Макышова Саадат | директор | Кулатов а-ө. м.ү. |
| 16 | Копуз оглы Айша | директор | Ынтымак а-ө. м.ү. |
| 17 | Орозбаев Карим | директор | Зулпуев а-ө. м.ү. |
| 18 | Маматалиева Букалча | директор | Көк-жар а-ө. м.ү. |
| 19 | Абдиева Бегай | директор | Кыргызата а-ө. Борко |

## НООКАТЫМ МЕНИН СЫЙМЫГЫМ

Тунуктугу наристенин жүзүндөй,
Көйкөлөт талаа шибер, көчөлөр.
Күлүп турат күн көрүнгөн чыгыштан,
Жайык тоолор, табышмактуу өргөлөр.

Билбейм кайдан келип, кайда барат,
Ноокатымдын ак берметтей сайлары.
Кылайган таңдан эрте ойгонот,
Көзгө сүйкүм, көркөм сулуу жайлары.

Жада калса мага кымбат сезилет,
Ноокатымдын удургуган ак чаңы.
Кирпигимдин учтарына тоңдуруп,
Салса да кыроо, кычыраган аязы.

Жүрөгүмө бир жылуулук орношот,
Жүргөнүмдө алма багын аралап.
Жүзтөмөндөп жыгылайын сыйынып,
Мындай жерди Теңир кантип жаратат.

Мындай жерди Теңир кантип жаратат,
Анын колу кереметпи же улуубу.
Жерибиздин жанар бийик зоолору,
Мага же сүйлөгөнсүп турдубу.

## Мазмуну


Ноокат баяны…………………………………………………….. 3
Тарых адамзатынын өтүмүшү гана эмес, келечеги…….. 13
Маданият артындагы издер…………………………….… 19
Адистин чебердиги………………………………………… 21
Жаркын эмгек жанар тоодо………………………………. 22
Музыка – жан дүйнөнүн азыгы…………………………… 24
Жаштардын устаты………………………………………… 27
Жерибиздин ыр жаңырыгы……………………………… 27
Көңүлгө орногон ыр дүйнө………………………………... 29
Ырдын чыныгы сыры……………………………………… 30
Журтубуздун чыгаан инсандары……………………….. 32
Сахнада тартылган сүртүмдөр....................................... 36
Кылым карыткан таланттар……………………………… 37
Ийгиликтин биринчи кадамы…………………………….. 43
Китеп-рухий казына……………………………………… 45
Музей-тарыхый мурас……………………………………... 50
Баскан из…………………………………………………… 53
Ыр жашоонун дарагы, Музыка – анын бутагы…………. 54
Улуулардан калган мурас………………………………… 57
Уркуянын элеси…………………………………………….. 58
Ноокат райондук борбордук китепкана боюнча………… 60
Музыка – жүрөктүн гүлү, Ыр – акылдын жөлөгү............... 65
Ноокат элинен чыккан маданият
жана кино таланттары…………………………………. 67
Улуу тоого кеткен жол…………………………………….. 73
Мугалим мөмөгө окшош………………………………… 76
Төөлөс – Ноокат аймагынын маданий борбору…………. 77
Музыка дайрасынын бир агымы………………………… 78
Алтымышынчы кадамга карай…………………………… 81
Элдик театр жөнүндө маалымат………………………… 82
Жигердүү өмүр……………………………………………… 85
Талыкпас өнөр……………………………………….. 86
Жашоого көтөрүлгөн тепкич……………………………… 87
Келечек үнү........................................................................... 88

Билим тарбиясы акылмандыктан жаралат………………. 90
Төрөбай Кулатов музейи……………………………………. 93
Талант – шүүдүрүмдүү таң………………………………….. 94
«Дастан» элдик ыр-бий ансамбли жөнүндө……………… 95
Талант тагдыр белеги……………………………………….. 98
Ноокат райондук айылдык клубдардын тизмеси……… 101
Ноокатым менин сыймыгым…………………………….. 102

Ноокат маданиятынын тарыхы жөнүндө

***Кылым улгайткан чыйыр жол***

Редактору: М.Тагаева
Корректору Г.Караева
Тех.редактору: У.Маматалиева

Басууга берилди 15.08.2011. Басууга кол коюлду 11.01.2012
Кагаздын форматы 60Х84 1/16, 6,5 б.т. Буюртма 02, Нускасы 110, Баасы келишим баа

Ош шары, Курманжан датка көчөсү 236